08.10.04-ж.

*Салижан ЖИГИТОВ*

# Жалган жалаалар курманы

***(Илимий-популяр баянат)***

## Молдокасым уулу Рахман Касымов: Кара жумуштан кутулуу жолунда

Атанын жалгыз уулу Рахман бала чагында эки энесинин мээримине бөлөнүп өссө керек. Бирок бул айтылган кеп тек гана божомол. Себеби анын 1921-жылдын мартына чейинки жөн-жайы жөнүндө эч кандай жазылуу маалымат жок. Аны менен бирге өскөн теңтуштары да, тестиер же өспүрүм чагындагы өмүр баянын өз оозунан уккандар да өлүп бүткөн себептүү азыр табыла койбойт.

Кызы Гүлбайрамдын айтуусунча, Рахман жети-сегиз жашынан дин мектебине берилип, окууда өзгөчө зээндүүлүгүн айкындаган экен. Тестиер чагына жеткенде дин китептерин шар окуп, Курандын аят-сүрөөлөрүн кыраатка салып жат айтып, айткандарынын маанисин чагып кыргызча чечмелеп калыптыр. Уккандарды ушундай бөтөнчө жетиктиги менен маашыркантып, "кимдин уулу?" дедиртип суктандырыптыр. Ушундан улам ага көз тийип, катуу сыркоого чалдыгып, араң-араң айыгып кеткен имиш.

Жалгыз уулунун дээринде барын, окууга аябай ынтызарлыгын көргөн Молдокасым анын медреседен таалим-тарбия алышын, "Куранды" жат билген кары (ашкан окумал молдо) болушун, өзүндөй кол эмгеги менен алпурушуп калбай, мээсиндеги билими, оозундагы тили, молдолук баркы менен жеңил оокат кылышын самаса керек. Калыбы, өспүрүм курагына аяк басканча диний таалим алып, кат-сабатын жакшы ачып, окуунун кыныгына кирген Рахман өзү да медреседен окуганга көңүлдөнүп жүргөн сыяктанат.

Бирок 1916-жылкы калаймандын кесепетинен Рахман чала молдо бойдон калат да, Орто Азияда Совет бийлиги орун-очок алып келатканда анын эл арасына тараткан үгүт-насаатынан (мүмкүн, өзбекче, казакча, мезгилдүү советтик басмасөздөн) байлар менен молдолордун эзүүчү таптын өкүлдөрү катары өгөйлөнгөнүн, дин мектептери менен медреселердин жабылып атканын билет, анан динге кызмат кылуу жаатында өзү үчүн дурус келечек жогун түшүнөт. Молдокасым жаңы тиричилигин төрт-беш гектар айдоо жер алып иштетүүдөн баштап, он үч - он төрткө чыккан Рахманды да аргасыз кара жумушка салат. Рахман 1921-жылдын башына чейин өз үйбүлөсүнүн бир жумушчу күчү катары милдет өтөп, дыйканчылык иштери менен иришип жүрөт.

Кат-сабаттуу Рахман ошол учурда коомдо жүрүп жаткан өзгөрүштөргө да кызыга баштаса керек. Учурдагы оозеки жана жазма-басма пропагандадан жаңы өкмөттүн жергиликтүү эмгекчилердин, айрыкча жаштардын өкүлдөрүн таптык эзүүсү жок адилеттүү коом курууга, эл башкаруу иштерине бел чечип катышууга, жаңы ачылган окуу жайларына келип окууга, Кызыл Армиянын катарына кирүүгө чакырып атканын билсе керек. Анан да Совет бийлигине кызмат кыла баштаган жана шаарлардагы окуу жайларында окуган, кызыл аскер болгон кыргыз жигиттеринин европалыктарча же аскерче кийинип, чач коюп, тамеки тартып жүргөнү Рахмандын көзүнө дегеле сонун көрүнүп, кыялын учуруп,

делебесин козгошу мүмкүн. Экинчиден, ал каржалып жер иштетип, кыйналып мал багып, кара жанын карч уруп кара жумуш жасагандан жадагандыр, ушинтип абыгер чегип өмүр өткөрүү перспективасы да аны заарканткандыр? Деги эмнеси болсо да жаңы бийликтин үндөөлөрүнө азгырылган, кыргыз жаштары арасында көзгө көрүнгөн жаңылыктарга сонуркаган, кол эмгегинен кутулуп, акыл эмгеги менен шугулдана баштаган улутташтарындай болсом деп самаган он жети жаштагы (ал 1904-жылы туулган) Рахман 1921-жылдын башында Токмокто курала баштаган Кызыл Армия бөлүгүнө кайрылат да, жашын төрт жылдай чоңойтуп (1900-жылы туулган деп) жаздырып, өз ыктыяры менен кызыл аскер болот. Ал "Төртүнчү кавалерия полку" деген атчандардан куралган кошуундун курамында Чыгыш Бухарада (азыркы Тажикстандын түндүк-батыш тарабында) оргуп чыккан басмачылар кыймылына каршы урушууга кетет.
Рахман кызыл аскер болуп согушка кетерин атасына айтты бекен же андан уруксат алды бекен?
Бул суроого бир жаңсыл жооп табыш кыйын. Бирок жоромолдоп айтса болот. Арийне, өзү ата-энеден жалкы жаралган Молдокасым боконо сөөгү ката элек жалгыз баласын өз ыраазылыгы менен аскерге алдыртмак да эмес, кишилер сөзсүз кырыла турган ажалдуу урушка жөнөтмөк да эмес. Анын үстүнө уулунун сыртка кетиши менен ал үйүндөгү бир жумушчу күчүнөн айрылып, өз чарбасын алдыга жылдыруу жагынан да өксүп калмак. Ушу божомолдор Рахман атасына айтпай ээнбаштанып кавалериялык полк менен кетип калган го деп айтууга өбөлгө берет.
Рахмандын өз ыктыяры менен кызыл аскер болуп согушка кетишине байланыштуу дагы бир кыстырма кеп айтылууга суранып турат.
Эгер 1916-жылы согуш майданына эмес, тылдагы кара жумуштарга мобилизация кылынарда кыргыз жигиттери жаны чыгып коркуп, дүрбөлөң-бунт чыгарса, эми ошондой эле жигиттер Рахманга окшоп өздөрү тиленип-суранып кан майданга кетип атпайбы. Мындан жаңы шарттарда кыргыз жаштарынын аң-сезиминде, психологиясында кескин өзгөрүш болгону, Совет бийлигин падыша бийлигиндей өгөйлөбөстөн, өз бийлиги сыяктуу кабыл ала баштаганы айкын көрүнөт.
Дагы бир айта кетчү нерсе ушул: Рахман аскерге алынганда фамилиясын Молдокасымов эмес, Касымов дедиртип жаздырыптыр. (Баса, 1906-1963-жылдар арасында жашап өткөн белгилүү илимпоз тилчи Жапар Шүкүров да 1920-жылы Бишкектеги жетимканага кабыл алынганда атасынын Байшүкүр деген атынын "бай" деген башкы бөлүгүн алып ыргытып, "Шүкүров" деген фамилия алган экен.) Болжолу, ал кезде советтик пропаганда байлар менен молдолорду тап душмандары деп алакчылай берип, "бай" жана "молдо" сөздөрүнө саясий маани таңуулагандыктан Совет бийлигинин ишенчиликтүү жоокери болсом деп талпынган Рахман Касымов да Жапар Шүкүров сыяктуу эле фамилия аларда атасынын атынын "молдо" дегенин кертип ыргытып койгон шекилди. (Айтмакчы, анын азандагы аты Рахманберди экен, бирок аны тааныган көпчүлүк бул ысымды Рахман деп эле кыскартып айтчу экен. Архивдик документтерде бирде Рахман делсе, бирде Рахманберди делет. Ал өзү адабий чыгармасынын автору катары атынын Рахман деген шекилин колдонуптур.) Р.Касымовдун басмачыларга каршы урушта кантип жүргөнү жөнүндө да колубузда маалыматтар жок. Тек бизге маалымы ушул: ал Чыгыш Бухара фронтунда 1921-жылдын февралынан декабрына чейин (демек, он ай!) калыптыр, анан аякта басмачылар козголоңу күч алып турса да эмнегедир аскерликтен бошотулуптур. Буга эмнелер (ок жеп жараланганбы? Ооруп калганбы? Урушка жарабай койгонбу?) себеп болгону белгисиз. Балким, он жети жашар Рахман тиригарак, сабаттуу, келечектүү

көрүнүп, кайсы бир кыраакы же боорукер командир тарабынан ошо кезде жергиликтүү калктардын жаштары үчүн ачылып аткан окуу жайларынын бирине жөнөтүлгөндүр? Анан ал декабрдын башында Ташкенге келсе, окуу процессинин башталганына үч ай болуп калганы үчүн эмдиги жылы кел" дегендей жооп менен а жылы кабыл алынбагандыр? Мындай божомол курганга анын тогуз ай үйүндө жүрүп, анан 1922-жылы августта Ташкенге барып, Жумушчу-дыйкан коммунисттик университетине кирип алганы негиз берет.
Ташкенде жаңы ачылган Жумушчу-дыйкан университети жогорку окуу жайы эмес, Орто Азия калктарынын аздыр-көптүр таалим алган же чала сабаттуу бойдон калган өкүлдөрүнөн партиялык-өкмөттүк майда кызматкерлерди жетиштирүүчү бир жылдык саясий мектеп эле. Рахман ошо мектепте окуган убагында сабактардан жетишүү, коомдук-саясий иштерге катышуу жагынан активдүүлүк көрсөткөн го, большевиктер партиясынын мүчөлүгүнө кандидат да болот, коммунист жаштардын уюмуна (комсомолго) да кабыл алынат. (Ал учурда бир киши коммунист да, комсомолчу да боло берчү экен).
Р.Касымов 1923-жылдын октябрында Ташкенден окуусун бүтүрүп келет да, ноябрда Токмок болуштук (азыркыча айтканда, райондук) комсомол комитетинин биринчи секретарлыгына дайындалат. Анын саясий карьерасы ушинтип башталат. Анча-мынча жаңыча билим алып, эл башкаруу системасына кирип калышы менен Рахман өмүр бою кажынып кара жумуш жасап өтүү перспективасынан кутулат да, акыл эмгеги менен жашоо багытына түшкөн кыргыз жаштарынын арасынан орун алат.

## Ташы өйдө тоголонгондо

Рахман Касымов 1923-жылдын ноябрынан 1924-жылдын аягына чейин (демек, он төрт ай!) болуштук (райондук) комсомол уюмун башкарып туруп, 1925-жылдын февралында Токмок болуштук милиция бөлүмүнүн начальнигине орунбасар болуп өтүп, ноябрга чейин (тогуз ай!) иштейт. Ошол эле жылдын апрелинде Бүткүл союздук коммунисттер (большевиктер) партиясынын (орусча кыскартылганы - ВКП(б) мүчөлүгүнө кандидаттан анык мүчөлүгүнө көчүрүлөт.
Ушул алгачкы эки кызматын аткарып турганда өзүн борбордогу, округдагы, болуштуктагы партия жетекчилерине ишбилги, ракетчил, кишилерге алымдуу-жугумдуу жаш коммунист катары тааныта алган го, ал 1925-жылдын ноябрында ВКП (б) Фрунзе (Чүй) округдук (азыркычасы - областтык) комитетинин үгүт-насаат бөлүмүнүн башчылыгына көтөрүлөт. Ошол мансап креслосунда бир кыйла узак (жыйырма бир ай!) отуруп, дагы да өзүнүн эмгекчи калктан чыккан, билимин өз алдынча арттырууга шыктуу, жүргөн-турганы жана айткан-дегени орундуу, демек, кадыресе жакшы данектүү, келечектүү улуттук кадр экенин көрсөтсө керек, Рахман 1927-жылдын августунда Москвага, аерде жаңы ачылган элеттик партия кызматкерлерин жетиштирүүчү бир жылдык курска жөнөтүлөт.
Москвадан бир жылдык саясий таалим алып келгенден кийин ал карьера шатысынын жаңы баскычтарына өйдөлөп чыгуу шансына ээ болот. Эми ал саясий чөйрөнүн республикалык деңгээлине секирик жасап, ВКП (б) Кыргыз областтык комитетинин (кыскартылганы - Кыргыз обкому) аппаратына кызматка алынат. (Бир кызык жери: Кыргызстан 1926-жылдын февралынан 1936-жылдын декабрына чейин автономиялуу советтик республика болуп турса да, анын партиялык уюму ВКП (б) Кыргыз обкому (областтык комитети) деген бойдон кала бериптир!
Тактап айтканда, Р.Касымов 1928-жылдын 17-июнунан ВКП(б) Кыргыз обкомунун инструктору, 24-октябрдын Обкомдун Уюштуруу бөлүмүнүн башчысына орунбасар болуп иштейт. Обкомдо беш ай иштетип көргөндөн кийин республиканын саясий лидерлери аны Нарын кантондук партия комитетинин жооптуу (биринчи) секретары

кылып жөнөтөт.
Кантонго биринчи жетекчи болуу Кыргызстандын саясий элитасынын арасына кошулуу, салабаттуу номенклатуралык кадрга айлануу дегенге барабар эле. Ошондуктан ВКП(б) Нарын кантондук комитетинин жооптуу секретары Рахман Касымов ВКП (б) Кыргыз обкомунун да, Кыргызстан эмгекчилер Советинин Борбордук Аткаруу Комитетинин (парламент сыяктуу органдын) да мүчөлүгүнө шайланат.
Р.Касымов жаңы кызматына 1928-жылдын ноябрында киришип, эки жылга жакын (жыйырма ай!) Нарын кантонунун калкына жетекчи болуп турат. Албетте, ал өзүнө караштуу аймакта Совет бийлигинин карапайым эмгекчилерин билимге кооштуруу, тап күрөшүнө зордоп катыштыруу, коллективдүү чарбаларга мажбурлап киргизүү багытындагы саясатын большевикче тартынбай, чечкиндүүлүк менен турмушка ашыруу үчүн жан үрөгөндүр, асыресе эски бай-манаптарды үйбүлөлөрү менен боздотуп, республика чегинен тышкары айдатуу, оокаттуу дыйкандарга оор салыктарды салып, чүнчүтүү же сүргүнгө жөнөтүп какшатуу жагынан башка кантондордун партиялык жетекчилеринен артта калбагандыр. Мындай зомбулук жакын арада эле өзүнүн атасына карата жасалып, ошонун айынан өзү да катуу жабыр тарта турганын ал ушул кампанияны кызуу жүргүзүп жатканда капарына алып да койбосо керек.
Калыбы, ошол мезгилдеги Кыргызстандын борбордук бийлигинде кадрларды тандоо жана жайгаштыруу маселелерин чечип турган жетекчилердин арасында Р.Касымовду жакшы көргөн, кадырлаган, кожосундай колдогон бирөө бар болгон сыяктанат. Анткени 1930-жылдын орто ченинде (кантондук партия комитетинин Жооптуу секретары болгонуна али эки жыл толо электе) Рахманды мансап шатысынын дагы бийигирээк тепкичине секирип чыгаруу далалаты жасалат. Тактап айтсак, 1930-жылдын 9-июлунда ВКП(б) Кыргыз обкомунун Бюросу Кыргызстан эмгекчилер Советинин Борбордук Аткаруу Комитетине жана Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын (АССР) Өкмөтүнө Рахманберди Касымов Соода эл комиссариатынын (министрлигинин) жетекчилеринин бири кылып дайындалсын деген директива жөнөтөт. Андан төрт күн өткөрбөй, 13-июлда Борбордук Аткаруу Комитети Обкомдун директивасына ылайык Кыргыз АССР Эл комиссарлар Совети чыгарган "жолдош Рахманберди Касымов Кыргыз АССРинин Соода эл комиссары болуп дайындалсын" деген токтомду бекитет.
Бирок бу сапар ВКП(б) Кыргыз обкомунун директивасы, Кыргызстан Өкмөтүнүн токтому, Борбордук Аткаруу комитетинин (парламентинин) макулдаганы да аткарылбай калат да, Соода комиссары боло турган Рахман Касымов комиссардын орунбасарлыгына араң дайындалат.
Саясий карьерасында минтип аксап, жолу торолуп, кедери кетишине, андан соң өмүрүнүн өтө драмалуу тилкесине киришине Рахман Касымовдун жеке турмушунда жаза басып мүдүрүлгөнү себепчи болот.

## Өмүрдүн драмалуу тилкесинде

Чамамда 1925-жылы, Токмокто милиция начальнигине орунбасар чагында Рахманды атасы Молдокасым Алчалыга канатташ Бурана айылынын тургуну Дөөмөттүн Таберик аттуу кызына үйлөндүрөт.
Таберик этегинен жалгаган ургаачы чыгып, жыл сайын эки кат боло берет да, 1926-28-жылдар арасында бир уул (Турар), эки кыз (Гүлбайрам, Айнышамал) төрөп жиберет. Тун кызы Гүлбайрамды көз жарар замат эле бала дегенде ак эткенден так эткен эки кайненеси ороп-чулгап айылга алып кетет. Таберик өзү да 1927-жылдан кайнатасынын үйүндө жүрөт. Кенже кызы Айнышамал сегиз айында чарчап калат.
Рахман Бишкекте иштеп, Москвада окуп жүргөндө башка улуттардын шаардык таалим-тарбия алган, жарашыктуу кийинген, жагалданып баскан, жаз-жай айларында бети-башын, колдорун, балтырларын эчтеме менен жашырбай жүргөн кыздарын көрүп суктанып, өз келинчегинин ар тараптан аларга окшошпогонуна көңүлү ирий берди бекен?

Же карьерасынан бат көтөрүлүп көпкөлөң тарткан неме шаардык тилибуруу кыздардын өзүнө кызматташ бирөөнө ашык болуп, аны менен сүйлөшүп, тил табышып, убада бекитип алды бекен? Ким билсин, деги ал Москвадан окуп келгенден кийин айылдык карапайым, чала сабаттуу жаш зайыбын чана баштайт да, Нарынга чоңоюп кеткенде өзү менен кошо алып кетпейт. 1929-жылы Таберикти алыстан үч байын талак кылып, төркүнүнө жеткиртип салат.
Арийне, совет доорунун башынан аягына чейин сүргөн салт боюнча балдары бар аялын таштап кеткен партия кызматкери партиялык катуу жаза алып, мансап ордунан төмөнгө түшүрүлчү же таптакыр бошотулчу. Ушундай жазалардан корккон чоң-кичине өкмөтчүлөр (чиновниктер) балалуу аялдары менен ит-мышыктай жашаса да ажырашып кете алчу эмес.
Жаңыдан эле мансап шатысынан өйдөлөп бараткан Рахмандын жазаланып же кызматтан айдалып каламбы деп чочулабастан, эки бала төрөп берген келинчегин шарт кое бергени табышмактуу бир жорук.
Эринин өзүн билимсиз, маданиятсыз дегенсип чанып кеткенине аябай арданганбы же бир туугандарынын кесе айтканына айласыз баш ийгенби, айтор, Таберик төркүнүнө жеткирилер замат эки баласын кайнатасынын үйүнөн албай аманат калтырып, шаарга окуганы кетип калыптыр. Ошону менен ал пенсияга чыкканча балдарынан эч кабар албаптыр.
Айып өзүндө да бар белем, Таберик өзүн чанып айдап ийген күйөөсүн партиялык жазага кириптер кылуу, карьерадан аксатуу, кынына кайра киргизүү максатын көздөп анын үстүнөн партиялык уюмдарга арыздар жазбаптыр. Ушундан уламбы же башка себептенби, эки бала төрөп берген аялын талак кылганы үчүн Рахман эч кандай жаза албаптыр. Кийинчерээк ага партиялык жазалар берилгенин маалымдаган документтердин биринде да эки балалуу келинчегин кое бергендиги анын күнөөсү катары эскерилбептир.
Баса, Дөөмөт кызы Таберик ажырашып кеткенден кийин да мурдагы күйөөсүнүн фамилиясынан отказ кылбай, өмүр бою Касымова бойдон кала бериптир.
Бирок Табериктин бир тууган агасы Дөөмөтов Молдогазы карындашын Рахмандын кое бергенине бир чети арданып, бир чети жаалданып карарса керек, салбар калтырылган карындашынын өчүн алуу үчүн Рахмандын үстүнөн жогорку партиялык-өкмөттүк инстанцияларга арыздар жаадыра баштайт.
1929-жылдын май айында Рахман Касымов Бишкектен Нарынга кетип баратып тууган айылы Алчалыга кайрылат да, атасынын үйүнө айылдын коммунисттерин жана комсомолчуларын чогултат. Келгендерди коноктоп отуруп, ал жакында партиядан "жат элемент" дегендерди тазалоо өнөктүгү башталарын айтат. Мындай кампаниялар жүргүзүлгөндө айылдык кыргыз чөйрөсүндө жарма таарыныч, араздашуу, көрө албастык негизинде өз ара жамандашуу, обу жок жаакташуу, бирин бири чалып жыгуу өнөкөттөрү калкып чыгарын жакшы билген Рахман айылдаштарына мындай маанидеги кеңеш берет: "Партиядан тазалоо жүргөндө бири бириңерге ач кенедей асылып, жалаа жаап, жамандык кылбагыла, ынтымактуу болбосоңор, кээ бирөөңөр партиядан да, комсомолдон да чыгып каласыңар".
Ошондо коноктолгондордун ичинде Рахманга пейли түз эмес Дыйканбаев, Курмашев дегендер бар экен. Алар айылдаш жалгыз үйлүү кыпчактын кечээ эле куду өздөрүндөй мал багып, эгин эгип жүргөн баласынын аскерге жулунуп барып, анан окуп, кадыресе чоң өкмөтчү даражасына көтөрүлүп кеткенин көрө албай, ичи тардык дартына чалдыккан немелер окшойт, ошол отурушта Рахмандын оозунан уккандарын Дөөмөтов Молдогазыга жеткирет. Мурдагы күйөө баласынан салбар калтырылган карындашынын өчүн алууга чындап чыгынган Молдогазы жооптуу партия кызматкери Р.Касымов атасынын үйүндө айылдаш коммунисттерге жана комсомолчуларга аш-тамак, арак-шарап берип, боло турган партиялык тазалоого байланыштуу тескери кеңештер айтты деген айгаккат (донос) жазып, ВКП (б) Кыргыз обкомунун Контролдоо комиссиясына жөнөтөт.
Контролдоо комиссиясы өз кезегинде Молдогазы Дөөмөтовдун жазгандарынын жалган-

чынын териштиргиле деп Чүй (Токмок) райондук партия комитетине жашырын көрсөтмө жолдойт. Териштирүү убагында Рахмандын алиги отурушта партиядан тазалоого тиешелүү айткандарын эшиткендердин бир даары андай кеп-сөздүн айтылбаганын билдирет, бир даары эчтеме билбегенин айтып жалтактайт, тек баягы эки киши гана ошол отурушта Рахмандын оозунан тескери үгүттөр чыкканын ырастайт. Молдогазынын айгаккатында жазылгандар бир ооздон ырасталбагандыктан текшерүүчүлөр бир жаңсыл тыянакка келе албай, арсар абалда калып, түшүндүрмөлөр берсин деп Рахманды чакыртса, ал келбей коет. Саясат майданында ташы өйдө тоголонуп, арааны жүрүп турган эргул беймаал ыксыз эрдемсип, үстүнөн жазылган айгаккатка анча маани бербей тоңмоюндук көрсөткөн шекилди. Экинчиден, атасынын үйүндөгү жанагы отурушка катышкандардын көпчүлүгү ошондо өзүнүн айткандарын ырастабай койгону да анын курбекер кыйынсып кесирленишине себеп болсо керек.
Токмок партия комитети дайындаган текшерүүчүлөр өздөрү атайын чакыртса, Р.Касымовдун текеберленип келбегенин ВКП (б) Кыргыз обкомунун Контролдоо комиссиясына билдирет. Бу Комиссия айылдагы коммунисттерге жана комсомолчуларга партиядан тазалоо кампаниясына байланыштуу тескери үгүт айтканы үчүн эмес, райондук текшерүү комиссиясын обу жок тоотпой койгондугу үчүн Рахман Касымовго партиялык сөгүш жарыялайт.
Баса, анын Соода комиссары болбой калганына ушул сөгүш жана үстүнөн жазылган айгаккат саясий чөйрөдө имиш-имиштер туудуруп, кесепетин тийгизген болуу керек. Айгаккаты менен мурдагы күйөө баласын жазаландырып да, мүдүрүлтүп да койгонуна шерденген Молдогазы Дөөмөтов эми анын атасы Молдокасымды "кулак" (жалданма жумушчу күчүнөн пайдаланып байыган дөөлөттүү дыйкан) деп көө жабуу менен жазага тарттырып, уулу Рахманды "кой терисин жамынган бөрү" (социалдык тек-жайы бузук өкмөтчү) атантып коюу максатын көздөп аракетке киришет.
Жашынан жакшы жашоого шыктуу Молдокасым СССРде жер-суу реформасы жүзөгө ашырылып, жаңы экономикалык саясат (НЭП) жүргүзүлүп, жеке менчик ишканалардын, соода-сатык жана тамак-аш жайларынын, айылдык чарбалардын эркин иштешине уруксат берилип турган чакта өзүнүн жана эки аялынын адал эмгеги менен, ошондой эле өкмөтчү уулунун акчалай жардамы менен мал-мүлк жагынан бир далай ирденип алат. Маселен, ал 1929-жылы жылкы тукумунан 12 баш, уйдукунан 8 баш, койдукунан 95 баш малга жетиниптир. Арбын малдуу, аз бүлөлүү Молдокасым 1926-жылы алты ай, 1927-жылы беш ай, 1929-жылы жети ай бирден падачы да жалдап ийген экен.
Ал 1929-жылы "Жерди шериктетип иштетүү" деген кооперативге кирет, кооператив 1930-жылы колхозго (ортоктошкон чарбага) айландырылганда колхозчу болот.
Бирок көшөрүп өч алуу жолуна түшкөн Молдогазы Дөөмөтов колхоздун кембагал мүчөлөрүн мурдагы кудасына каршы козута баштайт. Анын тукуруусу менен Бурана айылдык советине караштуу Жарды-жалчылар тобу **1930-жылы 7-январда** чогулуш өткөрүп, Молдокасымды ашыра оокаттуу кожолуктун башчысы деп колхоздон чыгарат, ошону менен бирге аны мамлекетке 174 пуд **(2 тонна 784 кг)** эт, 50 пуд **(800 кг)** эгин, эки-үч центнер беде уругун тапшырууга, Балыкчы шаарчасына казыналык жүктөрдү улоо менен жеткиртүүгө, очойто салынган айыл чарба жана камсыздоо салыктарын төлөөгө милдеттендирет. Демек, Молдокасым Кожогелди уулу кулак катары айыпка жыгылат. Атасы кулакка тартылса, өзүнүн социалдык теги кескин өзгөрөрүн билип чочулаган Рахман Молдокасымды андай оор жазадан сактап калуу айласын издеп айылына чапкылап бара берет. Айылдык колхозчулардын оор басымдуусу элеттик кыргызча психологиялуу болгондуктан бийик мансаптуу Рахманды кантсе да өз кулунубуз деп сыйласа керек, эч кимге зыянын тийгизбей тың тиричилик өткөрүп аткан Молдокасымды деле анча жаман көрбөсө керек. Ошондуктан колхозчулардын түз пейилдүү көпчүлүгү Рахмандын өтүнүчүн эки кылбай, атасынын арызы боюнча 1925-жылы 25-февралда жалпы чогулуш чакырып, Молдокасым колхоз мүчөсү бойдон калтырылсын, Жарды-жалчы тобунун ага очойгон салык-төлөмдөр жүктөгөнү мыйзамсыз деп табылсын деген чечим чыгарат.

Ушундан улам Молдокасымды кулакка тарттырып шорлоткусу келген Жарды-жалчылар тобу (колхозчулардын экстремист азчылыгы) менен радикалдыгы жок колхоз мүчөлөрүнүн арасында кыйыр түрдө чамынып качырган Молдогазы Дөөмөтов менен жанталашып коргонгон Рахман Молдокасым уулунун арасында эрегиш башталат.
**1931-жылдын 5-мартында** дагы да Молдогазы тукурган Жарды-жалчылар тобу жыйналыш жасап, Молдокасым Кожогелдиев колхоздон чыгарылсын, мойнуна илинген тапшырмаларды орундасын деген мурдагы чечимин кайра тастыктап, ага баштагысынан оорураак экинчи тапшырма берилсин деген кошумча чечим кабыл алат.
Көпчүлүк колхозчулар буга жооп кылып **1931-жылы 14-мартта** дагы чогулуш чакырып, Молдокасым Кожогелдиевдин 1926-жылга чейин жарыбай эле келгенин, андан кийин гана ак эмгеги менен ирдене баштаганын, сыркоолоп калганынан жана үйүндө ишке жарамдуу эркек бүлөсү жогунан анча-мынча жалданма жумушчу күчүнөн пайдаланып ийгенин баса белгилеп, аны орто дыйкан катары колхоздун мүчөсү бойдон калтырылсын деген жаңы чечим чыгарат, ошондой эле бу чечимге аз кишилүү Жарды-чалчылар тобунун Молдокасымды мыйзамсыз колхоздон четтеткенине, кайра-кайра оор тапшырмалар аткарууга кириптер кылганына карата тиешелүү чаралар көрүү жагы Эмгекчилер Советинин Чүй (Токмок) райондук Аткаруу комитетинен (кыскартылганы - райатком) жана райондук Колхоздор бирлигинен суралсын деген кошумча пункт учкаштырылат.
Эрегиш ого бетер өчүктүргөн М.Дөөмөтов Эмгекчилер Советинин Чүй райаткомуна Бурана айылынын Жарды-жалчылар тобу Молдогазы Кожогелдиевди кулак катары колхоздон чыгарып, катуу мамлекеттик тапшырмаларды аткарууга милдеттендирсе, анын өкмөтчү уулу Рахман чиновниктик кадыр-баркын жана бал тилин колдонуп өз айылындагы саясий жактан баео колхозчуларга атасын корготуп атат дегендей мазмундагы арыз жолдойт.
Өз кезегинде Рахман да атасынын кулак эмес, жаңы этномикалык саясат жүрүп турган убакта орто дыйкан абалына жеткен эмгекчи киши экенин, аны кулак деп жаманатты кылуу аракети мурдагы кудасы (уулу кое берген келининин агасы) Дөөмөтов Молдогазы тарабынан кыянаттык менен жасалып атканын түшүндүргөн актануу катын Чүй районунун жетекчилерине жиберет.
Эмгекчилер Советинин Чүй райаткому жана Колхоздор Бирлиги кошмо жыйынында Молдокасымды кулакка тартуу жөнүндөгү Жарды-жалчылар тобунун чечимдерин колдоп, көпчүлүк колхозчулардын аны колхоз мүчөсү катары калтыруу жөнүндөгү чечимдерин четке кагат.
Ушундан улам Молдокасым өзүнө таңууланган тапшырмаларды аткарууга аргасыз болот да, **1931-жылдын апрелине** чейин мойнуна салынган 2 тонна 784 кг эттин жана 800 кг эгиндин эсебине мамлекетке он беш кой, бир уй, бир ат өткөрөт, базардан сатып алып 400 кило буудай, 176 кило жүгөрү, 832 кило орулган беде төгүп берет, очойто салынган салыктарын төлөйт. Албетте, бул төлөм-төгүмдөр Молдокасымга өчөштүк менен таңууланган тапшырмалардын үчтөн бир көлөмүн да каптабай калат.
Тапшырмаларды аткарам деп адалдан тапкан малын түгөтүп мукураган Молдокасым уулунун шилтөөсү менен райондук партия комитетине арыз жазат. Арызында ал өзүнүн мурда кедей эле болгонун, Совет бийлиги келгенден кийин гана бир аз ирденгенин, колхозго өз ыктыяры менен киргенин, бирок айылдык Жарды-жалчылар тобу өзүн кулак деп жарыялап, оңбогондой оор тапшырмалар таңуулаганын, аларды орундатам деп атып итке минип калганын баяндайт, анан да өзүн айыл кедейлерине кодулатып какшаткан киши мурдагы кудасы Дөөмөтов Молдогазы экенин, ал мындай кыянаттыкка бир тууган карындашынын Рахман тарабынан кое берилгенине намыстангандан же ызалангандан барып жатканын маалымдайт, акырында өзүнүн чаташкан ишинин калыс текшерилишин суранат.
Атасын орто дыйкан дедиртип чечим чыгартуу үмүтүнө жетеленген Рахман да Токмокко келип, райондук жетекчилерден атасына кайрымдуу мамиле жасалышын өтүнөт, аларга жакшы санаалаш кадырлуу тааныштарынан ортомчулар да салып жиберет.

Бирок кекенген Молдогазынын токмогу күчтүүлүк кылган белем, партиянын Чүй райкому өз Бюросунун **1931-жылы 3-апрелде** өткөн жыйынында Бурана айылынын Жарды-жалчылар тобунун, Чүй райаткомунун, райондук Колхоздор Бирлигинин мурдагы чечимдерин туура деп таап, Кожогелдиев Молдокасымдын үй чарбасын типтүү кулак чарбасы деген бүтүм чыгарат, ВКП (б) Кыргыз обкомуна Соода комиссарынын орунбасары Рахман Касымов атасын актап калуу үчүн аны жазалоо иштерине кийлигишүүдө деген кабар жөнөтөт.
Райком Бюросунун бүтүмүнө ылайык Молдокасым мал-мүлкү конфискацияланууу менен өз айылынан башка жерге көчүрүлүүгө тийиш эле. Антилгиче болбой Молдогазы тукурган айылдык Жарды-жалчылар тобу биз мойнуна жүктөгөн тапшырмаларды толук орундатпай койду деп Молдокасымдын ишин сотко ашырат. Чүй райондук соту эмнегедир Кожогелдиев Молдокасым кулак катары сүргүнгө айдалсын деп өзүнөн өзү суранып турган өкүмдү чыгарбай, берилген тапшырмаларды аткарбай саботаж кылды деген мотировка менен аны беш жылдык түрмө камагына кесип жиберет.
Бул жазалоо жанын жанга уруп иштеп, тыңыраак тиричилик өткөрүп келаткан момун дыйкандарга карата ошол кезде жасалган шумдуктуу адилетсиздиктердин бири эле, чиркин!
Албетте, райондук соттун ырайымсыз өкүмү Молдокасымды сары убайымга чөктүрүп, эки аялын эсеңгиретип тим калбастан, Рахмандын да жанын кашайтат. Эми ал жөн эле кулактын эмес, саботажчы кулактын баласы катары өгөйлөнүшү мүмкүн эле. Ушундай перспективадан корккконунан ал кулакка тартылган атасынан биротоло кол үзгөнүн адегенде республиканын партиялык жетекчилерине оозеки айтып, анан Обкомдун Контролдоо комиссиясына жазуу түрүндө билдирет. Карьера күйгүлтүгүнүн айынан анын өз атасынан кечип ийгени большевикчил салттарга маш түшүп, эске алынды белем, партиялык-өкмөттүк элита арасында аны азыркы кызматынан тайдыруу маселеси козголгон жок.
Бирөөдөн ооматы кача баштаганда анын башына кырсыктар жалгыздап келбейт эмеспи. Келинчегин кое бергендин айынан будаланып мүшкүл тартып аткан маалда Рахман дагы бир балээге дуушар болот.
ВКП (б) Кыргыз обкому 1930-жылы июлда мамлекеттик муктаждыктар үчүн калайык-калктан эгин, пахта кебези жыйналсын деген буйрук чыгарып, райондорго тапшырмалар берет. Бул тапшырмалар а кездеги адатка ылайык аткарылбай тургандай опсуз чоң өлчөмдө белгиленет. Ошондуктан Обкомго көп өтпөй райондордон берилген пландардын аткарылышы мүмкүн эмес экенин маалымдаган сигналдар келе баштайт. Маселен, Чүй өрөөнүндөгү Калинин (азыркы Жайыл) районунун партком Бюросу 1930-жылы 10-сентябрда өткөн жыйынында элден эгин топтоо боюнча районго аткарылышы мүмкүн болбогон көлөмдө тапшырмалар берилген деген токтом кабыл алып, Обкомго жөнөтөт. Буга ишене бербеген Обком жетекчилери ошол эле сентябрь айынын аягында Соода комиссарынын орунбасары Рахман Касымовду Калинин районуна партия эмиссары (уполномоченныйы) кылып жиберет.
Ошол учурда айыл-кыштактарда жеке менчик кожолуктарды зордоп орток чарбаларга айландыруу процесси башталып, дыйкандар төрт түлүк малын колхозго бекер өткөргүсү келбей союп-кырып, эгин-тегинин ороолорго салып катып турган эле. Бир жактан кургакчылык эгилген аштыктарды түшүмдөн өксүтүп, эл арасын каатчылык аралай баштаган эле. Булар аз келгенсип, өкмөт үстөккө-босток салыктар төлөтө берип колунда мал, эгини бар дыйкандарды жакырлантып салган эле. Анан да олдоксон колхоздоштуруудан, жуттан, кургакчылыктан Казакстанда ачарчылык күч алып, көп сандаган казактар Кыргызстанга, айрыкча Чүй өрөөнүнө каптап кирип, биердин калкынын ансыз деле оор абалын ого бетер кыйындатып аткан эле.
ВКП (б) Кыргыз обкомунун эмиссары сыпатында жөнөтүлгөн Р.Касымов Калинин районунда **1930-жылдын октябрынан 1931-жылдын январынын ортосуна** чейин жүрөт. Райондун жетекчилери жана айылдардын аткаминерлери менен бирге үч ай

чапкылап жан үрөсө да, элден эгин топтоо планы жарым-жартылай да орундалбайт. Мунун себебин билип келиш үчүн Обкомдун инструктору Кузнецов деген жиберилет. Ал өзү бөрк ал десе баш алганга көнгөн большевик окшобойбу, калктан аштык топтоо ишинин жүрүшүн үстүрт байкап көрүп, **1931-жылы 18-январда** райондун коммунисттеринин конференциясын өткөрөт. Конференциянын токтомунда Калинин районунда элден эгин, салыктар өндүрүү боюнча таптык линия сакталбаганы баса белгиленет, байларга жана орто дыйкандарга кошумча салыктар салынсын, салыктарды төлөбөй кыйыктангандар катуу жазага тартылсын деген пункттар жазылып, аягында мындай пункт кошулат: **"Иш-аракетинде оңчул оппортунизмге жол берип, кулактарга начар кысым жасагандыгы үчүн жолдош Р.Касымовдун райондон кайра чакыртылып алынышы ВКП (б) Кыргыз обкомунан суралсын".**
Албетте, Обком Рахманды Калинин районунан чакырып алат да, 1931-жылы 17-февралда өткөн Бюро жыйынында партиялык тапшырманы аткара албай койгону үчүн ага кандай жаза берилерин караштырып көрүү жагын Контролдоо комиссиясына ыйгарат. Контролдоо комиссиясына ансыз деле мурдараак Р.Касымов атасынын кулакка тартылышына тоскоол кылууда, соттолушуна кийлигишүүдө деген, атүгүл эки баласын "жат элемент" атасынын тарбиясына таштап коюуда деген айгаккаттар түшкөн эле. Контролдоо комиссиясы даярдаган материалдардын негизинде Кыргыз обкомунун коллегиясы **1931-жылы 29-апрелде** Рахман Касымовдун персоналык ишин карап, ага "кулакка тартылуучу атасынын ишине кийлигишкени жана балдарын ошол атасына тарбиялатып койгону үчүн" деген формулировка менен партиялык сөгүш жарыялайт. Ушундай чечимдин аягына төмөнкүдөй сестендирүүчү эскертме жалганат: **"Эгер тез арада балдарын жана апасын атасынын карамагынан өз карамагына албаса, жолдош Касымовдун партия катарында жүрүшү жөнүндөгү маселе ВКП (б) Кыргыз обкомунда экинчи жолу каралсын".**
Бул жарыяланган сөгүштүн формулировкасы калаты-кызык: аталган жазаны Р.Касымов Калинин районуна партия эмиссары болуп барганда кетирген "кемчиликтери" үчүн эмес, атасы "кулак", "саботажчы" делип камалган соң анын социалдык теги өзгөргөнү ( эзүүчү таптын өкүлүнө айланганы) үчүн эмес, атасы камаларда анын ишине кийлигишип, анан да балдарын атасынын үйүнө таштап койгону үчүн алат!
Ошентип, 1931-жылдын январь-апрель айларынын аралыгында Рахмандын башына кырсык соккулары үстү үстүнө урулуп, күйгүлтүгүн аябай арттырат. Айтса-айтпаса, өзүнүн кесирленип катын чанганынын айынан байкуш атасы мал-мүлкүнөн кол жууп, көп ит талаган көк иттин кейпин кийип, акыры түрмөгө түшпөдүбү! Адалдуудан түгү жок калган ата үйүндө багар-көрөр кишисин камакка жулдуруп мүңкүрөгөн эки энеси эки балапан небереси менен отурбайбы! Өзү болсо атасынын кулакка тартылышы менен партиядагы "жат элементке", партиялык сөгүш алышы менен саясат жаатында келечеги жок кишиге айланбадыбы!
Эми саясий карьерадан өйдөлөй албасы бышык. Азыркы креслосунда отура берери, атүгүл мамлекеттик башкаруу системасында калып калары да күмөндүү. Эгер бу системадан четтетилсе, кандай жумуш жасашы мүмкүн? Партиялык-өкмөттүк кызматтардан башка иш кылып көргөн эмес. Жогорку түгүл, орто билими жок, акыл эмгеги алкагындагы турмушка керектүү бир кесиби жок. Кызматынан айдалса, эки апасын, эки баласын, жакында үйлөнгөн эки кат келинчегин кантип багып кетет, түрмөдө телмирип жаткан атасына кантип каралашат? Же жалгыз башына минтип миң мүшкүл турганда жөлөк-тирек болчу жакын туугандары болсочу!
Бир жылдан ашуун күйкөлөктөп бейпайда жүргөндөн нервин бошотуп, ашказан ооруларын арттырып, саламаттыгын начарлаткан Рахман атасынын жазыксыз камалганынан, өзүнүн катуу жаза алганынан, көп бүлө багуу машакатына капталганынан улам эми сары убайымга батып, кыйпычыктап кооптонуп, депрессияга тушугат. Азырынча ээлеген кызмат ордунда козголбой отуруп атса да, кишилик тагдырынын туюкка келип такалганын туюнат, ушундан кантип чыгарын ойлоп баш катырат.

Рахман Касымов ушинтип күйүткө, көңүлчөктүгө, сыркоого чалдыгып, дүмөктүү келечегинен кыпылдап кооптонуп, чарасыздык алкагында чайналып жүргөндө капыстан түндүгүнөн кут түшкөнсүп, алдынан бир шанс (бурсат) ачыла калат.

## Туюктан жол ачылганда

Кыргыздан чыккан туңгуч интеллигенттер үчүн өздөрүнө ылайык жубай табуу кадыресе татаал проблема болгон. Алар шаардык таалим-тарбия көрбөгөн айылдык кыздарды анча теңсине берген эмес. Анын үстүнө элеттик кыргыздар өңдүү-түстүү кыздарын калың төлөмөйүнчө эрге узатпайт да болчу. Ал эми туңгуч интеллигенттерибиздин көпчүлүгүндө калың төлөгүдөй ал да жок эле.
Ал убакта орус аттуунун дээрлик бардыгы жалпы эле кыргыздарга өйдөтөн текеберирээк карагандыктан чала-чарпыт маданиятташкан кыргыз жигиттерин шаардык орус кыздар тоотпосо деле керек. Дин, тил, үрп-адат жагынан айырмачылыктар кыргыз жигиттери менен орус кыздарынын үйлөнүшүнө тоскоол кылгандыр. Деги кандай болсо да 1920-30-жылдары кыргыз билимдүүлөрүнүн орус кыздарынан алгандары жокко эсе же бирин-серин.
Анткен менен ал кезде татар кыздарга үйлөнгөн кыргыздар бир кыйла көп. Мунун себептери, сомолоп айтканда, төмөнкүдөй.
Россия империясына каратылгандан кийин Кыргызстанга көп татар көчүп келип, жаңыдан түптөлө баштаган шаарларга отурукташкан, көпчүлүгү негизинен сооданын аркасы менен байып алган. Татар үйбүлөлөрү ата-баба салттарын таштабай, дайыма көп балалуу болгон, балдарынын эркектерин гана эмес, кыздарын да татарча дин же жадид мектептерине, орусча прогимназияларга же гимназияларга берип окуткан.
Совет доору келгенде, кат-сабаттуу болгондуктан, татар кыздар Кыргызстандын эл башкаруу мекемелеринде иштей баштаган. Албетте, алар ак саргыл, көгүлтүр көз гөзөл өң-түсү менен гана эмес, европалыктарча жарашыктуу кийингени, тарбиялуу жорук-жосуну, орусча билгени менен да бирге иштешкен кыргыз жигиттерин өзүнө тарткандыр. Экинчиден, дин, тил, салт каргашалары алдын торобогондуктан татар кыздар мансаптуу кыргыз жигиттерине анча каадаланбай, бааланбай тие берген экен.
Атасы эртерээк үйлөндүрүп койгон Рахман Касымов Бишкекте иштеп жүргөндө өңү-түсү көзгө жагымдуу, жүргөн-турганы маданияттуу, сүйлөгөнү таттуу бойдок татар кыздарын, ошондой эле кыргыз интеллигенттеринин кыргыз тилин, салтын тез өздөштүргөн суйкайган сулуу татар келинчектерин көрүп, ошолорго көз кызартып, "менин да татардан жарым болсо" дегендей кыялданып тилек кылгандыр. Балким, ал ошондой кыял-тилегинен улам эки перзент төрөп берген Таберекти кое бергендир?
Айтор, кантсе да Рахман коомдук ал-абалы кыйчалыштай баштаган 1930-жылы Кашифа аттуу 22 жаштагы татар кызына үйлөнөт. Кашифа Россиянын Тверь шаарына барып, Рабфак (рабочий факультет - ишчилер факультети) деген карапайым эмгекчи калктын улан-кыздарын жогорку окуу жайларына кириш үчүн даярдай турган бир-эки жылдык окууну бүтүрүп келген экен.
Кашифанын Шафика аттуу эжеси Ленинградга окуганы барып, Езер Львович Груздиев-Радин деген профессор еврейге тийип кетиптир. Езер Львович СССР Илимдер академиясынын Ленинграддагы канатында кадрлар бөлүмүнүн башчысына орунбасар, Аскер академиясында партия тарыхын окуткан профессор болуп иштейт экен, башка окуу жайларында дарс берген кадырлуу билим адамы экен.
1931-жылдын жай айларында Е.Л.Груздиев-Радин келинчеги Шафиканын төркүндөрүнө учурашканы, ызат көрсөткөнү Бишкекке келет. Ал бажасы Рахман менен таанышып, анын саясий жактан жыдып, моралдык жактан чүнчүп, бушаймандуу арсар абалда жүргөнүн билет да, ага жогорку билим алып, кандайдыр бир кесиптин ээси бол дегендей акыл айтат, Ленинградга Кашифа менен бирге барса, экөөнүн тең окууга киришине жардам кыларын билдирет.

Эмне кыларын билбей абдырап турган Рахман алдында ушундай перспектива да барына кудундап сүйүнүп кетет да, республиканын партиялык жетекчилерине өзүнүн Ленинграддагы Коммунисттик университетке окуп келиш үчүн жөнөтүлүшүн суранып кайрылат. Ал жетекчилер атасы кулакка тартылган соң социалдык ата-теги өзгөргөн, партиялык катуу жаза алган, кызматтан түшүрүлүүгө кандидат болуп турган Р.Касымовду анча деле жаман көрбөсө керек, анан ал окууга баруу тилегин билдиргенде, аны кайсы жумушка жылдырарын билбей турган жетекчилер дагы бир баш оорудан кутулат экенбиз деп сүйүнүп да кетсе керек. Бирок алар партиялык сөгүш алган, алган сөгүшү партияга мүчөлүгүн тастыктаган документтерде жазылып турган коммунистке Коммунисттик университетке кириш үчүн жолдомо кат бере алмак эмес. Ошол себептүү ВКП(б) Кыргыз обкомунан Рахманга Ленинград Чыгыш институтуна кабыл алынсын деген маанидеги жолдомо кат берилет.
1931-жылы августта Рахман боюнда бар келинчеги Кашифаны гана эмес, өз апасы Бурулду, алты жашар кызы Гүлбайрамды, беш жашар уулу Турарды кошо алып Ленинградга кирип келет. Себеби ага сөгүш берилгенде "эгер тез арада өз апасы менен эки баласын "жат элемент" атасынын карамагынан өз карамагына өткөрүп албаса, анын иши кайра каралып, партиядан чыгыш маселеси күн тартибине коюлары" эскертилбеди беле.
Демек, Чыгыш институтунда бир аз студенттик степендия гана ала турган Рахман партиядан чыгып калам деп кыпылдап коркконунан өзү менен кошо беш кишиден турган үй-бүлөсүн Ленинградга сүйрөп келип жүрбөйбү! Ким билет, анын ушундай айласыз жанкечтиликке же алаңгазарлыкка барабар жорук жасап ийишине Бишкектеги колунда бар татар кайындарынын жана Ленинграддагы кадыр-барктуу еврей бажасынын "кынжылбай эле кой, жардам беребиз" дегендей убадалары кошумча түрткү болгондур?
Р.Касымов 1931-жылдын сентябрынан Чыгыш институтунда окуй баштайт. Ошол арада Кашифа да Эмил аттуу уул төрөп берет. Эми алты жандан куралып калган үйбүлө, кудай жалгап, Е.Л.Груздиев-Радиндин артыкбаш бош квартирасы бар экен, ошондо туруп калат. Кадыресе орто билим албаган, жашынан улуу тилдердин бир-экисин үйрөнбөгөн Рахман институтта бөтөн тилдерди үйрөнүү, башка татаал илим тармактарын өздөштүрүү жагынан абдан эле кыйналса керек, ал өзү камчы салдырбай окуп кетерине көзү жеткен Коммунисттик университетке профессор бажасынын жардамы менен которулуу мүдөөсүнө жетеленет. Бирок анын партиялык документтериндеги "кара так" ("катуу сөгүш" жазасы) мындай секирик жасоого мүмкүндүк бермек эмес. "Кара так" өчүрүлсө гана мүдөөлөнгөндөй орун которуштурууга жол ачылмак. Ошондуктан ал ВКП (б) Кыргыз обкомунан улам-улам суранып атып, өзүнө партиялык сөгүш берилиш себептери жумшартылган мүнөздөмө алып, профессор бажасын арага салып атып, Чыгыш институтунда "коммунисттин өздүк карточкасы" деген досьесинен "кара такты" өчүртөт 1932-жылдын майында Рахман Чыгыш институтунан айрылып, Е.Л.Груздев-Радиндин колдоосу менен ошол Ленинграддагы Сталин атындагы Коммунисттик университетке которулат.
Жайында Кыргызстанга келип, бир жылдай түрмөдө отургандан кийин Казакстанга сүрүлгөн, аякта колхозго коон айдап берип токолу Зуура экөө эптеп күн өткөрүп жаткан атасы Молдокасымга жолугат.
1931-жылдын сентябрынан Рахман Коммунисттик университеттен, Кашифа кайсы бир экономикалык билим берүүчү окуу жайынан окуй баштайт. Тун кызы Гүлбайрам мектепке, уулдары Турар менен Эмил чоң энеси Бурулдун кароосуна берилет.
Кийинчерээк Жогорку партиялык мектептер деген ат алган Коммунисттик университеттер партиялык-өкмөттүк башкаруу органдары үчүн эмгекчи калктын чиновниктик жумуштарга тартылган тукумдарынан Совет бийлигине берилген, Маркс-Ленин идеяларына сугарылган, жалпы билимин да толуктаган кадрларды жетиштирип чыгаруу максатында ачылган привилегиялуу жогорку окуу жайлар эле. Бу университеттерден окууга жиберилген партиялык кызматкерлерге иштеп жүргөндө алып жүргөн

айлыктарына барабар степендиялар, үйбүлөсү менен келсе, жатаканалардан өзүнчө бөлмөлөр берилчү.
Коммунисттик университетке өтөрү менен Рахман Соода комиссарынын орунбасары болуп тургандагы айлыгынын көлөмүндөгү (250 сом) степендия ала баштайт. Үйбүлөсүнө Университет жатаканасынан бир бөлмө берилет. Студент боло туруп Рахмандын шаарда алты бүлө асырап атканы европалык кошуналарын, окуткан мугалимдерин, дагы башка тааныштарын бир чети таңыркатса, бир чети маашыркантант. Бирок ал үйбүлөсүн кыйналып багат, өзү болсо мурдагы тарткан күйгүлтүктөрүнүн кесепетинен чалдыккан ашказан кеселинен айыга албай жабыркап жүрөт.
Жердигинен зээндүү, тырышчаак Рахман Университеттин көбүнчө гуманитардык мазмундуу сабактарын жакшы өздөштүрүп, окуунун алдыңкысы, коомдук иштердин белсемдүү катышуучусу, студенттердин кадыр-барктуу кишиси катары бааланып, Ленинградда окуган кыргызстандык жаштардын жердештик (землячество) жамаатынын партиялык уюмуна жетекчилик кылат.
Рахман 1935-жылы Равил аттуу дагы бир уулдуу болуп, карамагындагы бүлөнүн саны алтыга (өзү менен кошо эсептегенде жетиге) жеткирип, курсташтарынын жана агайларынын өзүнө карата ыкыласын ого бетер арттырат.
Баса, 1934-жылы Бүткүл өлкөлүк эмгекчилер Советинин Борбордук Аткаруу комитети (мүчөлөрү дайындалма советтик парламент) "Мурдагы кулактардын укуктарын кайра калыбына келтирүү тартиби жөнүндө" деген токтом кабыл алып, түрмөгө жана сүргүнгө кесилген дыйкандар эми укуктары эч чектелбеген жарандар болгонун жар салат. Ошол эле учурда Сталиндин оозунан: "Баласы атасы үчүн жооп бербейт", - деген учкул сөз чыгып, басма сөздө дембе-дем кайталанып турат.
Натыйжада кулакка тартылгандарга жана алардын бала-чакаларына карата саясий мамиле кескин өзгөрүп, жарандарды партиялык кызматтарга дайындоодо, жогорку окуу жайларына кабыл алууда, өкмөттүк-чарбалык мансап орундарына көтөрүүдө практикаланып келген таптык ылгоочулук иштетилбей калат. Албетте, саясаттагы мындай жаңылык Р.Касымовдун ата-теги жактан шектүү бойдон калыш перспективасын жылас кылып, кайрадан саясатка аралашып, карьера жагынан өйдөлөшүнө жол ачып жаткан эле.
Рахман 1935-жылдын жай айларында үч жылдык Коммунисттик университетти ийгиликтүү бүтүрүп, бала-чакасы менен Бишкекке көчүп келет. ВКП(б) Борбордук Комитетинен же Коммунисттик университеттин жетекчилигинен сунуш кылындыбы, же болбосо, эски кызматташ досторунан беш-алты жыл ичинде көкөлөп көтөрүлүп кеткендер колдоп ийдиби, айтор, кандай болсо да ал ошол жылдын октябрь айында ВКП(б) Кыргыз обкомунун борбордук аппаратына агитация, пропаганда, басма сөз бөлүмүнүн башчылыгына дайындалат.
Ошону менен Рахман Касымов мамлекеттик башкаруу чөйрөсүнө кайра кирип, атүгүл республикалык саясий элитанын арасына кошулат. Экинчиден, ага ыйгарылган кызмат маанилүү, кадырлуу, дагы өйдө секирүүгө трамплин сыяктуу мансап орду болучу, анткени Совет бийлиги ички-тышкы саясатында идеологиялык үгүт-насаатты биринчи планга чыгарган бийлик эмес беле.

## Колыма тозогунда

Якутиянын түндүк-батыш жагындагы Колыма чөлкөмү кышы өтө узун жана оңбогондой суук, абай кылынган жерлери жок, цивилизациялашкан шаар-кыштактардан абдан узак, демек, табият шарттары өзгөчө катаал бир жапан регион эле. Бирок Колыма алтын кендерине, токойлорго, дагы башка жерасты байлыктарга бай чөлкөм да эле. Совет бийлиги ушул байлыктардын мамлекеттик мүдөөлөр үчүн пайдаланышына муктаж болучу.
Колыма байлыктарын аякка өз ыктыяры менен барган кишилердин эркин эмгеги менен өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк жок эле, анткени андай жапан, узун кыштуу, шумдук аяздуу

чөлкөмгө акыл-эси барлар өтө көп суммада берилчү айлыкка азгырылып да бармак эмес. Ошондуктан кат-кат жазалоо кампанияларын агытып жатканда Сталин өз саясатына жана социалисттик курулушка каршы же нааразы жарандардан совет коомун тазалоо менен бирге жазыксыз жазага тартылгандардын басымдуу көпчүлүгүн Колымадай ит өлгөн жерлерди өздөштүрүү үчүн пайдалануу максатын да көздөгөн деп айтууга негиз бар. Адилетсиз тарткан жаза, жапаа, күйүттөр нервин бошотуп, моралдык духун чөктүрүп гана тим калбастан, ден соолугун да алсыраткан Рахман Касымов Колыма концлагеринде үч жыл бою кантип жүргөнү жөнүндө жазылуу маалыматтар жок. Бирок аякта арестанттардын кандай иштерге чегилгенин, кандай көргүлүктөр көргөнүн, ошондой эле мээримсиз чоң-кичине начальниктердин жана аларга жардамчы чыныгы кылмышкерлердин кандай макоолук кылыктар көрсөткөнүн өз көзү менен көргөн, өз башынан кечирген А.Солженицын "Гулаг архипелагы", В.Шоламов "Колыма аңгемелери", Е.Гинзбург "Чыңк ылдый маршрут" деген дүйнөгө таанымал китептеринде ишенчиликтүү, элестүү, таасирдүү сүрөттөп берген.
Бу китептерде айтылгандарга караганда, Колымада шумдуктай оор жумуштарга салынган арестанттар жетиштүү азык-түлүк, жылуу кийим-кечек, дурус жатакана менен камсыз кылынган эмес. Анан алар күн сайын түнөгөн жайларынан итабар алыс жумуш объектилерине жөө-жалаңдап барууга, 40-50 градус суукта калчылдап иштөөгө, аткарылышы кыйын нормалар аткарууга мажбурланткан. Катуу ооруп тургандар да демейде жумуштан бошотулган эмес. Албетте, адамды айоо, жадагалса жумушчу күч катары сактоо саясаты колдонулбаган себептүү арестанттар катаал шарттарга, ашкан оор мээнетке, азап-тозокко түтпөй боо түшүп кырыла берген.
"Гулаг архипелагынын" башкаруу катмарына кирген кишилер (бир азынан башкалары) билимге, маданиятка, адамгерчиликке жарыбаган, өндүрүш иштерин уюштуруу жөнүн жакшы билбеген, туткундарды кулдай эзип иштеткенге адаттанган немелер болуптур. Баса, концлагерь бийлигинин төбөлдөрү тозок мисал табигый, коомдук шарттар арасында өздөрүнө бейиштей комфорттуу турмуш жаратып алган экен.
Концлагердин чоң-кичине начальниктери өздөрүнө караштуу бөлүктөрдө тартиптин сакталып турушу үчүн, биринчиден, арестанттарды өлгүдөй чаалыктырып иштетүү, моралдык жактан чүнчүтүү, ырайымсыз жазалоо, бирин бирине тыңчы, чагымчы, айгакчы кылуу ыкмаларын колдонгон, экинчиден, өндүрүштүк топтордун башчылыгына жана тейлөө секторунун "көзүрлүгүнө" дайындалган бетпак кылмыш бөрүлөрүнө таянган. Ошондуктан сүргүнгө келгендердин ак жеринен күйгөн момундары, адамгерчиликтүүлөрү, билимдүүлөрү, айрыкча мурунку саясатчылар, өкмөтчүлөр концлагерь жамаатынын эзилген катмарына, кишилигин жеп бүткөн нукура күнөөкөрлөр болсо жамааттын кутурган үстүңкү катмарына айланган. Анан "ай!" деген ажо жоктуктан дөгүрсүгөн начальниктердин чийинден чыккан зордук-зомбулугу менен аксымдыгы ашынган кылмышкерлердин зөөкүрлүгү өз ара айкалышып, концлагерь турмушундагы башкаруу-башкарылуу, багынуу-багындыруу катышында адам баласына өгөй да, кас да тартиптер, эрежелер, мамилелер калыпка салынган. Айтор, өтө татаал табият шарттарына аларды кем калышпаган жамаат шарттары кошулганда Колымада көпчүлүк арестанттар үчүн бу дүйнөдөгү өзүнчө бир тозок келип чыккан. Бул тозокко түшкөн Р.Касымов да аерде үч жыл жүрүп, саясий туткундар чеккен мүшкүлдөрдүн бардыгын чегүүгө кириптер болгондур. Балким, табиятынан тиригарак, билимдүү, кишилерге жугумдуу неме концлагердин майда начальниктери, кылмышкерлер тобунун төбөлдөрү жана букаралары менен тил табышып, саал жеңилирээк жумушка чегилүү менен жанын сактап калгандар? Же татаал да, опурталдуу да шарттарда кайратын муштумдай түйүп, кара жанын, кишилик кадырын, жашоого ынтаасын сактап калуу үчүн тырбалаңдап күрөшүп, өзгөчө бир рухий эрдик көрсөткөндүр?
Бул жагын биз кесе айта албайт экенбиз. Бирок анын 1940-жылы 10-январда (куду үч жыл мурун өзү түрмөгө салынган күнү) сүргүн мөөнөтүн түгөтүп, азаттыкка чыкканы анык. Бирок Рахман бошонору менен шыдыр атажуртуна жол тартпай, ошол эле жылдын

декабрына чейин өз каалоосу менен эркин жалданган жумушчу түрүндө Колымада кала бериптир. Ал "Узак Чыгыш курулушу" ("Дальстрой") деген өндүрүштүк бирикменин карамагында гидротехник болуп иштеп туруптур.
Камактан бошонгон соң Рахман эмнеликтен эл-жерине жөнөп бербей, эркин жүргөн кишилер үчүн деле катаал-татаал болгон Колымада тогуз ай боюнча калып калды экен? Эмне үйүнө кеткенге акчасы жогунан ошенттиби? Ушундай дейли десек, сүргүн мөөнөтүн бүтүргөндөргө концлагерь бухгалтериясынан атажурттарына жетип алгыдай акча берилүүгө тийиш экени белгилүү. Андай жол кирени Рахман деле алса керек. Ал, сыягы, алган жары, балдары, эки энеси, атасы араң зорго өлбөстүн күнүн көрүп атканын эске алып, айлыкты цивилизациялашкан аймактардагыдан алда канча көбүрөөк төлөгөн Колымадан бир аз акча-каражат таап кетейин деп аякта тогуз ай кармалган шекилди.

## Акталуу далбасасында

Рахман Касымов Колымадан Бишкекке 1941-жылдын башында келип жетет. Өзү камалгандан кийин Земфира аттуу кыз төрөгөн Кашифа үч баласы менен шаарда, апасы Бурул эки небереси (Гүлбайрам, Турар) менен Алчалы айылындагы үйүндө кыйналып жашап турган экен. Токолу Зуура экөө Казакстанда сүргүндө жүргөн атасы Молдокасым Кыргызстанга кайтып келип, Кемин районуна караштуу Быстровка кыштагына отурукташып калыптыр. Көпчүлүк кулакка тартылгандар сыяктуу Молдокасым дагы 1934-жылкы атайын өкмөттүк токтом боюнча эркин советтик жаран болсо да, эмнегедир өз айылына келип жашаганга ага уруксат кылынбаптыр.
Рахмандын өз апасы Бурул он жылдан бери башына барскандай урула берген кырсык соккуларынан, айрыкча бөөдө тозокко түшкөн жалгызынын күйүтүнөн мөгдүрөп карып да бүткөн экен, сүзөктөп ооруп да калган экен. Ал саргарып күткөн уулу камактан келген соң көп өтпөй дүйнөдөн кайтып кетет. Бул жоготуунун кенемтесин толтургансып этегинен жалгаган Кашифа ошо 1941-жылдын аягында Айдар аттуу уул тууп берет. Ошону менен ата-энеден жалкы жаралган Рахман жалпысынан алты баланын атасы болот.
Сталинизм саясаты партиялык катуу сынга алынгандан кийин (1950-жылдардын ортосунан) азат кылынган саясий туткундар эркин турмуш шарттарында кандай жүрүм-турум түрлөрүн тутунганы, кандай психологиялык абалда жүргөнү, бийлик тарабынан кандай каршыланганы "Белгисиз Сталин" деген китепте (Ш.Медведев, Р.Медведев. Неизвестный Сталин. - М., 2003, беттери 150-151) мындайча жалпыланып мүнөздөлөт: "Лагерден чыккандардын көпчүлүгү алгачкы жылдары каар чачуу же өч алуу жагын ойлобой, кайрадан жазалануу ыктымалынан бүлкүлдөп коркуп жүрдү. Алар дос-жарына, жакындарына баштарынан кечирген азап-мүшкүлдү ачык айткандан жалтактады. Бир далайына өздөрү көзөмөлгө алынгандай, айгакчылар менен курчалгандай, телефондору тыңшалгандай көрүндү. Мындай кыпылдоо маниясынан согуштан кийин камакка алынып, лагерде "бар болгону" 5-8 жыл калгандар тезирээк кутулду. Алар өздөрүнүн мурунку кесиптик жумуштарына да батыраак кирип кетти. Ал эми тирүү жан түтпөй турган шарттарда 17-20 жыл азап жегендердин көбү психологиялык жактан мөгдүрөп, саламаттыгынан ажырап калган экен, саясий кызмат орундарын ээлөөгө умтулган жок. Маселен, Казакстандагы бир областтын партия комитетинин мурдагы биринчи секретары Н.Кузнецов жөнөкөй токойчу болуп иштеп кетиптир. Кишилерди дегеле көргүсү келбептир. Өз шаарынын көчөлөрүндө эркин басып, мейлинче аш-тамакка тоюп, айрыкча жемиш, конфет, балмуздак жеп жүрүү, ваннада жуунуу, кино-театрларга баруу, түштүк жактарда эс алуу узак мөөнөттүү камактан чыгып келгендерге баа жеткис бакыт сезилди. Анын үстүнө бийликтегилер аларга жакшы партиялык-өкмөттүк жумуш орундарын ыраа көргөн жок".
Байкадыңар го, 1950-жылдардын кап ортосунда большевиктер партиясынын жетекчилери өздөрү көпчүлүк саясий туткундардын күнөөсүз репрессияланганын расмий моюнга алгандан кийин деле ошол шордууларга тийиштүү адилеттик, мээрмандык, сый-сыпат

көрсөтүлгөн эмес турбайбы. Ал эми сталинизм доору өкүм сүргөн 1940-жылдары түрмөдөн кокус бошонгон саясий туткундардын жалган жалаа жабылып жазыксыз жазаланганы расмий түрдө моюнга алынган да, жар салынган да эмес. Алар "эл душманы" деген бет чиркөөсүн тагынып, саясат чөйрөсүнө жакын жолотулбай, коомдун букаралар жүргөн жагында гана кыбырап жашап жүрө берүүгө кириптер болгон.
Учурдагы турмуштун ачуу чындыгы дал ушундай экенин Р.Касымов ачык аңдай албай, дагы эле жалган ишенимдердин туткунунда кала бериптир. Ошондуктан ал Колымадан келери менен өзүнүн партиядан чыгарылганын да, камалганын да кокус бир жаңылыш, акылга сыйбас адилетсиздик деп санап, партияга мүчөлүгүн кайра калыбына келтирүү үчүн чамынып аракеттене баштайт.
Олдо шордуу Молдокасымдын багы жок жалгыз баласы ай-я! Партияга мүчөлүгүн кайтарып алгандан, мамлекеттик башкаруу чөйрөсүнө кайтып киргенден биротоло отказ кылып, сырттан окуп болсо да мугалим, бухгалтер, гидротехник сыяктуу жай кесип алып, өкмөттүк көзөмөлчү органдардын көз жаздымында калган турмуш тармактарында тымпыйып билинбей жүрө берсе болбойт беле. Жок, сөзсүз партияга кайра кириш, кайра да өкмөтчүлөр катарына кошулуш керек экен да ага!
Сыягы, аны мындай опурталдуу далбасага Колымада согуш алдында, арестанттар азык, кийим, шайман менен кийинкиге караганда дурусураак камсыз кылынган тынч маалда, анан да салыштырмалуу кыска убакытта (үч жыл!) жүрүп калганы, ушундан улам аяктан пенделик амбициясы бүт бойдон күбүлбөй келгени жээликтирип түрткүлөсө керек.
Эмнеси болсо да орундалбас кур үмүттөргө азгырылып алган Рахман Бишкекке келер замат Кыргызстан Ички иштер комиссариатына өзүнүн ак жеринен жазаланганын баяндап, акталышын талап кылып арыз жазат. Комиссариат бул маселе боюнча жогорку партиялык органдарга кайрылуу керек деп жооп кайтарат.
Рахман **1941-жылы 5-мартта** Кыргызстан Коммунисттер (большевиктер) партиясынын Борбордук Комитетине(кыскартылганы - К(б)П БК) өзүнүн жаңылыш партиядан чыгарылганын түшүндүрүп, партияга мүчөлүгүнүн кайра калыбына келтирилишин суранып кайрылат. Бул өтүнүчүнө Р.Касымов мындай жооп алат: партиядан чыгып калган киши мекемеде 5-6 ай иштеп туруп, анан ошол мекеменин партия уюму сунуш кылса гана анын партияга мүчөлүгүн кайтарып бериш маселеси жаңыдан каралышы мүмкүн.
Ушул чаргытма жоопко ишенип алган Рахман Кемин районуна келип, **1941-жылы 6-майда** "Кичикемин" орто мектебинин директорлугуна дайындалат.
Ал-аңгыча СССР-Германия арасында согуш башталып кетет. Оорулуу болгонунанбы же "эл душманы" деген бет чиркөөсү жолтоо кылганданбы, Р.Касымов аскерге алынбайт.
Ал "Кичикемин" мектебинде жети ай иштеп, 1942-жылы январда партиялык ишим кайра каралса экен деген өтүнүч менен дагы да Кыргызстан К(б)П БКга арыз берет.
Бу сапар К(б)П БК анын арызын Фрунзе (Чүй) обкомуна жиберет. Фрунзе обкому арызды Кемин райкомуна жөнөтөт. Райком Рахман Касымов партияга жаңыдан гана өтө алат деген бүтүм чыгарат.
Рахман мындай бүтүмгө макул болбойт, кайрадан Кыргызстан К(б)П БКга баягы эле тилегин кайталап жаңы арыз жолдойт.
Р.Касымовдун көшөрүп жогору жакка арыздар жаза бергени Кемин райкомунун жетекчилерин жадатып, чочутуп, кыжырлантып койгон белем, алар аны **1942-жылдын мартында** мектептин директорлугунан бошотуп салат. Ишсиз калган соң Рахман үйбүлөсү менен өз айылындагы үйүнө көчүп келет. Аердеги колхоздун башкармасынын төрагасы Айылчиев Моке Молдокасымдын да тууган айылына кайрылып келишине уруксат кылат. Ар кайсы жерде чачылып жүргөн он бир кишилик үйбүлө акыры бир чамгарактын астына чогулат.
Рахман өз айылына жакын орус кыштагындагы жети жылдык мектепте мугалим, Кашифа колхоздо бухгалтер, атасы менен экинчи энеси жөнөкөй колхозчу болуп иштеп, каатчылык өкүм сүргөн согуш маалында эптеп тиричилик өткөрө башташат.
Р.Касымов Кыргызстан К(б)П БКга баягы эле ишине тиешелүүү дагы бир арыз жазат.

Анын арызы бу саам партиянын Чүй райкомуна келип түшөт. Райкомдон ага партияга мүчөлүгүн кайра кайтарыш маселеси боюнча Алчалы айылдык Советине караштуу баштапкы партиялык уюмга кайрылыш керек деген жооп келет.
Рахман артынан көшөрүп сая түшкөн максатына жетүү үмүтү менен колхоздун айрым иштерин жөнгө салууга бел чечип киришет, айылда саясий-үгүт насаат таратууга активдүү катышат. Айылдаш коммунисттер анын адилетсиз жазаланганын, үч-төрт айдан берки колхозго сиңирген кызматын эске алып, **1942-жылы августтун аягында** өткөн жыйналышында Р.Касымовдун партияга мүчөлүгү кайра калыбына келтирилсин деген чечим чыгарат да, аны райкомго жиберет.
Бул чечимди партиянын Чүй райкому **1943-жылдын 30-январында** Бюро жыйналышында карамыш болуп, колдобой коет. Райком жетекчилери өздөрүнүн Рахман Касымовду жакшы таанымбаганын шылтоо кылып ошентишет.
Дал ошол тушта оорукчан Рахман ашказан дарттары ырбап чыдатпай кеткенинен ооруканага жатып калат. 1943-жылы жазга маал жаракаттуу он эки эли ичегисин операция кылдырат.
Ооруканадан чыгар замат ал кайратын жыйнап, баягы эле арыбаган өтүнүчү менен дагы да Кыргызстан К(б)П БКга кайрылат. Эски "эл душманынын" эрктүү кишилер арасына кошулганына "шүгүр" кылып жүрбөй, дембедем демитип арыздана бергени аябай кыжырланткан белем, бу сапар республиканын партия лидерлери баштагыдай жооткотуп жооп кайтаргандан айныйт. **1943-жылдын 18-майында** Кыргызстан К(б)П БКнын Бюросу өз жыйналышында Р.Касымовдун өтүнүчүн караштырып көрүп, мындай мотивировка менен четке кагат:
"Касымов 1931-35-жылдары Ленинградда окуп жүрүп, кийин эл душмандары катары ашкереленген жана Ички иштер комиссариатынын органдары тарабынан камакка алынган троцкисттер (Груздиев-Радин, Седых, Яковлев) менен байланыш курган. Касымов бу кишилердин камалганын билип туруп, партиялык уюмунан жашырып койгон. Ошондой эле ал жолдош Сталиндин стахановчулардын биринчи кеңешмесинде сүйлөгөн сөзүн, Советтердин чукул чакырылган VIII сьездинде жасаган докладын, ВКП(б) БКнын пропагандага тиешелүү чечимдерин, дагы башка саясий тексттерди которткондо контрреволюциячыл маани алгансып кеткен бир катар саясий бурмалоолорго жол берген. Булардан тышкары Касымов троцкист Ярский менен ымалага кирип, анын ВКП(б) Кыргыз обкомунун аппаратына дайындалышына жетишкен".
Мындан көрүнүп турбайбы, Кыргызстан К(б)П БК жетекчилери Р.Касымовдун партиядан чыгып калыш себептерин калыс териштиргенден качып, Кыргыз ССР Ички иштер комиссариатына караштуу Өзгөчө кеңешменин 1937-жылы чыгарган өкүмүндөгү ага тануулаңган жалган жалааларды сөзмө-сөз кайталоо менен гана чектелиптир!
Рахман өзүнүн соңку өтүнүчүнө Кыргызстан К(б)П БКдан өтө терс жооп кайтарылганын билип кайгы-муңга малынат да, арыздана берип партияга мүчөлүгүн кайта калыбына келтирүү мүмкүн экенинен түңүлөт.
Бирок ал турмуш запкысынан, оору-сыркоодон жабыркаса да, кайратынан, көктүгүнөн, илгери үмүттөн жанбайт, "эл душманы" деген бет чиркөөсүн тагынган бойдон коомдук турмуштун чет жакасына сүрүлүп кала бериши менен эч келише албай көгөрөт. Ал азыркыдай кор абалдан партияга кайра мүчө болсом гана чыгам деп ойлойт. Ушул мүдөөгө сөзсүз жетейин деп ал мугалимдигин таштап, колхозго мүчө болуп өтөт, бир бригаданын эсепчилик кызматын аткара баштайт, эл арасына саясий үгүт-насаат жаят, айылдык советтин жана баштапкы партиялык уюмдун ар кандай тапшырмаларын орундайт, айылдаш коммунисттердин көңүлүн алууга күч жумшайт.
Рахман ушин этип бир азга аракет кылып, анан партияга жаңыдан кирүү тилегин билдирип айылдын баштапкы партия уюмуна арыз берет. Партияга кабыл алыныш үчүн талап кылынган рекомендацияларды үч коммунисттен алып, арыз менен кошо тапшырат. Рекомендация бергендердин бири эски коммунист Дөөмөтов Молдогазы болот.
Эсиңерде бардыр, бул киши бир тууган карындашын кое берген Рахмандан өч алам деп

өзүн карьерадан аксатып, атасын кулакка тарттырып тынган анын эски кайнагасы эмес беле. Эми картайып, аткаминерлик кызматтарынан ажырап, жөнөкөй колхозчуга айланган Молдогазы, балким, өзүнүн артыкбаш кекчилдигинен Молдокасымдын үйбүлөсүн таруудай чачып тентиткенине өкүнсө керек, балким, мурдагы күйөө баласынын алыста көргүлүктү көрүп, араңжан келгенине, азыр да кыжалааттар ичинде чайналып жүргөнүнө боору да ачыса керек, айтор, эмнеси болсо да ал Рахманга айкөлдүк кылып жапаакечтик колун узаткан экен.
Рахмандын ким экенин жашынан жакшы билген, көргөн азап-тозокторун эшиткен айылдашы коммунисттер **1943-жылдын 31-январында** өткөргөн жыйналышында анын арызын талкуулап, өзүн бир жылдык сыноо менен партия мүчөлүгүнө кандидат сыпатында кабыл алынгандыгы жөнүндө бир добуштан чечим чыгарат.
Тилекке каршы, баягы эле партиянын Чүй райкому баштапкы партия уюмунун ушул чечимин кашайып эле бекитпей коет. Ошону менен Р.Касымовдун партияга жаңыдан өтүп, саясий жактан акталсам, совет коомунун привилегиялуу катмарына кайра аралашсам деген көздөн учкан тилеги таш кабат.

## Дагы дагы оң таптырбас жолдо

Чакадагы сүткө кокус эки бака түшсө, экөөнүн өчөйгөн ашкебиси катуу аптыгып коркконунан кайрат-эрки шал болуп, тырп этерге алы келбей чөгүп кетет имиш, ал эми тиригарак тыңы тынбай тырбалаңдай берип сүттөн жалпайган каймак катмарын жаратып, ошонун үстүнө чыгып аман калат турбайбы. Анын сыңарындай өмүр жолунда капыстан турмуш кырсыктарына кабылып, башына оор мүшкүлдөр очоюп минип, күйгүлтүктөн оору-сыркоого чалдыгып, чарасыздык алкагында аргасыз чайналып турганда кээ бир кишилер пассивдүү коргонуу позициясына өтүп, ого бетер нымтырап жүүнүн бошотуп, биротоло чүнчүп бүтөт экен, ал эми айрым адамдар мындай кризистүү абалда кала бергенге моюн сунбай, тынч тура албастан кайсалактап, туюктан жанталашып жол издеп нары-бери урунат экен, ушундай активдүүлүгүнүн шарапаты менен жан-тенинин көмүскө резервдерин кыймылга келтирип, рухий энергиясын оргутуп арттырат экен да, чарасыздык туткунунан кутулуп гана тим калбай, оорусунан да айыгып кетет экен. Кишидеги мындай аракетчилдик, демилгелүүлүк, тынчы жоктук биология илиминде "изденүү активдүүлүгү" ("поисковая активность") деп аталат экен.
Партияга мүчөлүгүн калыбына келтирүү үчүн сарп кылган аракеттеринин бошко кеткени ансыз деле оорудан жабыркап жүргөн Рахмандын ындынын өчүрүп, күйүтүн ого бетер ырбатса керек. Бирок ал жердигинен жан-канында "изденүү активдүүлүгүн" ташыган тынчы жок инсан болгон окшойт. Ошондуктан саламаттыгы бир аз оңолгондо өзүнүн совет коомунун көмүскө тарабында күдүңдөп тымызын оокат кыла беришине да ыраазы болбойт, "күн өтсө эсеп" деген бечаралык принцибине жетеленип, көпчүлүккө кадырлуу улутташтарынын катарынан чыгып калганына мүңкүрөп баш ийгенге да түк макул боло албайт. Мугалимчилик же бригада эсепчилиги менен өмүр сүрө берүү деле ага нары перспективалуу, нары кызыктуу көрүнбөйт. Ал өзүнө кадыресе канимет бере турган, кайрадан кадыр-барк таптыра турган, улуттук жамааттын билимдүү катмарына түртүп чыгара турган бир жумуш жасоого чыгынат да, бир далай ойлонуп, изденип көрүп, адабий чыгармалар жазуу ниетине байланат. Согуштун соңку жылында тобокел кылып бир узун аңгеме жаза баштайт. Рахман партиялык кызматкер чагында саясий документтерди таржымалап же редакциялап жүргөн эле, атүгүл 1936-жылы айрым кыргыз урууларынын

антиколониялык көтөрүлүшүнүн 20 жылдыгына байланыштуу ошол көтөрүлүш жөнүндө кыргызча китепче жазып, жарыкка чыгарган эле. Тек гана көркөм адабиятка тиешеси бар тексттер жазып көрбөгөн экен.
Калыбы, ал жаш чагынан адабиятка, учурдагы орус жана кыргыз жазуучуларынын кээ бир чыгармаларын окуп жүрсө керек. Бирок анын атайын алган адабий таалим-тарбиясы, эч кандай жазуучулук тажрыйбасы жок эле. Анткен менен анда аздыр-көптүр жалпы билим, ийкемдүү акыл-эс, күчтүү дымак, көпчүлүккө жарыя айтканга жарагыдай көргөн-билгендери бар эле.
Арийне, дурус адабият чыгарма мындай турсун, жарыялаганга жана көпчүлүк окуганга арзыган жөнөкөй текст жаратуу оңбогондой машакаттуу жумуш. Ошону менен бирге жазуучулук ишинин бүйүр кызыткан, ышкыга тарткан, кумарландырган касиеттери да бар.
Жазуучулук жумушка киришерде Рахман Касымов привилегиялуу улуттук интеллигенциянын катарына кайра кошулуу мүдөөсүнө гана эмес, калеми менен акча табуу үмүтүнө да азгырылгандыр. Ошондой эле жазыла турган темалар издеп, өмүрүндө көзү менен көргөн, ичинде аралашып жүргөн, башынан кечирген кызыктуу окуялардын бир далайын эсине түшүргөндүр, кыялында жандандыргандыр. Анан ага өзү Токмокто комсомол комитетинин секретары, милиция начальнигинин орунбасары болуп иштеген чакта Алчалы-Бурана айылдык Советине башчы шайлоо өнөктүгү туудурган чыр-чатактар аңгемелеп бергенге арзый турган окуялар сыяктуу көрүнгөн окшобойбу. Айтор, ал дал ошол чыр-чатактардын келип чыгышын, жүрүшүн, бүтүшүн өзү билген тил менен, адабий ыкмалар менен колунан келишинче баяндап берүүгө киришет.
Албетте, өзү беш колундай жакшы билген турмуштук материалды адабий карасөздүн жанрдык калыбына түшүрүү процессинде ал жазуучулук тажрыйбасы жогунан аябай кыйналгандыр, бирок баян этилүүчү окуялар агымынын жөнөкөй сөздөр менен жай чубатылып аңгемелениши анын чыгармачылык ышкысын козголоп ойготуп, калемин тындырбай иштеткендир.
Ал "Шайлоо" деп жупуну ат койгон повестинин кыйма-чийме оңдолгон колжазмасын өспүрүм мектеп окуучуларына (мисалы, болочок журналист Жапар Саатовго) көчүртчү экен, көчүрүлгөндөрүн айылдагы билимдүү тааныштарына окутчу экен. Чыгарманын көчүргөн жана окуган кишилерде кызыгуу туудурганы авторун кушубак кылып, шыктандырып, ушу жаңы киришкен жазуучулук ишинен дурус натыйжа чыгып каларына ынандырса керек. Көбүнчө шаарларда жашап, айылдык турмуштан жатыркап калган Рахман маданий борбордо жазуучулар чөйрөсүнө жакын жүрүү, түзүк айлыгы бар бир жумушка кирип, калеми менен кошумча акча табуу, бала-чакасын орусча мектепке берип окутуу ниетинде согуш бүтөр замат аялы, балдары менен Бишкекке көчүп келет.
Бетин чүмкөгөн саясий чиркөө алынбаган себептүү ылайыктуу бир кеңсе кызматына илине албайт да, акыры жаңы ачылган Кыз-келиндер педагогика техникумунун чарба жумуштарын тейлеген майда кызматчысы (завхоз) болуп иштөөгө аргасыз болот. Жубайы Кашифа да ошол эле техникумдун жатаканасына башчылык (комендант) ишине орношот. Көп балалуу Рахман жарыбаган айлыгынан тышкары орусчадан кыргызчага тексттер которуу менен үйүнө бир аз киреше киргизе баштайт. Мисалы, "Дарвинизм негиздери" деген орто мектептер үчүн окуу китебин кыргызчалоого катышат, эски кадырлаш тааныштарынын жардамы менен алардын атына жамынып да ар кыл тексттерди таржыма кылат. Бирок ал убактысынын арстан үлүшүндөй бөлүгүн адабий чыгармалар жаратууга жумшайт. Конкреттештирип айтсак, "Шайлоо" повестин бүтүргөндөн кийин "Сары

туйгун" деген чиеленишкен, бурум-бурумдуу, ыкчам кыймылдуу окуялары бар повесть, бир нече чакан аңгемелер жазуу менен алектенет.
Ал 1946-жылдан жазгандарын жарыкка чыгаруу үчүн аракет кыла баштайт. Повесттери менен аңгемелерин Кыргызстан жазуучулар бирлигинин жаш калемдерге кеп-кеңеш берүүчү атайын кызматчыларына (консультанттарга) жана өзү баалаган көрүнүктүү жазуучуларга окутат, кыргызча жападан жалгыз адабий журналга ("Советтик Кыргызстан"), Кыргыз мамлекеттик басмасына тапшырат.
Р.Касымовдун чыгармалары журнал менен басма үйүнүн редакцияларында жарыялануута сунуш кылынбастан жатып калат. Сыягы, алар окуп чыккан жазуучуларды, редакторрлорду, рецензенттерди мазмун-шекилинин жарамсыз болгондугу үчүн эмес, саясий жаманаттысы өчүрүлбөгөн автор тарабынан жазылгандыгы үчүн чочулатса керек. Жазгандарынын бирөөнү да эне тилинде бастыра албай мукураган Рахман "Сары туйгун" повестин өзү сөзмө-сөз орусчалап Москвага, СССР Жазуучулар бирлигинин адресине салып иет. Бул чыгармачыл уюм элеттен келген тексттин баш терисин байкап көрүш үчүн И.В.Арамилев (1896-1954) деген анча аты чыкпаган жазуучуга тапшырат. А киши жакшылап орусчаланбаган "Сары туйгунду" дыкат коюп окуп чыгып, ага кең-кесири рецензия жазат. 1949-жылдын сентябрында жөнөтүлгөн бул рецензия көп өтпөй Рахмандын колуна тиет.
И.В.Арамилевдин рецензиясында "Сары туйгунду" ойку-кайкы окуялуу (приключениялуу) баян сыяктуу жазылганы, бирок анда элестүү сүрөттөр тартуунун ордуна кургак аңгемелөө басымдуулук кылганы, каармандардын тагдырлары, кулк-мүнөздөрү, жүргөн-тургандары ишенимдүү көрсөтүлбөгөнү, айрым эпизоддордун ойдон чыгарылганы жана үстүрт баяндалганы белгиленет. И.В.Арамилев повесттин орусча көркөмдөлүп которулушу жана басылышы үчүн али чийкилигин айтып, акырында авторуна көңүл улап мындай кеңеш берет: "Алгачкы жазгандарыңыздын оңдуу чыкпай калганынан кайгыга малынбаңыз. Повесть жазуу дегинкиси оңой иш эмес. Чыгармачылыкта ийгиликке жетиш үчүн жазылган текстти кайра-кайра оңдоп чыгууга туура келет".Бул рецензия Р.Касымовду беймаза да, ыраазы да кылат. Өкүнүчтүү жери, анда "Сары туйгун" жарыялоого жарамсыз деп табылыптыр, бирок повесттин кемчиликтери конкреттүү көрсөтүлүптүр. Рецензиянын адабият билерманы (профессионал) тарабынан ак ниет менен жазылганы да, элеттен келген колжазмага СССР Жазуучулар бирлигинин кайрымдуу мамиле кылганы да Рахмандын көңүлүн жубатат. Ал ушундан канимет гана эмес, шык да алып, "Сары туйгунун" кайрадан жазып чыгууга киришет.
Дал ошол тушта Кыргызстан мамлекеттик басмасы чочугандай эки жылдан бери редакциянын бокчосунда сүрсүп жаткан "Шайлоо" повестин рецензиялоого берет. Аноним рецензент чыгармада көркөм кемчиликтерден тышкары идеялык жактан шектүү мазмундук элементтер бар экенин баса көрсөтөт. Албетте, бул пикир партиялык-өкмөттүк органдардагы идеологиялык сакчыларга билдирилет.
Айтмакчы, Рахман согуштан кийин деле анда-санда жогорку инстанцияларга өзүнүн партияга мүчөлүгүн кайта калыбына келтирүү маселесин козгоп арыздар жазып жүрөт. Муну менен чектелбей, Москвадан чыгуучу "Советская культура" газетасына СССР Гимнинин кыргызчага натуура которулганын далилдеген макаласын жиберип ийет. Макала жарыяланбастан Кыргызстан КП БКга келип түшөт да, аздыр-көптүр коога чыгарат. Эски "троцкист" Р.Касымовдун тирүүлүгүнө тобо кылып тынч жүрбөгөнү Кыргызстандын партия жетекчилерин кыжырлантат, "чекисттер" деген саясий

көзөмөлчүлөрдү ага ого бетер шектүү каратат.
Рахман Касымов адабий чыгармаларын жазып, жазгандарын чыгарам деп, партияга мүчөлүгүн кайра ордуна келтирем деп, СССР Гимнинин кыргызчасын оңдотом деп каадаланып чамына берген мезгил совет коомунун саясий, идеологиялык, маданий, илимий тарамдарында мамлекеттик террор (кысмактоо, куугунтуктоо, коркутуу, жазалоо ж.б.) оюн салып турган чак эле. Себеп дегенде Сталин жана жан-жөкөрлөрү контролго алынбаган жандуу ой-пикир, сынчыл көзкараш, оппозициялык маанай козголуп, күчөй-күчөй жамырап чыга келбесин деп чочулаган да, көпчүлүк элге ачык, түшүнүктүү, таасирдүү адабиятка, киного, театрга, ошондой эле советтик идеологияга байланган илим тармактарына жогортон кат-кат саясий-идеологиялык кампанияларды агытуу менен катуу басым-кысым жасай баштаган. Экинчи жактан, каршылашкан капитализм дүйнөсү менен социализм дүйнөсүнүн арасында "кансыз согуш" башталганда сталинизм диктатурасы өлкөгө тыштан "зыяндуу" таасирлерди киргизбөө айласында "темир парда" тартып салган; аны менен тим калбай, жалпы совет коомунун басымдуу көпчүлүгү жана эркечи болгон орус калкынын шовиниз тибиндеги улутчулдугун көөрүктөп алоолонткон; бөтөн элдердин маданиятта, илимде, техникада жетишкендиктерин өгөйлөп жерүү саясатын жүргүзүп, космополитизм, сионизм, жергиликтүү улутчулдук "көрүнүштөрүнө" каршы күрөш ачкан. Мындай кампаниялардын капшабы менен орус илиминде, адабиятында, искусствосунда ийгиликтүү эмгектенген еврей улутунун өкүлдөрү катуу сындалууга, куугунтукталууга, камалууга, атылууга кириптер болгон.
Согуштан соңку кат-кат агытылган саясий-идеологиялык кампаниялар Советтер Бирлигинин каеринде болбосун интеллигенция чөйрөсүндө кыпылдап коркуу атмосферасын жаратып, массалык үгүт-насаат иштерин тескеген партиялык-өкмөттүк кызматкерлердин ансыз деле кылдан кыйкым табууга көнгөн кыраакылыгын ого бетер курчутуп, басылган-басылбаган ар кыл тексттерден идеялык каталарды тирмийип издөөгө багыттаган. Так ошол кызматкерлер партиялык токтомдорго, директиваларга, ураандарга ылайык жазуучулардын, илимпоздордун, атүгүл композиторлордун жарыяланган чыгармаларынан саясий-идеялык жактан калпыс, жаңылыш, тескери моменттерди таап чыгуу аракеттерин оргутуп чыгарган. Натыйжада чыгармачыл жана илимий жамааттарда тигил кампаниялардын жүрүшүн менчик мүдөөлөрүнө пайдаланышып, бирин бири идеялык айыпка жыгуу, мансаптан аксатуу, кадырын түшүрүү, партиялык токтом-чечимдерге каралатып киргизүү далбасалары көбөйүп, өз ара чырдашуу, касташуу, өч алышуу ылаңдары ырбаган. Мындай чарпышып чабышмайлар Кыргызстанда 1946-жылы башталып, 1955-жылга чейин сүрүлүп келген.
Москвада космополитизмге, бөтөнчө сионизмге каршы чабуул кызыганда Кыргызстан калкынын интеллектуалдык катмарында колго илинер сионист же космополит жок болгондуктан үркөрдөй кыргыз интеллигенциясынын ичинен "ашынган улутчулдар табылган. Мисалы, 1949-жылдын аягы - 1950-жылдын башы ченде кыргыз фольклорун изилдеп жүргөн адабиятчылар Тазабек Саманчин (1908-1971), Ташым Байжиев (1908-1952), Зияш Бектенов (1908-1993) эмгектеринде улутчулдук идеяларына жол берген үчүн камакка алынып, узак мөөнөттүү сүргүнгө кесилген.
Ошондой эле согуштан соңку жылдары согуштан мурун саясий айып менен камалып, камак мөөнөтүн бүтүргөн соң азат кылынса да, саясий жактан акталбаган жарандардын бир далайы коомго зыян келтирчү элементтер делип кайра түрмөгө салынып, сүргүнгө айдалган.
Советтик коомдо ушундай коркунучтуу кырдаал түзүлүп, саясий же идеялык душмандар

ашкереленип, ошондон улам Кыргызстандын өзүнчө эле түгү түктөйүп чочулай берген идеологиялык жетекчилери жана чекисттери бизде бакыйган космополиттер же сионисттер болбосо да, Совет бийлигин сүйбөгөн улутчулдар бар дегенчелик кылып интеллигенция арасынан курмандыкка чалынчу кандидаттарды кайсалап издеп турганда ансыз деле аты-жөнү өкмөттүк "кара тизмеден" өчүрүлбөгөн Рахман Касымов турмуш буйгасында алгыр куштан корккон бөдөнөдөй бөгүп жатпастан, акталам деп дембедем арыз жазып, чыгармаларын жарыялатам деп көшөрүп, дегеле беймаал активдүү болуп кеткен экен. Ошонун айынан ал Кыргызстан партиялык жана чекисттик жетекчилеринин көзүнө оңолбогон "жат элемент" катары оркоюп көрүнүп, 1949-жылдын 17-ноябрында (куду "улутчул" адабиятчы" Тазабек Саманчин камалган күнү!) түрмөгө түшөт.

## ШОРДОГОН ӨМҮРДҮН ТРАГЕДИЯЛУУ СОҢУ

Рахман Касымов "Совет бийлигине каршы иш-аракети үчүн" камакка алынат. Бирок бул "иш-аракет" анын кайсы кылган-эткендеринен көрүнгөнүн биз так айта албайбыз. Себеби биздин Улуттук коопсуздук кызматы (эски КГБ) Р.Касымовдун 1950-жылкы айыптоо досьеси менен таанышайын деп жалбарыңкы кат жазсам, илимий иликтөөгө кымындай да кереги тийбей турган жарым барак маалымат берип кутулду.
Кыйыр маалыматтарга караганда, "Шайлоо" повестинен антисоветтик мотивдер табылган окшобойбу. Ошол учурдагы идеологиялык талаптардын көзү менен карап бакканда, повесттен саясий жактан өөн көрүнгөн, идеялык айыптар төңкөрүү үчүн шылтоо боло турган мазмундук бирдемелер табылышы мүмкүн эле.
Кызы Гүлбайрам Касымованын айтуусунча, Рахман орусча күндөлүк жазып жүрчү экен, анысы да камалганда конфискацияланып, айыптоо досьесине тиркелиптир. Күндөлүктө: "Бизде чындык жок, ал Ленин менен кошо жылас болгон", - деген сүйлөм бар экен. Мындан тышкары күндөлүктө анын өзүнө карата партиялык-өкмөттүк органдардын адилетсиз мамиле жасаганына наразылыктары да орун алса керек.
Ким билет, Рахман айрым жакшы санаалаштай көрүнгөн тааныштарына, арасында баканооздору (айгакчылар) бар экенин билбей, тагдырына наалыгандан чыккан ачуу кеп-сөздөр айтса, ошолор кагазга түшүрүлүп, тиешелүү жерлерге жеткирилип, "антисоветтик иш-аракеттин" бир көрүнүшү катары кабылдангандыр.
Айтор, Рахман Касымов Бишкек түрмөсүндө алты жарым ай кыйноо ичинде сурак берип жатып, 1950-жылдын 10-июнунда өмүрүнүн он (!) жылын камоодо өткөрүүгө өкүм кылынат да, бу сапар Карлагга айдалат.
Казакстандын Караганды шаарынын айланасына чачылган камак жайларынын комплексине "Карлаг" деген кыскача ат берилген экен. Карлаг жалпысынан 1.5 миллион гектар аянты, анын ичинде 500 миң гектар айдоо жери, 250 миңдей төрт түлүгү, 100-120 миңдей арестанты, 180 (кышында) - 350 (жайында) арасындагы бөлүмү бар өзүнчө бир империя болуптур. Табият шарттары бир аз жумшак региондон жай алганы үчүн советтик арестанттар Карлагды "курорт концлагерь" деп коюшчу экен.
Рахманды Карлагда кантип жүргөнүнөн конкреттүү кабарлар берген жазылуу материалдар да колдо жок. Бирок аерде аны менен бирге азап чеккен филолог илимпоз Зияш Бектеновдон уккандарым бу маселеге жарык түшүрө алат. Ашкан сөзмөр Зияш аба менен мен 1966-73-жылдары Кыргыз университетинде бирге иштеген элем, андан кийин да анын

өтө кызыктуу аңгемелерин угуп жүргөн болчумун. А киши Карлагда башынан өткөргөндөрүн, көргөн-билгендерин саймедиреп баян эткенде сөзсүз Рахман Касымовдун камактагы ал-жайынан сөз козгобой койчу эмес. Андан ушул темага тиешелүү уккандарым менин колдон келишинче оригиналына жакындатып жазган вариантым боюнча төмөнкүдөй.
- Мен 1950-жылы 4-майда түрмөгө түштүм, менден мурдараак камалган кесиптештерим Тазабек Саманчин, Ташым Байжиев менен бирге "Кыргызстанда Совет бийлигин кулатуу максатын көздөгөн улутчул группанын" мүчөсү катары айыпталдым, үч-төрт ай сурак берип жатып 10 жылдык камакка кесилдим, - деп сөз чубатчу Зияш аба. - Күзгө маал Караганды концлагерине келип түштүм. Рахман Касымовду ошол жерден таптым. Тааныш эле кишим эле, алгач тааныбай бүшүркөдүм. Азап, кайгы, сарсанаа, оору кемире берип чүнчүтүп, арыктатып бүткөн экен, мөгдүрөгөн чалдын кейпин кийип калыптыр. Жашы ошондо элүүлөрдүн аржак-бержагында болсо керек эле.
Рахман өзү тубаса акылдуу, билимдүү, ойчул киши эле эсил кайран. Санаачыл, кайгычыл да болчу. Эки жолу ак жеринен түрмөгө түшкөнүн айтып каңырыгын түтөтчү. "Москвага арыз эле жазып атам, эч жооп жок", - деп муңканып калчу.
Миллиондогон өзүндөй бейкүнөөлөрдүн бөөдө азап тартып атканын Сталиндин теңирден тескери саясатынан көрүп, аны каргап-шилеп кирчү. "Бу балта мурут шүмшүк тирүүсүндө адилетсиздик доору бүтпөйт, биз да камактан бошонбойбуз" деп ындынын өчүрөр эле. Экөөбүз эне тилибизде маектешип калсак, Сталиндин кантип диктатор болгонун кеп салып аркы-терки баса берчү. Кээде гана азаттыкка чыгарыбызга үмүттөнүп: "Сталин өлсө эле, көрөрсүң, дароо бошонобуз, - деп калчу. - Ал шүмшүк бүгүн өлдүбү, он күндөн кийин түрмөдөн кутулабыз".Мен ага колуман келишинче каралашып, кайрат-дем берип жүрдүм. Бирок кийинчерээк аны Карлагдын башка бөлүмүнө алып кетишти. Анын кантип дүйнөдөн кайтып кеткенин көргөндөрдөн сурамжылап билдим.
Билесиңер, 1953-жылы 5-майда Сталин өлбөдүбү. Бу кабарды угар замат демейде жай кыбырап, маанайы өчүңкү жүргөн оорукчан Рахман көздөрүн чачыратып чыкчыра түшүптүр да: "Өлүптүр акырында залым, өлгөн экен бетпак!" - деп кыйкырып турган жеринде чимирилип кетиптир. Анан капыстан каткырып ийип, кайра ыйлап, денеси калч-калч этип истерикага кириптир. Анан албууттанып, токтоно албай оолугуп, Сталиндин өзүн, ата-жотосун, балтадай мурутун, сасык саясатын ашатып сөгүп, бакылдап буркан-шаркан түшүптүр. Жансерек, муңайым, жүдөңкү көрүнгөн кишинин капылеттен чакчаңдап жээлигип, опсуз делбеленип, бакырып-өкүрүп шоокум салып калганы көрүп тургандарды аң-таң калтырыптыр. Көрсө, залымдыгы ченде жок диктатордун өлүмүн зарыгып тилеп да, күтүп да жүргөн байкуштун күйүттүү, муң-зарлуу, каардуу жан дүйнөсүн Сталиндин өлгөнү жөнүндөгү кабар ушунчалык силкиндирип салган экен, ал заматта акылынан айнып, кадимкидей жиндеп кетиптир. Жоошугандан кийин ооруканага түшүп, ошол жерде төрт күн эсине келбей дөөрүп жатып, 1953-жылдын 9-майында жан бериптир.
Анын сөөгү Карагандыдан 60 километр узактагы Спасск шаарынын көрүстөнүнө коюлуптур. Бейит башында "улутчул" деп камалган казак акыны Нурахметов Мурат сөз сүйлөп, Рахмандын арбагына арнаган ырын окуп бериптир. "Мен Рахмандын өлгөнүнүн жөн-жайын ошондон уккамын" деп жобурап калчу Зияш аксакал.
Мурда эле куландай соо болбогон, төбөсүнө урулган кат-кат тагдыр соккуларынан жалпы саламаттыгы, дем-дымагы, көңүл күүсү алсыраган Рахман Карлагда өзүнүн жазыксыз кайта-кайта жазаланганына күйбөгөн жерин күл кылып күйүп-бышып, ызага, арманга,

каарга уугуп, сарсаанаа менен чарасыздык тегирменинде чайналып, нерв системасын жука айнектей морт кылып алган шекилди. Анан өзү көптөн бери зарылып, сабылып күткөн өлүмдүн кабары анын ошол жука айнектей нерв системасын атылган оор таштай быркыратып жиберсе керек.
Албетте, бул жарык дүйнөдөн ата-бабаларынан мурастап алган мыкты дене-рух потенциалын жадырата ачып, үйбүлөсүн жана жакындарын жакшылыгына маарытып, коомго пайдасын тийгизип, жаратмандык иш-аракет менен жашап өтө турган бир кыргыздын ырайымсыз тоталитар режимдин кесепетинен улам-улам шорго бата берип, акырында шумдуктай кырсыкка учурап өмүрүн бүтүрүшү дегеле тирүү жанга ыраа көрбөй турган трагедия экени шексиз!

## Муңдуу баянаттын соңку учкай кеби

Сталинизм доору бүтүп, тоталитар Совет бийлиги бир аз жумшарып, ошонун шарапаты менен саясий күнөөлөр жүктөлүп камалган шордуулар өлүү-тирүүлөй бир четинен актала баштаганда Рахмандын тул калган зайыбы Кашифа эки мертебе жалган жалаа менен түрмөгө согулган маркум эрин да актатууга киришет. Анын арыздарынан улам 1956-жылдын март-май айларында Рахман Касымовдун 1937-жылы да, 1950-жылы да эч кандай жазыгы жок жазаланганы жөнүндө расмий бүтүмдөр чыгарылат. Ыраматылыктын өзүнө кымындай кереги жок бул муңдуу акталыш анын бала-чакалары үчүн аябай зарыл болучу, анткени алар "эл душманынын үйбүлөсүнүн мүчөсү" деген өтө кесепеттүү жаманаттыдан кутулмак эле.
Р.Касымовдун "Шайлоо" повести башка кагаздары менен кошо республикалык КГБнын архивинде кокустан сакталып калган экен, анын машинкаланган тексти үй-бүлөсүнө кайтарылып берилет. Андан кийин Кыргызстан Жазуучулар бирлигине келип түшкөн "Шайлоо" рецензияланыш үчүн залкар жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбековго тапшырылат. А киши повестти окуп, жактырып, анча-мынча оңдоп, бир аз кыскартып, анан "Алатоо" журналына басылсын деп сунуш кылат. "Шайлоо" ошо журналдын 1957-жылкы эки санында (№7, 8) жарык көрөт да, 1968-жылы Кыргыз мамлекеттик басмасынан өзүнчө китеп түрүндө басылып чыгат. Бирок "Шайлоо" мурунку басылганында да, кийинкисинде да улуттук адабият сынында же илиминде эч кандай пикир туудурбайт, баа албайт, анын автору жөнүндө мезгилдүү басмасөздө же илимий китептерде эч бир сөз козголбойт. Ырас, СССРде "перестройка" жана "гласность" мезгили келип, сталинизм зулумчулугу кайрадан өтө катуу ашкерелене баштаганда белгилүү журналист Жапар Саатов ошол зулумчулуктан жабыр тарткан кыргыз билимдүүлөрү жөнүндөгү макалаларында өзү жакшы билген айылдашы Р.Касымовдун кейиштүү тагдырын да кошо баяндап кеткен. Андан соңку заманда Рахмандын өзү да, чыгармасы да коомдук ой-пикир тарабынан түк эскерилген жок. Анын өмүр жолу азыр биринчи мертебе кең-кесири баяндалып атса, буга эң оболу "Шайлоо" повестинин кадыры күчтүү түрткү берди. Эгер бу чыгармасын жазып кетпесе, Рахман Касымов деле куду өзү сыяктуу сталинизм диктатурасы мертиндирген көп сандаган ири-майда кыргыз өкмөтчүлөрүндөй эле маданияттуу улутташтарынын эс-жадынан биротоло чыгып калмак.
Ушундан улам мазмуну маалыматка бай, кызыктуу, нукура турмуш чындыгын чөгөргөн текст гана автордун далайга чейин унуттурбай турганы дагы бир жолу тастыкталып атпайбы. Албетте, узак убакыт жашап, окулуп да, окутулуп да туруудга арзыган адабий

текст жок дегенде он жылда бир кайра басылып турууга тийиш. Баса, андай тексттин кадырын айра тааныганга жараган терең билими, назик көркөм табити, курч адилдик туюму бар илимпоздор улут ичинен үзүлбөй чыгып турушу зарыл. Антпесе, "сокур тоокко баары буудай" деп казак айткандай, билим, табит, чынчылдык туйгуга жарыбаган адабиятчылар мурда жаратылган адабий чыгармалардын ак-карасын, жакшы-жаманын, өлүү-тирүүсүн таасын ажырата албай, укмуш сонунун да көз жаздымында калтырып, унуттуруп коюшу мүмкүн.
Акырында Рахман Касымовдун ушул жазганыбызда көп жолу аттары айтылган жакындарынын кийинки тагдырларын бир-эки ооз сөз менен маалымдай кетели.
Рахмандын атасы Молдокасым Кожогелди уулу 1960-жылы сексенден ашып барып а дүйнөгө кетиптир. Бир катындуу жүрө албаган эргул согуштан кийин мурдагы токолу Зууранын байбиче кылып, үстүнө токол алыптыр, андан бир уулдуу, бир кыздуу болуптур.
Рахмандын алган жары Кашифа тул жүргөн бойдон картайып, 2000-жылы дүйнөдөн кайтыптыр. Балдарынан 1931-жылы туулган Эмил, 1937-жылы туулган Земфира, 1949-жылы туулган Шер анча узакка созулбаган өмүр сүрүп, тирүүлүк менен коштошуптур. 1935-жылы туулган Равил Москвадагы Бауман атындагы атактуу Жогорку техникалык окуу жайын "кызыл диплом" менен бүтүрүп, ошол жакта эсен-аман иштеп жүргөн экен. 1941-жылы туулган Айдар музыкалык билим алып, узак жылдар бою Бишкектеги М.Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайына директорлук кылып, кийин Москвага кетип, аерде жашап калыптыр. Рахмандын биринчи алган жары Таберик күйөөсү кое бергенден кийин шаардан окуп, коммунист болуп, өмүр бою райондордо партиялык кызматтар аткарып жүрүп, карыганда пенсияга чыгыптыр.
Рахмандын Таберик 1927-жылы төрөп берген уулу Турар Алматы юридикалык институтун бүтүрүп, өз кесибинин алкагында иштеп жүрүп, 1996-жылы каза болуптур. Ал өзү жашамал тартып калганда, Рахмандан кийин күйөөгө да тийбеген, эки баласынан кабар да албаган апасы Таберикти пенсияга чыгып, өкмөт берген Токмоктогу квартирасында жалгыз жашап атканда өз колуна алып, өлгүчө бапестеп багып, өз үйүнөн көрүстөнгө узатыптыр.
Турардын 1926-жылы туулган эжеси Гүлбайрам пенсияга чыкканча мектептерде орус тилинен сабак берип жүрүп, ушул тапта пенсионер чалы менен Алчалы айылында, куду атасынын короосуна салынган тамында жашап атыптыр.
Рахмандын балдарынын бирөөнөн башкаларынын өз балдары бар экен. Алардын көпчүлүгү шаарлашып же орусташып кетип, ар кими өз алдынча күн өткөрүп жүргөн сыяктанат.
Баса, бажалыгынан Рахмандын шоруна калган профессор Е.Л.Груздиев-Радин кийин толук акталып чыгып, 1980-жылдарга жетип келип көз жуумптур.
Рахман Молдокасым уулунун кейиштүү тагдырына тиешелүү муңдуу баян ушуну менен соңуна чыгат. Эми анын өзүн унуттурбай турган "перзенти" дегенге арзыган "Шайлоо" повестине кезек келет.

## Жалган жалаалар курманы

Адегенде эле алдын сызып эскерте кеткенибиз оң: "Шайлоо" жакшы-жаманы аралаш адабий традициялардын (салттардын) үлгүсүнө салып көркөм тексттер жазуу өнөрүн аки-чүкүсүнө чейин өздөштүргөн профессионал жазуучунун калеминен жаралган эмес. Повесть атайын кесиптик таалим-тарбиядан өтпөгөн, мурда дегеле көркөм тексттер

кураштырып көрбөгөн, жазуучулук жумушка кокустан киришип калган кодура калемгер тарабынан адабияттык шекил берилген мемуардык (эскерүүлөр тибиндеги) чыгарма сыяктуу жазылган. Тактап айтканда, автор повестинде өзү жаш чагында аралашып жүргөн, күбө болгон, атүгүл керт башынан кечирген болмуш окуяны адабиятташтырып чагылдырууга далалат кылган. Ошондуктан анда турмуш чындыгы көркөмдөп баяндоонун жана сүрөттөөнүн дүйнөлүк адабиятта иштелип чыккан стилдик кооз кийимдери, такма шөкөттөрү, упа-эндиктери менен сулууланбастан, турушунча жайдак, жылаңач көрсөтүлгөн.

Автор чыгармасында окурмандарга маалымдайын дегендерин, маселен, окуя тизмегинин баштапкы ал-абалын, өнүгүшүн, аякташын көпчүлүк эл сүйлөп жүргөн сөздөр менен жөнөкөй, бирок таамай аңгемелеп берет; аңгемелеп бараткандa бир жерде да саймалуу, илептүү (пафостуу), жешилген маанилүү (штамптуу) сөз айкалыштарын же сүйлөм түрмөктөрүн колдонбойт; каармандарынын кебете-кешпирин, кыймыл-аракетин, психологиялык ал-жайын, ойлоо жана сүйлөө өзгөчөлүгүн майдалап сүрөттөбөйт; атургай алардын сүйлөгөндөрү кандай жест (кол кыймылдары), кандай мимика (бет өзгөрүүлөрү) менен коштолгонун да чубалжытып комментариялабайт.

"Шайлоонун" анча татаал болбогон сюжетинин (окуялар тизмегинин) маани-маңызы сабаттуу жазылган чогулуш протоколунун стилин эске салган авторлук аңгемелөөлөрдөн жана сүрөттөөлөрдөн, каармандардын абдан арбын берилген монолог-диалогдорунан ачыкка чыгат. Ошол мазмундун кыскача сыгындысы төмөнкүдөй. Мына, кыргыз жергесине жаңыдан тамыр жайган Совет өкмөтү кыргыз элине өзүнчө мамлекеттик бирикме (автономиялуу область статусун) тартуулап бергенден кийин айылдык, болуштук (райондук), уездик (областтык), борбордук эл башкаруу органдарынын башчылары да, мүчөлөрү да мурдагыдай жогортон дайындалбастан, эл тарабынан шайлансын деп европалык үлгүдөгү демократиянын бир нормасын сунуш кылат.

Шоро айылында айыл башчылыгына мурдараак эмгекчилер табынын өкүлү катары Мамыт деген бирөө дайындалган экен, ал мансап ээрине минген соң айыл жамаатында Совет бийлигинин саясатын жүргүзбөйт; өз иш-аракетинде кедейлерге таянбайт, алардын таптык сезимин ойготууга, мүдөөлөрүн жактоого жана жүзөгө ашырууга күч жумшабайт; айылдын дөөлөттүү кишилеринин эсебинен үйбүлөсүн багып жүргөндүктөн алардын кызыкчылыктарын коргойт, сөзүн сүйлөйт, айтканын жасайт.

Мамыт аткаминерлигинин аркасы менен турмушун бир аз дурустап алган соң кадыресе семирип да, көпкөлөң тартып да кетет: тирүү аялынын үстүнө токол алат, эки аялы тең кысыр жатын чыккандыктан дагы токол алсам деп кыялданып жүрөт.

Ал өзү сабатсыз, саясатка кайдыгер, ыкшоо болгондуктан мойнуна тагылган өкмөттүк милдеттерди аткаруу жагын секретарь кылып алган чала сабат татарга тапшырып коет. Андыктан айылдык Советтин иши илең-салаң агып, бар-жогу билинбейт.

Айтор, эмгекчи калктын бийлигимин деп чыккан жаңы өкмөттүн учурдагы саясатын айыл шартында активдүү жүргүзсүн деп коюлган Мамыт өзү башта көрүп жүргөн аткаминер бай-манаптардын кылганын кылып, айтканын айтып, жүргөн-турганын туурап калат да, ал кезде али тоталитардык мазмун-шекил ала элек Совет бийлигинин демократия багытындагы идеяларына түк да коошпогон, кыргыз эли өзү "кыргызчылык" деп ат берген сасык саясаттын өкүм сүрүшүнө жол ачат.

Мамыт ошентип иштемиш болуп жүрсө, жогортон айылдык Советтин башчысы да, мүчөлөрү да көпчүлүк тарабынан шайлансын деген буйрук келет. Бу кабар аны катуу чочулатып, бейпайга салат. Ал күн мурунтан кооптонуп, ордунда калыштын айласын

издейт, дагы да "кыргызчылык" саясатына таянып, айыл аксакалдарын кой союп коноктойт, алардан боло турган шайлоодо туугандарын өзүнө добуш бердиришин өтүнөт. Оозу майланган аксакалдар Мамыттын өз ыкшоолугунан эт-чел арасында арабөк жүргөнүн артыкчылык катары көрүп, негизинен "тынч болуш" болгону үчүн ага жапырт добуш бердирем деп убадалашып, убаданы бата менен бекитишет. Ал-аңгыча Мамыттын уругуна атаандаш уруктун амбициялуу кишилери табылып, болочок шайлоодо айыл башчылыгына өз туугандарынан бирөөнү өткөрүү идеясын айтып чыгат. Бул идея көбүнүн көңүлүнө төп келип, колдоого алынат. Жадагалса ал уруктун "айыл баштыгы Мамыт болсун" деп бата берип койгон аксакалдары да берген убадасынан оңой айнып, урук "патриотторуна" кошулуп кетет. Ошону менен оңбогур кыргызчылыктын "ургачы болсо да өз короомдон кочкор коем" деген принцибин тутунган урук башчылары жалпы айыл жамааты үчүн орток боло турган мүдөөлөрдөн өз уругунун өзүмчүл мүдөөлөрүн алдыга алып чыгат.

Мамыттын уругуна атаандашкан уруктан айыл башчылыгына оокаттуу аткаминер Чымырдын кандидатурасы тымызын көтөрүлөт. Анын колдоочулары шайлоодо добуш берүүчү кишилерди өз тарабына тартыш үчүн аларга акча берүү зарылдыгын түшүнүп, өз малдарынан базарга алып барып сатат, түшкөн акчадан айылдагы башка уруктардын Мамытты колдойлу деп тургандарына үлөштүрүп, аларды өз жагына имерүүгө киришет. Бу кыянаттуу демилгенин кабарын эшиткенде Мамыттын туугандары чочуп кетет да, карбаластап акча табууга урунат. Мал-салдарынан сатса, көп акча алып келбейт. Алар карайлап шаарга барып, райондун бийлик орундарында отурган мүдөөлөштөрүнөн, алардын арачылыгы менен бир бай дунгандан карызга акча таап келет да, акча үлөштүрүү менен берки жакка ооп кеткендерди өз тарабына кайра оодуруу аракетин жасай баштайт. Атаандаш эки уруктун арасында бейтарап тургандар эки жактан акча алып, шайлоодо ар бирин колдоого убада бере берет.

Шайлоо күнү келгенде эки тарап тең добуш берилүүчү жайга келбей, эки башка жакта "биз көппүз, бизге келсин" деп кыйыктанып туруп алат, болуштук (райондук) администрациядан келген өкүлдөрдүн буйругуна да, өтүнүчүнө да кулак салбай коюп, а күнү шайлоо процедурасын бүлүндүрөт. Шайлоо эртеси күнү өткөрүлмөк болот.

Ошол түнү атаандашкан топтор, ортодо калыс турган же бир жагына ооп алган шайлоочуларды дагы да акча үлөштүрүү менен өз тарабына тартуу үчүн жан үрөйт. Добуш берчүлөргө бөлүштүрүлсүн деп берилген акчаларды орто жолдо алдым-жуттум ортомчулар мойсоп коет.

Эртеси Шоро айылында шайлоо өткөрүү үчүн Кыргызстандын борбордук бийлигинен Смаилов жана Артемов деген эки аттуу-баштуу чиновник келет. Алар эң оболу айылдын алты коммунисттин, "Кошчу" бирлигинин айылдык ячейкасынын жана Батрактар (малайлар) уюшмасынын жетекчилерин чакыртып жыйнайт. Себеби Совет бийлиги "Кошчу" бирлигин да, Батрактар уюшмасын да Орто Азиянын эзилген эмгекчилерин жаңы коом курууга активдүү тартууда, айыл калкынын арасында таптык жиктелүүнүн тездетилишинде, айылдык эл башкаруу органдарына кедейлердин өкүлдөрүн келтирүүдө большевиктер партиясына таяныч, жардамчы, мүдөөлөш болот деген үмүт менен курган эле.

Тилекке каршы, Шоро айылында баштапкы партиялык уюмдун, берки эки уюшманын да аты эле бар, иши такыр жок экен. Булардын жетекчилери да, активисттери да таптык ой-сезимдери анча ойгонбогон, өздөрүнө тагылган расмий милдеттерди түшүнбөгөн караңгы, демилгесиз немелер экен. Тек Ташкенден окуп келген жаш коммунист Садык Казиев гана

саясий жактан тыңыраак экен. Ал азыр айылында ишсиз жүрүптүр, анткени Ташкенден Бишкекке жиберилсе, борбордук кыргыз бийлигинин уруу-урууга бөлүнүп кармашып аткан жетекчилери а жигиттин өздөрүнө жат да, керексиз да кичине уруктун кулуну болгону үчүн ага кызмат бербей коюптур. Айылдагы советтик уюмдардын өчөйгөн жетекчилерине нааразыланган Садык Бишкектен келген Смаилов менен Артемовдун колдоосу менен демилгени өз колуна алат да, Айылдык советке мүчөлөр боло турган элүү кедейдин аты-жөнүн тизмелеп чыгат, тизмеге киргендерди коммунисттер менен батрактардын кошмо жыйналышына чакыртат.
Жыйналышка келген кедейлер, айрыкча коммунисттер али урууччулук аң-сезимдин туткунунан чыга элек, өздөрүнүн заманы келгенин биле элек түркөй немелер экен, алты коммунист да, кырк төрт батрак да экиге бөлүнүп, ар бири өз уругунун таламын талашып жатып алат, асыресе бир тарабы Мамыттын тизмеге кирбегенине нааразыланса, экинчи тарабы Чымырдын тизмеде жоктугу үчүн чыр чыгарат.
Ал-аңгыча Чымырдын тарапкерлери өз кандидатынын атын Садык шайлоо тизмесине киргизбей койгонун эшитип, ачууланган бойдон жыйналыш өтүп аткан үйгө чаап келишет, эшикке кокус чыга калган Садыкты өлтүрүү ниетинде качырып тийип, үйгө кубалап киришет. Жулунуп киргендерди борбордук бийликтин эки өкүлү тапанчаларын сууруп чыгып араң токтотот.
Тапанчалардан сестенген коогачылар жели чыккан табарсыктай шылпыя түшүп, шайлоонун өткөрүлүшүнө макул экенин билдирет. Бирок добуш берүүгө кезек жеткенде жаатчылыктын сокур намысы ээликтирген, эрегиштин кызуусу дүүлүктүргөн эки тарап оолуккандан оолугуп, чабышканы бири бирине тап коет. Кагылышканы калгандарды борбордон келген эки чоң тапанчаларынан октор чыгарып атып араң тынчытат. Ошону менен Шоро айылында шайлоо өтпөй калат.
Эртеси күнү Токмок болушунун (районунун) партиялык-өкмөттүк кызматкерлеринин жыйналышы чакырылып, анда шайлоо иши бүлүндүрүлгөн Шоро айылында мүчөлөрү жана башчысы эл тарабынан шайланбай, жогортон дайындалган Ревком - революциялык комитет курулсун деген чечим кабыл алынат. Анын эртеси Шоро ревкомунун башчылары жана мүчөлөрү дайындалат, алардын арасынан эмгекчилердин болуштук Советинин мүчөлөрүн шайлай турган съездге делегаттар белгиленет.
Көп өтпөй айыл-айылдардан делегаттар Токмокко келип, андагы "Эл үйү" делген имаратка съезд башталып, кызуу иштеп атса, Шоро айылынан айылдык Ревкомдун курамына илинбей калган аткаминерлер, башка айылдардан да ошондой нааразылыгы барлар уруксатсыз эле съездин үстүнө бейбаштык кылып кире баштайт. Бул бейбаштарды тополоң чыгарып съезддин ишин бузсун деп айылдардагы жаатчылык күрөштөрүнө аралашкандыгы үчүн кызматтарынан бошотулган болуштук жетекчилер тукуруп алып келген экен. Тополоңчулар айкырып-кыйкырып чуу чыгара берип, съезддин ишин чын эле бүлгүнгө учуратат.
Ушунун кесепетинен Токмокто болуштук Советтин мүчөлөрү жана жетекчилери шайланбай калат да, болуштук Ревком курулуп, алардын жетекчилери борбордон дайындалат. Бул Ревком эл арасынан жаңы кадрларды (арасында Садык да бар) көтөрүп, Совет өкмөтүнүн айылдан борбор шаарга чейинки бийлик органдарынын калк тарабынан шайланышы үчүн жасаган аракеттерин бүлдүргөндөрдү жазалоого киришет.
Ушул окуялар тизмеги "Шайлоо" повестинде ырааттуу чубатылып, жөнөкөй хроника түрүндө аңгемеленет. Бу жагынан повесть атактуу "Броненосец Потемкин" фильмине окшошуп кетет. Сергей Эйзенштейн өзүнүн улуу фильми "Броненосец Потемкиндин"

мазмундук-шекилдик структурасын мамындай мүнөздөгөн экен: "Фильм хроника түрүндө курулган болучу, бирок ал хроника көрөрмандарга куду драма сыяктуу таасир этет". "Шайлоо" повести "Броненосец Потемкиндей" дүйнөлүк көркөм шедевр болбосо да, анын хроника тибиндеги мазмундук-шекилдик курулушу туурасында гений кинорежиссердун өз кинолентасы жөнүндө өйдөкү айтканын айтууга кадыресе негиз бар. Себеби Рахман Касымовдун жөпжөнөкөй жазылган баянында аң-сезими патриархалдык деңгээлден үйдө көтөрүлбөгөн түркөй элдин өзүнө коомдук абалын өзгөртүү шансы тартууланса, андан пайдалана албай кесирленип, урук-уруу аралык жаатташмай илдетинин туткунунда кала бериши, ошондой эле али тоталитар мазмун ала элек Совет бийлигинин карапайым эмгекчи калкты европалык демократияга чала-чарпыт кооштуруу демилгесинин кырсыктап бүлгүнгө учурашы көрсөтүлөт. Мунун өзүндө кейиштүү элдик драманын айкын белгилери бар.
Ушуга байланыштуу мындай суроо ортого чыгат: ким билет, адегенде элдик бийлик болуу максатын көздөгөн Совет бийлигинин жүрө-жүрө тоталитар режимге айланышында бүтүндөй Сталин башында турган большевик бюрократтардын мансапкорлугу, залымдыгы, кыянатчылыгы гана эмес, карапайым эмгекчи калктын билимсиздиги, баеолугу, мифтерге ишенчээктиги, өзүнө берилген саясий мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаландырбаган ыкшоолугу, өз тагдырына кайдыгерлиги да кадыресе чоң роль ойногондур?
Мындан тышкары "Шайлоо" повестинде автор өзү аңгемелеп бергендер жана каармандары сүйлөгөн кеп-сөздөр чогуусу менен 1920-жылдардын кап ортосундагы кыргыз элинин аң-сезим деңгээлинен, психологиясынан, тиричилик өткөрүү ыңгайынан, таптык курамынан жана анын жиктелиши мүнөзүнөн, кыскасы, Совет бийлиги кескин өзгөртүү үчүн тынчын алып козголой баштаган жалпы кыргыз коомунун ал-жайынан көп сандаган конкреттүү маалыматтар билдирет.
Мынакей, повесттин каармандары. Алардын жүргөн-тургандары, кылган-эткендери, айткан-дегендери автордун кыялынан идеологиялык талаптарга ылайыкталып апыртмалуу чыгарылган эмес - куду реалдуу турмуштагыдай демейки, табигый, жөнөкөй.
Аксакал каармандарынын арасында бир далай кыргыз романдарындагы күмүш сакалдарын жайкалткан идеалдуу карыялар сыяктуу дегеле салабаттуу жүргөн, саймедиреп акылман сүйлөгөн, талаш-тартыш чыкса кара кылды как жарып калыстык кылган бирөө да жок. Падыша заманын көксөп, Совет бийлигин өгөйлөп, ага зыян келтирели же каршылык көрсөтөлү деген картаң байлар да көрүнбөйт. Алардын топуратып малай күткөндөрү, малайларын эзип иштетекени, кордогону, сабаганы да билинбейт.
Кедей каармандарынын арасында деле К.Жантөшевдин "Каныбегиндеги" жарды-жалчылар өңдөнүп кулдук абалга түшкөндөр, байлардан токмок жей бергендер, таптык жек көрүү сезимдери кыйнагандан эзүүчүлөргө көбүртүп-жабыртып каргыш айткандар, коомдо зордук-зомбулук, адилетсиздик өкүм сүргөнүнө каңырык түтөтүп наалыгандар жок. Совет бийлиги калк ичинде таптык күрөш жүргүзүлсүн деп талап кылып, колдоо көрсөтүп атса да Шоро айлынын кедейлери, атүгүл большевик болуп алгандары бай-манаптарга каршы чыкпайт. Баса, айылдык алты коммунисттин ичинде социализм идеяларына чындап берилгени, чыныгы большевикче ыйманы бары, Совет бийлиги үчүн жан кыюуга кайыл болгону байкалбайт.
Повесттеги байлар да, кедейлер да бүтүндөй кыргызчылык түшүнүктөрүнүн, психологиясынын, өнөкөттөрүнүн, салттарынын, ойлоо-сүйлөө стереотиптеринин

алкагынан суурулуп чыкпаган кишилер. Баары тең Совет бийлигин кыргыздарга да мамлекеттик башкаруу системасында вакансиялар (бош кызмат орундарын) ачып берген бийлик катары гана кабыл алат. Байлардын да, кедейлердин да билимдүү же кат-сабаттуу мансапкор өкүлдөрү ошол жаңы ачылган вакансияларга илешүү максатында большевиктердин катарында өтүп, бош орундардын көбүн тууганадашып ээлеп калыш үчүн өз ара таймаштарга кирет. Бул таймаштар идеялык ынанымдарга, программалык принциптерге, саясий муктаждыктарга таянбай, урук-урууччулук тилектештик негизинде жүрүп, айылдык чала сабат аткаминерлерден борбордук кыргыз бийлигинин башына келтирилген билимдүүлөргө чейинки мансапкорлорду өз ичине камтыйт. Ырас, автор оң каарманы катары симпатия менен сүрөттөгөн Садык Казиев бир-эки жолдошу менен бирге урук-уруулук жааттaшуудан тышкары айылдык мансап талашка кийлигишет, бирок ал деле коммунисттик ыйманы буйрук кылгандан эмес, ишсиз жүргөнүнөн ошентет. Ал Ташкенден советтик саясий таалим алып келсе, Бишкектеги уруу-урууга бөлүнүп атаандашкан кыргыз өкмөтчүлөрүнөн бирөөнө уруулаш чыкпаганы үчүн бир дурус кызматка илинбей калган эле. Ошонун күйүтүнөн айылдагы туугандашып такты талашмайга каршы күрөшөт да, борбордон келген эки чоңдун көзүнө көрүнүп, Токмок милиция начальнигинин орунбасары болууга жетишет.
Повестте каармандардын диалог-монологдору, жадагалса билимдүү өкмөтчүлөрдүн айткан-дегендери жасалмалыгы жок табигый чыгып, абдан ынанымдуу кабыл алынат, өтө бай мазмундук маалыматтар ташып, окуялардын көмүскө жактарынан жана сүйлөгөндөрдүн ички дүйнөсүнөн кабарлар берет.
Жалпысынан баалай келгенде, "Шайлоо" повести бир айылдын мисалында Совет бийлигинин кыргыз эл-журтунда алгач орун-очок алышы кандай кыйынчылыктар, карама-каршылыктар, күрөш-кагыштар менен коштолгонун, большевиктердин жаңы элдик бийлик жаратуу аракети кантип патриархалдык кыргыз менталитетине такалып, кандай паска согулганын, бурмаланганын, бүлүнгөнүн дал өзүндөй чагылдырган жупуну күзгү сыяктуу бир чыгарма. Чыгарманын автору, биринчиден, сүрөттөө объектин (турмуш чындыгын) беш колундай жакшы билгенинен, экинчиден, курч чынчылдык туйгусу жана жетиштүү тилдик компетенциясы барынан кокус жазып салган. Жазганынын ушундай ынанымдуу чыгып калышында автордун жалпы билими болбосо да адабий билиминин тайкылыгы, айрыкча социалисттик реализм методуна ылайык турмуш чындыгын опсуз боемолоп, жасалгалап, асмандатып отуруп, таттуу жалганга айландырып көрсөткөн чыгармалардан таалим же таасир албаганы да чоң роль ойногон. Эгер "Шайлоонун" турмуштук материалын өзү анча таасирленбей калган ошол чыгармалардагыдай кылып аңгемелеп берсе же ошенткенге мүмкүнчүлүгү жетсе, Рахман Касымов бат эле эскирип, азыр деле, келечекте деле эске алынбай турган бир адабий текст жаратып тим калмак. Ушуга байланыштуу Лев Толстойдун бир айтканы цитаталанууга суранып турат. Улуу орус классиги өзүнө замандаш жижиң калемдүү жазуучунун көп сөздүү көңдөй романдарын чыныгы адабиятка жолотпой турган тексттер деп жаман көрчү экен. Бир күнү адабият жөнүндө сөз жүрүп калса, Лев Николаевич мындай дептир:
"Мисалга ("Библиядагы")Жусуп Сулуу баянын алалы. Ал эмдигиче менин көңүлүмү элжиретет, бүткүл адам аттуунун көңүлүн элжиретет. Эми ошол баяндын окуясын Боборыкинге жаздырып көргүлөчү. Ал өзүнүн техникасы менен, маселен, "тиги зайып кыйшайып жатса, берки сол бутун көтөрө берип минтип айтты", же болбосо "каалганын боз түстүү боегу үлүндөгөн чакан чырактын бүлбүл жарыгында билинер-билинбес нурданып турду" дегендей сүйлөмдөрү менен жаңкы окуянын шорун катырып, абийрин

айрандай төгүп тынат... Шек жок, Жусуп сулуу баяны өлбөй жашап келатат, көп кылымдар бою жашай да берет, а Боборыкиндин жазгандары бир сезондон нары бара албайт".
Айтмакчы, "Шайлоо" повестин окуп чыкканда соңку мезгилде кыргыз элинде шайлоолордун кантип өтүп келатканы эрксизден ойго кылт этет. Байкап баксак, ар кыл деңгээлдеги шайланма бийлик өкүлдөрүн көп талапкерден бир мыктысын чекесинен чертип тандоо мүмкүнчүлүгү тартууланса, бүгүнкүнүн бир кыйла билимдүү кыргыздары 1920-жылдардын ортосунда жашаган кат-сабатсыз кыргыздардыкынан анча айырмаланбаган кылык-жоруктар көрсөтүп турат ко бай болгур кембагалдар. Сексен жыл орус-совет вариантындагы цивилизациялык таалим-тарбия берилсе да, соңку бири кем он беш жылда Батыш дүйнөсү өз демократиясынын өрнөктөрүнөн дарстар окуп келатса да, биздин кайран кишилер баягы эле кашайып калгыр кыргызчылыктын сазынан суурулуп чыга албаган экен.
Аттиң ай, ушунча узак заман аралыгында Айкөл Манастын тукумдарынын аң-акылында, дүйнөгө көз карашында, өнөкөттөрүндө, баарынан да өз тагдырына жана келечегине карата мамилесинде анча деле сапаттык жылыш болбоптур! Буга азыр деле шайлоолор өткөндө уруу-урууга бөлүнүп араандашмайдын жана тирешмейдин, көпчүлүктүн добуштарын арзан-арзан сатып алмайдын, "ургачы болсо да өз короомдон кочкор коем" принцибин бекем тутмайдын, дагы башка кыргызчылык салттарынын кыргыз арасында арааны жүрүп, салтанаты сайраңдап атканы айкын мисал эмеспи.
Атаганат, азыркы шайлоолордун реалдуу картинасын бүткүл былык-чылыгы, драмалуу жактары, кесепеттүү өрнөктөрү менен адабият күзгүсүндө чагылдырып койгон Рахман Касымовдой бир калемгер жок!

**Рахман Касымов**

## ШАЙЛОО

**(Повесть)**

**I**

Ыбрай менен Алымкул эски Токмоктун четиндеги жаңы салынып, кара шыбак менен чала-була шыбалган орустун тамынан аттанып, кыштактын сырты менен Шоронун чоң жолун көздөй жөнөштү.
Күрткү тыгылган алыштан өтүп, чоң жолго түшкөндөн кийин Алымкул:
- Деги, Ыбыке, азаматсың, орус дебей, олок дебей сага сый көрсөтүүчү болгон турбайбы. Жанагы сары сакал орусуң арагын улам-улам куюп, дегеле жаны калбайт, аны менен качантан бери таанышсың, - деди.
- Улам-улам куйбай кара жерге кирсин, баш-аягы экөөбүзгө бир бөтөлкөдөй эле арак берди, андан башка арагы жок экен иттин. Дагы да жарым бөтөлкө болсо болот эле. Чала өлгөн жыландай болуп киши жаман болот экен, - деди Ыбрай.
- Мен кызып эле калдым. Сен менден ашыкча ичтиң эле го, кантип кызыбайсың?
- Сен аракты айында же жылында бир ууртасаң, кызыйсың да. Сенин Кочкоруңда арактын жыты да жоктур, - деп Ыбрай алды жакты карады. - Тетиги кишилер ким болду экен? Жүрчү, жете баралы.
Ыбрай көк кунандын тизгинин жыя кармап, үзөңгүнү чирене тээп, таскактата жөнөдү.

- Оозун кое бер! Кунаныңды байкайлы, - деп көк кунанды сооруга бир салган Алымкул өзүнүн кызыл атынын оозун кое берди.
Бир дыр дегенде эле алдыңкы келе жаткан кишилерге жетип, аралаша түштү экөө.
Бул эки киши да базардан үйлөрүнө чыгып бараткан Шоро элинин биринчи айлынын кишилери Өскөн менен Атамкул эле.
- Ээ, балдар, бая эле чыгып баратат элеңер, кайда жүрдүңөр? - деди Өскөн.
- Мобу эски Токмокто орустарда ат чалдырып отурдук, - деп жооп берди Ыбрай.
Аңгыча арт жактан жашы жыйырмалардан ашкан кара тору жигит атын таскактаткан бойдон жете келип, атынын оозун жыйып:
- Салоомалейкум, аксакалдар! Кечигип чыгып калыпсыздар, - деди.
- Ээ, балам, күн кыска, өйдө-төмөн жүрүп тиричилик бүткөнчө эле кеч болуп калат экен, - деп Өскөн ылдый карады.
- И-ий! Садык, өзүң эмне кечигип калдың? - деди Өскөндүн жанындагы Атамкул абышка келген жигитке карап.
- Мекемелерде эле анча-мынча жумуштарды бүтүрүп жүрүп кечиңкирээп калдым, - деди Садык.
- Кантип эле мекеме күн батканча иштесин, спирт ичип жүрдүм деп эле чыныңды айтсаңчы, - деди Ыбрай.
- Эси-дартыңдын баары эле бозо менен арак, элдин баарын өзүңдөй ойлойсуң го, кургур оозу кургабаган, - деп Садык Ыбрайды карап күлдү.
- Жок, Садык, андай дебе. Жашчылык эки келбейт. Жаш кезде ичип-жеп, ойноп-күлүп өткөн эле жакшы болот, Ыбрайдын сөзүн чеки көрбө, - деди Өскөн.
- Чеки көргүдөй бул бир сопу дейсиңби, анчейин айтып жатат да, болбосо баарыбыздан көп ушул ичет, - деди Ыбрай. Кылчайып Садыкты жаман көзү менен карап да койду.
- Столовой менен пивнойдон чыкпайт, кала берсе орустардын уурдап саткан самогонун да койбойт десең, - деп Садык Ыбрайдын өз кылыгын эсине түшүрүп какшыктады.
- Столовойдон сени деле көрүп жүрөбүз, көп сопулана бербесең, байкуш, - деп Ыбрайдын ачуусу келе баштады.
- Ичкиликтин жаш кезде айбы жок. Анын жөнүн айтып сөз жарыштырганыңарды коюп, бизге жаңы кабардан айтып бергилечи. Шайлоо болот дейт, качан болот экен? Аны биле алдыңарбы? - деди Өскөн Садыкка карап.
Садык "мунун шайлоодо эмне иши бар экен" деп ачуусу келди.
- Шайлоо болот, бирок болгону менен анда сиздин катышыңыз жок да, аны эмне кыласыз?
- Ээ Садык, балалыгың да - деп Атамкул абышка кылчайып Өскөндү карап койду. - Өскөн илгерки карышкырдан эмеспи. Шайлоо дегенде бүйрү кызып жатпайбы.
- Бүйрүм кызып эмне кылайын, ал заман өтпөдүбү. Бирок эл-журт болгондон кийин ошондойлорду кишинин уккусу келет экен, ал айып болсо, сурабай деле коеюн, - деди Өскөн.
Ачуусу али таркабаган Садык сөз жөнөттү:
- Угуп эмне кыласыз, эптеп оокатыңызды өткөрүп жүрө бербейсизби.
- Элдин баарын оокат кылдырып коюп, бийликти жеке ээлемекчисиңби сен? - деп Ыбрай Садыкка карап кызыраңдады.
- И-ий! Сага эмне жок, сен да укугуңдан ажырадың беле? - деп Садык күлдү.
- Ажырабаса, ажыратайын дедиң беле, - деп Ыбрай Садыкка апыраңдай баштады.
"Ушул ит менен ажылдашып отурамбы" дегенсип Садык унчукпады. Ал алыштан өтүп, батыш жактагы жолду көздөй бура тартып:

- Кошуңуздар, эмесе! - деп таскактатып жөнөдү.
Иңир кирип туш-туштан боз үйлөрдүн оттору көрүнө баштады.
Тиги төртөө жогору кеткен жол менен жай бастырып аңгемеге киришти.
- Ээ, кудайдан гана тапкыр жубарымбек, "эптеп оокатыңды кыла берсеңчи" дейт э-э. Ай, ушул Атакенин тукумунан ушундай бир бала чыкпады, кайсыны айтайын! - деп Өскөн наалыганга кирди.
- Мунуңар ким болот? Эң эле keриле сүйлөгөн неме экен. Өкмөтчүбү же окуп жүргөн немеби? - деди кочкорлук Алымкул.
-Өкмөтчү болбой кара жерге кирсин! Ушул айылда эле жүргөн эме, - деди Ыбрай.
- Ай, Ыбрай! Силер кишидей болсоңор, ушул ушинтип жүрмөк беле? Бул ким өзү? Тентиген бир жалгыз түтүн кыпчак. Мунун дагы бир Ыйман деген жолдошу бар, ал Токмокто өкмөтчү болуп иштейт, анын түбү болсо тентиген саяк, а да жалгыз түтүн. Анан айылда чогулуш болсо эле ушулар сүйлөйт, ушулардын айтканы айткан, дегени деген. Башта болсо бийлер укуксуз болот имиш деп кулагыбыз укканы менен, чогулушка аралашып, сүйлөй берчү элек. Ушул айылга келгени, деги ушулар атка мингени бизди бөлөк олтургузуп койчу болду. Ал түгүл өгүнү: "Силерди ким чакырды? Мындан кийин чогулушка келбегиле! Азыр тетигиндей бөлөк олтургула же кеткиле" деп көрүнөө эле куубадыбы, ботом. - Болуш да эчтеме дей албай койду, - деди Өскөн ызалуу доошу менен.
- Өскөн, сен көп капаланба! Өкмөт кедейдики деп жатпайбы Советиң, кантет элең, - деди Атамкул абышка.
- Ой, Атамкул сен да бала болуп калыпсың. Атакенин кедейи жок бекен? Ыбрайдын атасы бай беле? Эми Ыбрайлар ошентсе, тең ата эмеспи дээр элем, бирок тиги тентиген тексиз кордоп отурса, күйбөгөн жериң күл болот экен, - деди Өскөн.
- Кой, эми көп наалыба, мен айлыма келип калдым окшойм, кош эмесе, - деп Атамкул бурулуп, от жылтылдаган эки-үч үйдү көздөй бастырды.
- Кош, эртең биз жакка бастырып кел, экөөлөп жанагы айтканга баралы, - деди Өскөн.
Бир аз бастыра түшкөндөн кийин:
- Ээ Ыбрай, эми бала эмессиң, Садыктан улуудурсуң, жыйырма бешке келип калдың го? Окууң деле бар, кат тааныйсың. Орусча булдураганды да тигинден кем билбейсиң. Бирок ушул итке кор кылбай, тизгинди өз колуңа алсаңчы, балам - деди Өскөн.
- Ал жерге кирсин, аны сиз жөн эле көтөрүп атасыз, анын колунан эмне келет? Чогулуштарда эле кыйкырганы болбосо, колунда бийлик деле жок. Жөн эле бизге окшогон эле неме, - деди Ыбрай.
- Ой, Ыбрай! Өкмөт болбогону менен анын сөзүн келген өкмөтчүлөрдүн баары туура таап атпайбы! Ансыз дегеле иш бүтпөйт. Өгүнү Шарип сот Садык барышы менен, мурун макул деп коюп, кийин, ботом, арызын Садыкка жаздырыптыр. "Закүнга туура кылбасак, кийин чыр болот" деп Оторбайдын келининин башын ачып, үй ичинин баарысын келинине алып берип койбодубу. Мурун биз сүйлөшкөндө, Оторбайдын кудасы калыңга жеген малынын жарым-жартысын кайтарып бермек болгон, же болбосо, кызын кайра бермекчи эле. Эми ушунун кесепетинен Оторбай сызга отуруп клабадыбы! Мунун кылбаганы барбы, - деп Өскөн башын көтөрүп оң жакты карады.
- Мен да келип калдым окшойм, - деди да жолдон бурулуп, ат тизгинин жыя кармады, - Деги Ыбрай, сен ушул мен айткандарды эсиңе ала жүрчү!
- Макул, Өскөн! - деп Ыбрай ылдамдай бастырып жөнөдү.

**II**

Казы короодо бастырманын астын күрөп атса, Садык боз үйдө бирдеме жазып отурса, иттер чуулдап үрүп калды.
- Ээ, Казы! Каз-ы! - деген Көкөндүн үнү чыкты аңгыча. Казы короодон чыгып келип:
- Ии, түшпөйсүңбү, эмне атчан туруп алгансың? - деди.
- Жок, түшпөйм, жүр, атыңа мин, болуштун үстүндө чогулуш болот дейт, ошого баралы. Бириң калбай барасың деп баягы болуштун жигити Аттокур чоң тумшук келип кетти. Шарип сот, Бишкектен дагы бир чоң келиптир дейт.
Садык үйдөн чыгып, Көкөнгө салам айтты. Көкөн күлүмсүрөп:
- Алеки салам, Сакыш! Сен үйдө белең? Качан келдиң? Өкмөттөрүң келип, чогулуш кылам деп туш-туш жакка жигит чаптырып жатат дейт.
- Ал эмне чогулуш экен?
- Билбейм, шайлоо болот имиш, ошонун жол-жобо, тартибин түшүндүрөт дейт, жүрбөйсүңбү сен дагы?
-Жакшы, баргыла, мен барбайм.
Аңгыча ар жактан Усубаалы басып келип, салам берди.
- Алеки салам, келиңиз, - деди Садык.
- И-ий Көкөн! Кайда жөнөп бара жатасың? - деди Усубаалы.
- Өкмөт келиптир, шайлоо болот дейт, ошого баралы деп атабыз.
- Эми да бирдемеден дамең барбы? Ай, эми сага старчындык тие койбос, - деди Усубаалы.
- Мен деле ала коеюн дап жаткан жерим жок, чакырган чогулушуна баралы. Бир айылдан бир-эки киши барбаса болбойт го!
- Ким билет, эл жеп көнгөн каапыр дагы бирдемеден үмүтү барбы деп атам да, - деп күлүмсүрөдү Усубаалы.
- Эл чогулуп калгандыр. Казы, аттан, бастыралы, - деди Усубаалыга карап Көкөн. - Сен да барбайсыңбы, Усубаалы?
- Жок, барбайм, чогулуштан бирдеме өндүрүп жеп көнүп калган сен барбасаң, мага эмне бар, - деди Усубаалы күлүмсүрөп.
- Эмесе бара жүргөн эле биз баралы, жүр, Казы! - деп Көкөн ат башын бура тартып бастырды. Казы да аттанып, экөө жыйналышты көздөй жөнөштү.
Казы - дыйкан, өз оокатына өзү тың киши. Жалгыз баласы Садык он жети жашында жыйырмадамын деп Кызыл Армияга өз ыктыяры менен барып келген. Кийин Ташкентте бир жыл окуган, андан кийин анда-мында кызмат кылып жүрүп, азыр бош.

Көкөн Казы менен коңшулаш үчүнчү айылдагы он чакты түтүн саяктын аксакалы. Илгери старчын болуп, манаптар менен аралашып жүрсө да, азыр баштагыдай боло албай, жалаң мээнет менен оокат кылып калган.
Усубаалы биринчи айылдагы Казы менен чектеш асыктардан. Оокаты начар болсо да илгертен бери бир аттан ажырабай, элдин чогулушунан, кеп-сөздөрүнөн калбаган тең кедей.
Көкөндөр бастырып кеткенден кийин Усубаалы:
- Сакыш, сен эмне барбай калдың? Же бийликти кузгундарга эле берейин дедиңби? - деди.
- Жок, Усуке, анчейин эле баргым келген жок.
- Эмесе, жүр, үйгө кирели! Мен сага бир аңгеме айтып берейин.
Садык эшик ачып, экөө үйгө кирип, төргө отурушту. Чыгдан жактан ийик ийрип олтурган байбичеге:

- Апа, Усукеңе чай кайнат, - деди Садык.
- Усубаалылык белен чай бар, - деп Садыктын апасы ордунан туруп, ийигин керегеге кыстарып, дасторкон салып, нан коюп, чай куйду.
Чай куюлган чынынын колуна алып:
- Сен бирдеме уктуңбу? - деди Усубаалы.
- Жок, эчтеме укканым жок.
- Эмесе, угуп отур, мен айтып берейин, - деп Усубаалы сөзгө кирншти. - Кечээ кечке жуук Токмоктон сот Шарип менен дагы бир Бишкектен келген болдомочу Наймандыкына келишти. Мен ошол жерде элем. Алар келээри менен Найман Мамыт болуш экөө сүйлөшүп туруп, Шоронун манаптарын чакыртып туш-тушка жигит чаптырышты. Келген өкмөтчүлөргө бир кой сойду, Токмоктон арак алдыртты. Араң турган кузгундар турабы. "Шайлоо" жөнүндө Бишкектен болдомочун келиптир, акыл-масилет кылабыз деп Мамыт болуш менен Найман чакыртты" деген кабарды уккандан кийин эле жөнөй беришкен окшойт, кузгундар бат эле келип калышты. Биринчи айылдан Өскөн, Найман, Өмүр, экинчиден Мамыт, Жумабек, үчүнчүдөн Осмон, Ташы, төртүнчүдөн Таштан, бешинчи, алтынчы айылдардан Кадыр, Узак, Токтогон молдолор келишиптир. Айтор, өңчөй эле кочкорлор, жөнөкөйдөн бирөө да жок. Келген кузгундар коноктордун үстүнө отурбайлы деп башка үйгө олтурушту. Коноктор Наймандын уулунун өргөсүндө эле. Өкмөтчүлөрүң баягы Сабырга ыр ырдатып, комуз черттирип тамаша кылып отурушту. Алар тамашада болгон кезде кузгундарың бир самоор чайды ичип алып, акыл-масылетке киришти. Наймандын чоң үйүнүн бу капшытынан тиги капшытына чейин төрдү айландыра отурган он бир - он эки киши чайды ичип болуп, аркы-беркини айтып, бири бири менен сүйлөшүп, бирдеме күткөнсүп отурушту. Бир кезде чыгдан жаккы капшытта олтурган, эскирээк түлкү тебетей кийген, бакжайган кара саалдуу узун бойлуу жоон кызыл киши: "Эмесе, аксакалдар, сөзгө киришели, коноктор тигил үйдө тамашасын кылып отура беришсин, бизге алар мышайт кылбайт" деп сөз баштады. Бул үй ээси Найман эле.
Найман орус тилин анча-мынча билген, Совет өкмөтү орногондон кийин алгачкы кездерде бир нече жолу болуш да болгон, оокаттуу бай киши.
- Мына бул келгендердин бири өзүбүздүн Шарип, экинчиси солто Өмүрбектин уулу Бекеш экен. Ал Бишкектеги чоң өкмөттүн бири окшойт. Кыргыз өзүнчө бөлүнүп, бөлөк облус болуптур, Бишкек борбор болуптур, жаңы өкмөт түзүлүптүр деген кабар анык экен. Өкмөттүн башындагылар Сабырбеков жагынан экен. Кудаяров жагындагылар болсо четтетилибирээк калган көрүнөт. Анткен менен Кудаяров да куру жатпай, ушул боло турган шайлоону пайдаланып, өзүлөрүнүн кишилерин өкмөткө тартып, бийликти кайта колуна алсам деген аракетте окшойт. Сабырбеков жагы болсо колубузда өкмөт турганда кыргыз элин бириктирип, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаргандай болсок, элдин оңолоруна жакшы болор эле. Кыскасы, ушул шайлоодо кайсы жөн жеңип, кайсы жөндүн жеңилери көрүнүүгө тийиш. Мына бул жерде бир болуш элдин тизгинине ээ болгон аксакалдар отурасыңар, ийри отуруп, түз кеңешип, бир жагына оогондой бололу. Мындан мурун Шоро эли эки бөлүк эл элек, бирибиз Сабырбековду жактап, бирибиз Кудаяров жакта элек. Эми Атаке, Сатыбалды болуп экиге бөлүнүп, эки ураан чакырбай эле, Атаке, Сатыбалды бирикти деп бир ураан чакырсак, Шоро болгон жери бир болсок, буга кандай дейсиңер? - деди Найман.
- Макул, бириккенибиз жаман эмес. Кай жагына оосок дейсиң, ачык айтпайсыңбы? - деди Өскөн.
- Аны көбүңөр билгиле, - деди Найман. - О-ой Найман, көбүңөр билгиле деп куру сала-

салды койсоңчу! Ана, мен айтайын. "Солтонун атасынын көрү, алыскынын аты озгончо, айылдаштын тайы озсун" деген бар, тынай болобуз баарыбыз десем, сен бизди ээрчийсиңби? Эч убакта ээрчибейсиң. Андан көрө ачыгыңды айтпайсыңбы? - деди болтогойроок келген узун бойлуу чаар киши. Бул Шоронун үчүнчү айылынын манабы Осмон эле.
Осмон Николайдын кезинде болуш болуп "мыкты" чыккан неме эле. Совет чыккандан бери чочуңкурап, баштагыдай көп ачык чыга албай жүрөт.
- Ачыгы эле бул, мен айтайын, - деп жапалдаш бойлуу, көзү көк, чап жаак сары чийкил киши чыгып - алыс болсо да азыр солтонун аты чыгып турат. Өкмөт алардын колунда. Кудояробуң эмес, аны колдоп жүргөн Жаңыбаев менен Кожомкулов да талаалап калды дейт. Ошондуктан биз аларды ээрчип, кийин жагында суук тумшук болгонубуз жарашпайт, андан көрө солтого эмитен эле жылуу-жумшак боло бериш керек. Мына бу Бакештин келиши жөнөкөй эмес. Бул элди аралап, байкоого келген.
Ошон үчүн мунун эсебине тескери пикирлүү болуп кирип калсак, кийин терибизди тескери сыйырбайбы, - деди. Бул биринчи айылдагы асыктардын билерманы Өмүр эле. Илгери старчын болуп, "эл жакшысы" катарына кирген.
-Өмүр туура айтат, кайран Өмүр! - деди мурдунан сүйлөгөн, чап жаак, көзү үңүрөйгөн кара киши. - Сен айылыңдагынын тайын оздуруп алганча, эл байгени бөлүп, туш-туш жакка тарап кетпейби. Сенин тайыңды келет деп эле карап отурмак беле?
Ал анан Осмонду карап: Мен Атакенин анык тукумумун, менден ак сөөгүң жок. Бирок азыр өкмөт колдо турса, анын үстүнө солтонун балдарынын баары окумуштуу, орустун тилин балээдей билет. Алар орустарды өзүнө ээрчитип алышат. Кудаяробуң эмне, ал мага окшогон эле дүргөй кыргыз. Менден да жаман. Мен болсом ак сөөкмүн го, ал - Шабдандын чайчысы. Анын үстүнө колдогон Кожомкулубу менен Жаңыбайүбү куласа, андан эч кеп чыкпайт. Ошон үчүн намысты коюп, баарыбыз баш кошолу да, солто жагына оойлу, көп сөздү койгула, - деди. Бул Шоронун төртүнчү айылынын манабы Таштан эле. Ал да илгерки бий болуп эл жегендерден. Өлө жатса да корс эткенин койбогон текеберлүү намыскөй манаптардан.
- Таштан туура айтат, - деди төрдө отурган болжогой жоон кара киши. - Биздин бул жерде бир-бирибиз менен баш кошо албай отурганыбыз жакшы эмес. Силер байкайсыңарбы? Баш кошпосок, элден ажырайбыз. Бизди бириндетип жүрүп өзүбүздүн куу союлдар соет. Алар уюшкансып жүрүшөт. Мына бу Садык Бишкектен келгенден бери Токмоктогу Ыйман экөө куу союлдардын тил алгандарын баш коштуруп, бизге каршы уюштуруп жүрөт дейт. Өгүнчүрөөк Комичейке Шерматтыкында партияларды чогултуп, өзүлөрүнчө шайлоо жөнүндө сүйлөшүп, бизге окшогон карыялардын бардыгын каттап, элүү-алтымыш кишини шайлоого укуксуз кылыптыр дейт. Мына ушинтип алар өздөрүнчө бизге каршы аракетте экен. Аны мага Жумаалы айтты. А да кемунус эмеспи! - Муну айткан киши алтынчы айылдын билерман манабы Кадыр эле.
- Бизди каттап аткан Жумаалы эмне дептир? - деди Өскөн.
- Эмне десин, тиги каапыр кара бала Садык какылдап сакүн мындай, сакүн андай десе, унчукпай кол көтөрүп бериптир, - деди Кадыр.
- Деги ушул Садык оң таптырууччу бала эмес каапыр, - деп Өскөн ылдый карады - ботом, ушу бала күзүндө мени бир уят кылбадыбы. Дуулаттан кызын чыгарып алам деп Карасарт Кочкордон келиптир. Мага келгенинен, ага кийлигишип, келиндин башын ачып, Дуулатты да, катынын да ыраазы кылып, ишти бүтүрүп койгон элем. Садык базардан Дуулатка жолугуп, Болкомсоюз кошчудан буйрук алып, Дуулатты, Ыйманды, селком

кошчуну ээрчитип келип: Кедейдин катынынын башын ачуучу ким экен? "Сен Мекелейдин кезиндеги кесибиңди дагы эле кое элексиңби?" деп мени жекирди. "Сен кызыңды мурун сатканың аз келгенсип, эми Кочкорго алып барып дагы сатайын деп жүрөсүңбү?" деп Карасартты жекирди. Садык: "Жүргүлө, эче кишисиңер, атыңарга мингиле" десе, Карасарт жолдош жоросу менен аттарына минип, бактын далдоосу менен качып жоголду. Жолдош-жоросун издеп таппай, Дуулатты катыны менен атка мингизип алып кетпедиби. Мен жаман уят болдум. Кочкордогулар "бала-бакырага тили өтпөгөндөн кийин киришип эмне кылат" деп мени шылдың кылып жүрөт дейт. Бул бала жаман, ошон үчүн Кадырдын байка" дегени эң туура. Буларды байкабаса болбойт, - деп Өскөн сөзүн бүтүрдү.

- Бул жерде сүйлөгөн сөздөрү белгилүү болду. Ар айылдан бирден-экиден бар экенбиз. Бирок ушу жерде отурган баарыбыз эле айылыбызды толугу менен бийлеп кете алабыз деп айта албайбыз. Четке бура тартмайлар кайсы айылда болсо да бар. Ошон үчүн бүгүн мындайча пикирге келсек, - деди Осмон. - Эртең чогулуш болсо, өкмөтчүлөрдүн сөзүн угалы. Бизден башкалар да угаар. Анан ар айылдын билермандары өздөрүнчө сүйлөшүп, бир жагына оор. Кыскасы, эки-үч күндүн ичинде кабарлашып, кабарды Найманга бергендей бололу.
- Ошо чын, ошондой болбосо болбойт. Адам, өзүңөр деле байкагылачы! Жанагы куу союлдар турганда, кайсы айыл болсо да экиге бөлүнбөй койбойт, ойлоп көргүлө, - деп Өскөн туурадан чыкты.
Баары ушуга макул болушуп, сөздү токтотушту. Тиги өкмөтчүлөр отурган үйдөн ырдаган адамдын үнү менен кошо комуздун үнү чыгып, анда-санда күлкү аралашкан уу-дуу угулуп жатты.
Усубаалы көргөнүн, укканын айтып бүткөндө, Садык:
- Аркы үйдөгү өкмөтчүлөрдөн сөз уга алган жоксуңбу? - деди.
- Аларды билеалбай калдым. Ырдаган үн менен комуздун эле үнү чыгып атты. Мен дагы элден кийин аттанып үйгө келдим, - деди Усубаалы. Анан ал ичилген чайга бата кылып: - Байбиче, дасторконуңду жыйнап ал, - деп Садыктын апасына карады.
Бир аз унчукпай тургандан кийин Усубаалы:
- Эмне болот? Кузгундарыңдын сөзүнө караганда эл бир далай дуулдайт го? - деди.
- Эмне болмок эле, шайлоодо көрөсүз да,- деди Садык.
- Мунун кай жагы оң болоор экен? - деди Усубаалы.
- Экөө тең эле оң эмес, Советтин өзүнүн эле жолу оң! - деди Садык.
- Советиң деле бир жагын жактайт го!
- Совет экөөн тең кубалап, кедейди жактайт. Андан көрө өзүңөргө окшогон кедейлер өзүнчө биригүүлөрү керек. Кузгундардын артынан ээрчигенди коюу керек. Мына ошондо иш оңолот.
- Атаганат, кана! Кузгундарды кубалап, артынан ээрчитүүчү киши болсо, жок дегенде он кедейди ээрчитип артынан түшөөр элем, - деди Усубаалы.
- Ошо сөзүңүзгө бек болунуз, - деди Садык.
- Келе колуңду, бек түгүл, таштаймын, - деп Усубаалы Садык менен кол кармашты.
- Эми мен кайтайын. Күкү байбиче, кургак чайың барбы? Болсо бир-эки кайнатым берчи. Асылбүбүнүн башы ооруп калыптыр. Кудай ургандын башы чай ичпесе эле басылбайт, - деп Усубаалы Садыктын апасына карады.
Күкү байбиче керегеде илинип турган кичинекей чыт баштыкты алып, үч-төрт кайнатым

чайды кагазга ороп, Усубаалынын колуна берди.
Усубаалы узап кеткенден кийин Садык ээр-токумун эшикке көтөрүп чыгып, атын жетелеп келип токуп, үйгө кирип кийинип, камчысын алып, эшикке чыкты. Аңгыча ар жактан арыгыраак чолок куйрук чоң күрөң ат минген, эскирээк кызыл көрпө тебетейчен, эски таар чапанды тонунун сыртынан кийип, белин курчанган, чокчо кара сакалдуу, көзү алайган арык кара киши бастырып келип салам айтты. Бул айылдагы "Союз кошчунун" алдына уюшулган батрак секциясынын баштыгы Чодон эле.
- О, алейкима салам! Ээ Чоке, кайдан? - деди Садык.
- Кайданы курусун, эл чогулта албай жүрөм, чогулушка чакырган экен, "жүр" десем баары эле болбойт.
- Шайлоо болот дебейсиңби? - деди Садык.
- Айттым, силер эле шайлагыла дешет.
- Эми эмне кыласың? - Эмне кылмак элем, барганы бараар, барбаганы калат да.
- Жүр эмесе! - деп Садык атка минип бастырды. Чодон унчукпай ээрчип жөнөдү.
Жолдо баратканда Чодондон эмне кеп чыгар экен деп сынап:
- Чоке, сени батрак секциясына башчы кылганда үмүт чоң эле, бирок сен батрактарды манаптарга каршы уюштуруунун ордуна манаптарга чабарман болуп калган окшойсуң? - деди Садык.
- Ээ, эмне болду? - деп чочугансып Чодон Садыкка карады.
- Эмне болсун, манаптар менен табакташ болуп, бирге эт жегениңе корстон болуп, алар менен бирге бастырып, "Чоке" десе эле, алдаганын билбей, ошолордун сөзүн сүйлөп калган окшобойсуңбу. Сенден мындай иш күткөн жок элем, - деп Садык сурданып Чодонго карады.
- Сага мени бирөө жамандаган экен. Деги эмне болсо да чынын айтчы. Мен сенин оюңдан эч качан чыкпайм. Сенин жакшылыгыңды кантип унутайын. Сен болбосоң, мына кудай турат, кетменим ушу күнгө чейин ийнимден түшпөйт эле. Сен аркылуу секция болуп, адам катарына кошулбадымбы.
- Манаптар менен бирге эт жеп, манаптардын кулак-куйруктары менен бирге бастырганыңды адам катары деп эсептебей эле кой.
- Ээ кудай! Кайсы манаптар менен эт жептирмин, кайсы куйрук менен бастырыптырмын, айтсаң боло! Ырас, кээде ары-бери бастырганда, эттин үстүнөн чыгып калсам, жебей койгонум жок, жедим. Бирок манаптарың мени кадырлап кой союп, эт тарта элек.
- Деги бир табактан эт жегениң чынбы?
- Чын, быйыл жайында Мамбеталыныкында Осмон экөөбүз бир табак болуп калыптырбыз.
- Ээ, болду, болду, эми эмне дейсиң? - деп Садык Чодонду андан бетер күйгүздү.
- Мен эмес, өкмөтчүлөрүң деле бир табактан эт жеп жүрбөйбү, - деди Чодон.
- Ошондой өкмөтчүлөр да ошолордун куйругу. Шарипти ким деп ойлойсуң? - деди Садык.
- Кой, Сакиш, андай болсо мен мындан кийин ошолор менен эт жесем, таш жейин. Деги, бай болгур, "куйрук" деп кулагыма угузбачы!
- Шайлоого эмне даярдык көрүп жатасың?
- Эмне даярдык көрөйүн. Өгүнү ячейкеникинде болгон партиялардын жыйналышында, өзүң айткандай эле бай-манаптардын, киши күчүнөн пайдалангандардын шайлоого акысы жок, шайлоого батрак, кедей, орто дыйкандар гана катышат дедим. Дегинкиси кедей болсо да, бай менен манаптын куйругу болуп кетсе, шайлабайбыз, кедейдин таламын талашкан чыныгы ак жүрөк кедейден шайлайбыз деп эле жүрөм.

- Бүгүн жыйналышта батрактарыңды көрөбүз.
Садык ары жакта чубап бастырган кишилерди карап: - Тетиги бараткандар Асыктын шылуундары го, унчукпай бастыр, - деп атын теминди.

**III**

Айыл аткаруу комитетинин контору биринчи айылдагы Сыдык дегендин эки бөлмөлүү, үстү камыш менен жабылган тамы эле.
Күн ачык. Түш мезгили. Тамдын түштүк жак бети күнөс, жылуу. Чогулушка келгендер конторго батпай, эшикте ар кайсы жерде топтошуп сүйлөшүп отурушат. Кайсы бирлери жаңыдан келип атат, кайсы бирлери контордун жанындагы чала бузулган жапыз сокмо дубалдын кырында отурушат. Контордун ичинде эл жык толо. Бири кирип, бир чыгат. Байлаштырылган аттардын болжолуна караганда, жүздөн ашуун киши бар.
Садык менен Чодон аттан түшүп, четкерээк аттарын байлаштырды да, басып келип, контордун терезесинин түбүндөгү күнөскө отурушту.
Булар келгенден бир аздан кийин эле контордогу эл чубап чыгып калышты. Шарип менен Бакеш да чыгып, Садык отурган терезенин түбүндөгү күнөскө келип:
- Элди чакыргыла! Жыйналышты ушул жерге өткөзөлү, - дешти.
- Кана эмесе, аксакалдар! Мына ушу жерге эле тегерек тартып олтура калгыла, - деп Мамыт ошо жерде отурган беш-алты аксакал кишилерге карады. Анан - Оой, Аттокур! Аркыларды бери кел де, - деди.
- Чогулуш башталганы жатат, жүргүлө! - деп ар кайсы жердеги топтолуп сүйлөшүп отурган элге кыйкырды Аттокур. Отургандар ордунан туруп, тондорунун этегин силкип, какырынып-түкүрүнүп, тиги чогулуп жаткан элге карай басышты.
Шарип менен Бакеш бирдемени сүйлөшүп отурушту.
Эл отуруп болгондон кийин:
- Келген элибиз ушул экен. Чогулушту баштай бербейбизби? - деп Мамыт Бакешке карады.
- Саноо керек, канча киши экен? - деди Бакеш.
Отурган элдин ортосуна Мамыт барып сөөмөйү менен элди санай баштады. Санап болгондон кийин: - Силерден башка мени кошкондо 116 киши экен, - деди.
- Ач эмесе чогулушту! - деди Бакеш.
Мамыт контордон чыгарылып, ортого коюлган столду эки колу менен басып туруп, элге карап:
- Шоро элинин 1924-жылдын 15-декабриндеги жалпы чогулушун ачык деп жарыялайбыз. Үч кишиден бүрсүдүм көрсөткүлө, - деди.
- Ошо жерден эле көрсөтө койгула!
- Мамыт? Сооронбай! Жумаалы! - деген үндөр чыкты.
- Мамыт, Сооронбай, Жумаалы деген такилип бар, каршы жокпу? - деди Мамыт.
Отургандардан "жок, жок" деген үндөр угулду.
- Эмесе бүрсүдүмдөр орун алгыла. Сөз жолдош Өмүрбековго берилет, - деди Мамыт.

Өмүрбеков Бакеш президиумга шайлангандар отурган столго басып келип, чоң кара портфелин анын үстүнө таштады да, башындагы суусар тебетейди колуна алып, сол колу менен чачын кайра сылап туруп, мындай сөз баштады:
- Жолдоштор! Бүгүнкү чогулушта карала турган маселе шайлоо жөнүндө. Мындан бир

жарым ай чамалуу мурун Түркстан республикасында жашаган улуттар бөлүнүп, өздөрүнчө өкмөттөрүн түзүштү. Өзбектер, түркмөндөр, тажиктер, казактар, каракалпактар, кыргыздар ар кимиси өзүнчө өкмөт түзүп, өз тизгинин өз колдоруна алышты. Биз дагы өзүбүзчө автономиялуу, мындайча айтканда, эрктүү облус болуп бөлүндүк. Борборубуз - Пишпек шаары. Шайлоого чейин азыр өкмөттү ревком жүргүзүп жатат. Жакын арада айыл-кыштактан тартып борборго чейин шайлоо жүрөт. Өкмөтүбүздү шайлайбыз. Эми азыркы күндө өкмөттүн башында тургандар окумуштуу, саясаттан кабары бар кыргыз азаматтары. Мына ошондуктан кыргыз калкынын тагдыры чыны менен эми чечилүүгө мүмкүн деп ойлоого туура келет.
Алдыбыздагы өтө турган шайлоо Кыргызстандын жаңыдан түзүлгөн жогорку өкмөтүнүн жол башчылыгы алдында, кыргыз элинин бирдиги деген ураандын алдында өтүп, мындан ары кыргыз элинин гүлдөшүнө жол ачууга тийиш. Эл арасын бөлүп, жаатчылыкты сүйүүчүлөр да болбой коюуга мүмкүн эмес. Бул асыресе кыргыз калкында боло турган нерсе, себеби илгертен бери шайлоо болгон учурда болуштукту талашып, жааттaшуу иши биздин кыргыздарда орун алган. Ал илгерки падыша заманында болучу. Эми өз тизгинибиз өзүбүзгө тийип турган кезде биригүүнүн ордуна бөлүнө баштасак, жакшы болбойт. "Бөлүнгөндү бөрү жейт" деген. Ошон үчүн Шоро эли бирдикте болуп, шайлоону ынтымак менен өткөрүп, болуштук жана округдук съезддерге жарамдуу, элдин тагдырын чече ала турган азаматтардан делегат кылып жиберүүңөр талап кылынат, - деп Бакеш сөзүн аяктады.

Бул жигит партиянын Пишпек округдук уюштуруу комитетинин аткаруу бюросунун мүчөсү эле. Атасы Өмүрбек бир айылды бийлеген манап жана бий киши болгондуктан уулу Бакешти илгери падыша заманында, адегенде русско-туземный школго берип орусча окутуп, андан кийин Пишпектеги гимназиядан окуткан. Орусча окуу-жазууну жакшы билген, азыркы шартта билимдүүлөрдүн бири саналып жүргөн жигит. Совет өкмөтү орногондон кийин кызматка илешип, бай-манаптар менен кадимкидей байланышып, "Солто болгон жерде Бакештин тилинен чыгышпайт деген наамга ээ болсом, чоңураак кызматка илинээр бекемин" деген максатты ойлогон жигит. Саясий жагынан партия менен Совет өкмөтүнүн жол-жобосун оозеки гана колдобосо, иш жүзүндө Сабырбеков менен байланышып, ошонун саясатын жүргүзөт.
Бакештин сөзү бүткөндөн кийин Мамыт ордунан туруп элди тегерете карап:
- Декелет бүттү, сурай турган сувалдарыңар барбы? Сурагыла, - деди.
Отурган эл ким чыгаар экен дегенсип жан-жагын караштЫ.
- Менде бир аз сөз бар, - деп эскирээк чолок сары тон кийген, орто бойлуу, жээрде сакал сары киши тура калды аңгыча.
Мамыт столду таянып туруп:
- Сөз эмес, суроо сура, - деди.
- Суроону билемби, кичине эле сөзүм бар. Билгенимче айтам, - деди сөз сураган киши.
- Айт, айта бер! Айтсын, - деп отургандардын арасынан беш-алты үн катары менен чыкты.
- Мен өзүм караңгы кишимин, саконунду да көп биле албайм. Мына бу болдомочубуз айтып кетти, жаатчылыкты коюп, кыргыз эли бириккиле деп. Биз кантип биригебиз, бизди бириктирүүчү өкмөтчүлөр өзүлөрү жаат болуп жүрсө. Бирөө айтат "солто жакшы" деп, бирөө айтат "тынай жакшы, тынай бийлесе жыргайбыз" деп. Биз кимиси жакшы экенин көрө элекпиз. Тынайдын жарымы солтону жактап, Сабырбектин уулун ээрчисе, солтонун жарымысы тынайды жактап, Кудаярдын уулун ээрчип жүрөт дейт. Муну баштап жүргөн

өкмөт эле өзү. Солто жагындагылар келсе, Найман, Кадырлар менен сүйлөшсө, тынай жагындагылар келсе, Чойбек менен Өскөн менен сүйлөшсө, бири солтону, бири тынайды көздөй үгүттөсө, кантип бирдик болот? Андан көрө элден мурун өкмөтчүлөр өзүлөрү жарашып, бир акылга келип туруп, аксакалдарга "кой, көтүңөрдү кыскыла" деп айтса, тил албаганын абакка салса, мына ушунда биримдик болор эле. Болбосо бизге окшогондордон эчтеме чыкпайт. Найман сүйлөсө, муну ээрчигиң келет, Өскөн сүйлөсө, аны ээрчигиң келет, ошентип башың маң болуп туруп, тобокел деп бир жагына оойсуң да, экинчи жагына каршы болосуң. Анда кантип бириксин? Мына менин айтарым, - деп сөзүн бүтүрдү жээрде сакал сары киши.

Бул үчүнчү айылдагы Ыса деген киши эле. Өзү эл арасындагы аны-муну түшүнгөн, куулук-шумдугу жок туура сөздүү дыйкандардан. Өз оокаты өзүнө тың эле. Манаптар менен айыл аткаминерлердин өзүнө окшогон дыйкандарды будамайлап талап-тоноого аракет кылгандарын көрсө, кедейлердин таламын талашып, өзүнө окшогондорду ээрчитип алып чатак салып, аткаминерлерди кууп чыгаар эле.
Баятан бери бир Ысаны, бир өкмөтчүлөрдү, бир Найман менен Кадырды, бир Өскөндү карап отурган кишилер:
- Туура, Ыса туура айтат, - дешти.
Ысадан кийин ордунан туруп Кадыр сөз сурады эле, Мамыт:
- Сүйлө, Кадыке! - деди.
- Кыргыз өз тизгинин өзү алып, өзүнчө өкмөт болуп турганы абдан жакшы, - деп сол колу менен курун кармап сөз баштады Кадыр. - Мына ушул мезгилде бирикпегендер дегеле өмүрүндө бирикпейт. Мындан мурун бирикпей жүрсөк да, эми биригүүгө мезгил келди. Ысанын "кантип биригебиз" дегени бекер. Азыркы мезгилде өкмөт башындагы балдар биригип, четке чыкканын тыйса, биз бу жерден биригип, четке чыккандарды тыйсак, эл бирикпегенде кайда бармак эле. Башка эл өз ажытын өзү ачып алар. Биз өз ажытыбызды өзүбүз ачалы. Совет чыккандан бери жети жыл болду. Ошондон бери "бай-манап" деп эле кыйкырып жүргөндөр көп. Бирок алардын кыйкырганы ишке ашпай келе жатканын көрүп келе жатабыз. Мисал үчүн Балбайды алсак, ал "бай-манап" деп өкүрүп-бакырып эң эле катуу чыкты эле, анын кейпин да кийин көрдүк. Ушул жерде базарда эски-уску кийимдерди көтөрүп сатып, тентип калды. Байды да, манапты да кудай жараткан. Кудай бай-манапка ошончолук байлык жана даража берген. Биздин бай дегенибиз Калый бай же Нурпача сыяктуу миңдеген малы бар, миллиондогон сомго күчү келген кишилер эмес. Анын үстүнө он алтынчы жылкы Үркүндөн кийин кыргызда бай калдыбы? Совет чыккандан бери өзүнүн эпчилдиги, мээнети аркылуу бирин-эки мал күткөн кишилерди эле карышкырдай көрүп калабыз. Манап дегенибиз болсо ушу кезде батрак менен кедейге коркок билиш, эмне десе да макул. Азыр илгеркидей манап да жок. Ошондой болгондон кийин мына бу отурган Садыкка окшогон билимдүү жигиттер эл арасындагы бирин-эки эси жокторду күүлөп, элди бөлө тарткандан көрө элдин аксакал, көк сакалдарын жыйнап, билген акылын айтып, элди бириктирип, элдин батасын алса, алардын да көгөрүп, даражага ээ болору мүмкүн эле. Менин айтарым: Совет мезгилиндеги айыл билермандары менен эски аксакалдар баш кошуп, ийрисин ийри, түзүн түз деп койсо, Шоро эли бирикпегенде кайда бармак, биригет, - деп Кадыр сөзүн бүтүрдү.

Кадырдан кийин да төрт-беш киши чыгып сүйлөдү: Чодон, Өмүрзак, Жумаалы, Керимкул, дагы бирөө. Чодон чыгып:

- Биригүү, ынтымак деген жакшы. Бирок бай-манап менен кедей кантип биригер экен? Кадыр менен Найман, Чойбектер өлсө да мага жолдош болбойт, боло турган болсо, малдарын кедейлерге бөлүп берип, биздин кейпибизди кийишсин! - деп биригүүнүн иш жүзүнө чыгарына ишенбегендик кылды.
Жумаалы партиянын мүчөсү болсо да, Өмүрзак менен Керимкулга кошулуп, докладчы менен Кадырдын сөзүн жактап сүйлөдү. Булар сүйлөп болгондон кийин "уруксатпы" деп Садык ордунан турду.
Мамыт Садыкка карап күлүмсүрөп:
- Бажолуста, сүйлөңүз, - деди.
Садык ортодогу президиум отурган столго басып келди да:
- Бул чогулушта 116 киши бар экен. Шоро эли миңден ашык түтүн, үй башына экиден киши болгондо да шайлоого жарактуу эки миң киши болот, - деди.
Отургандардын ичинен үн чыкты:
- Эки миңге жетпейт!
- Аялдарды кай жакка алып барасың? - деп Садык үн чыккан жакка акырая карады.
- Оо-о! Катындарды эсептеп жүргөн турбайбы. Кедейлердин өздөрүнө үндөөнү жеткирип, эми алардын катындары калган тура! - деп какшыктаган Ыбырайдын үнү угулду.
Садык сөзүн узарта берейин деди эле, аңгыча:
- Ой, Ыбрай! Оозуңду бас! Жөндөп сүйлө, сенин кедей менен ишиң болбосун. Ичсең арак-бозоңду жөндөп ич, акмак! - деп орто бойлуу чычакай мурут сары киши ордунан тура калды. Бул киши "Союзкошчунун" төрагасынын орунбасары, үчүнчү айылдык Самсалы эле.

- Ой! Койгула, айтышпай, ирет менен сүйлөбөйсүңөрбү? - деди Мамыт. Анан Садыкка карап "сүйлөй бер" дегенчелик кылды.
Садык сөзүн улады:
- Мына ушу эки миңден ашык шайлоочунун кеминде жыйырма бөлүгүнүн он тогузу шайлоого акылуу батрак, кедей, орто дыйкандар, калган бир бөлүгү гана шайлоого укуксуз бай-манап жана анын кулак-куйруктары. Эми бул чогулуштагы 116 кишини алсак, шайлоого укуксуздар теңме-теңдеп барат, алардын Ыбрайга окшогон кулак-куйругун кошсок, андан да көп болот. Өз укугун өзү билбей, манаптарды ээрчиген кедейлер Шородо аз эмес. Мисал үчүн Ыбрайды эле алалык. Ыбрай бай да эмес, манап да эмес. Бирок урuусу манап имиш, ошого корстон болуп, өзүнүн минерге аты жок болсо да, манаптар жагында.
- Сенден мен качан ат сурадым? Эмне былжырайсың! - деп Ыбрай тура калды ачуусу келип.
- Ой, койсоңчу! Анан сүйлө, саа да сөз берилет, - деп Мамыт кагып койду эле, Ыбрай отуруп калды.
Садык анын сөзүн таназар албай эле сүйлөй берди:
- Мына, ушул кулак-куйруктарды кошо алганда бул жыйналыштагы көпчүлүк шайлоого укуксуздар. Ошондой болгондон кийин эки миң шайлоочунун шайлоо жөнүндөгү пикирин ушул жыйналыш чече алабы? Албетте, чече албайт. Ошон үчүн шайлоо жөнүндөгү түшүнүктү кедей, батрак жана ортолордун өздөрүнүн чогулуштарында түшүндүрүү керек. Бирок чече албайт деп чогулган жыйналышты таратып жиберүүгө да болбойт. Мынчалык чогулуп калгандан кийин бул жыйналышты да пайдалануу керек. Бул жыйналышта айтыла турган сөз мына бул болууга керек: кедей менен бай-манап бириге

албайт, Шоро эли биригүүгө мүмкүн, бирок бай-манапсыз биригет, себеби элди экиге бөлүп жаткан - бай-менен манап. Алардын бир тарабы бирөөн болуш кылабыз дешсе, экинчи тарабы дагы бирөөн болуш кылмакчы. Ошентип өздөрүнчө экиге бөлүнүп, элди да экиге бөлүп жатат. Эгерде манаптар биздин катышыбыз жок, укуксуз болгондон кийин шайлоого барбайбыз деп үйлөрүндө өз оокатын кылып жата турган болсо, келген эл сопсонун болуп биригет, Совет өкмөтүнүн жол-жобосун туура аткарат. Балээнин баары май менен манапта. Ошондуктан келген өкмөтчүлөрдүн алдында мен сунуш киргизип кетем: мындан кийин шайлоо жөнүндө болгон чогулуштарда укуксуздардын тизмесине кирген кишилер болбосун. Сиз, жолдош Мамыт, мындан кийин ал кишилерди чогулушка чакырууну коюңуз.
Садык сөзүн бүткөндөн кийин эски сары чапан кийген көк көз, сары жигит тура калып:
- Садыктын бул чогулушта сүйлөй турган эч акысы жок, анын Шородон кеткенине эки жылдан ашты, анын бул жерде каты-чоту да жок, - деп айтып калды.

- Туура, туура, чын, анын бу жерден кеткенине көп болду, - деген бир топ үндөр чыкты.
- Ой, силер калжырабагыла! Садык биздин өз балабыз, бир-эки жыл окууда, кызматта жүрдү, эми кайра келди. Анын эмнеси бар экен? - дешип бир тобу чурулдады.
- Ой, койгула! Чуулдабагылачы! - деп Шарип, Мамыт болуп чууну араң токтотту. Манаптардан Кадырдан башка сүйлөгөнү болгон жок. Мурун жыйналыштан бир-эки жолу куулуп, запкы көрүп калган эмелер "дагы ошондой кылабы" деп чочудубу, кандай болоор экен дегенсип элдин сөзүн байкап, унчукпай гана ичтен тынып кылкыйып отурушту.
- Эми сөздү мага бер, - деди Бакеш.
- Акыркы сөз болдомочун жолдош Өмүрбековко берилет, - деп Мамыт элге жарыялады.
Бакеш ордунан туруп:
- Бул жерге чогулган эл Шоро боюнча жалпы шайлоочунун санына караганда, албетте, азчылык, бирок сапат жагынан алганда, менимче, бу жерде Шоронун тагдырын чече турган активдер бар болуу керек. Мисалы, комячейкенин секретары коммунисттери менен, председатель "Союзкошчу" өзүнүн активдүү мүчөлөрү менен, батрак секциясынын башчысы өзүнүн активдери менен, болуш составы менен, комсомолдор бар. Мындайча айтканда, элдин көпчүлүгү чогулуп, Кыргызстандын бөлүнгөндүгү жана шайлоо жөнүндөгү маселелерди өз кулагы менен биздин ооздон укпаса да ушул келген жолдоштор аркалуу угуп түшүнүшөт. Бу жагынан алганда, бу жыйналыш бекер жыйналыш эмес, абдан пайдалуу жыйналыш. Бу жерде чыгып сүйлөгөн кээ бир жолдоштордун сөзүнө караганда, бу жерде шайлоого укуксуз кишилерден да катышып отургany сезилди. Бул бир жагынан туура, бир жагынан туура эмес деп айтууга да болот. Орусча "активное участие" жана "пассивное участие" дейт. "Активное" дегенибиз - укуксуздар маселени чечишип кол көтөрсө айтабыз. "Пассивное" дегенибиз - сөздү угуп, өз пикирлерин айтып, кол көтөрөрдө, маселе чечерде тышка чыга берсе, ошону айтабыз. Бүгүн биз кол көтөрүп киши шайлап, же болбосо, кайсы бир маселе жөнүндө чечим алып отурган жерибиз жок. Ошондуктан укуксуз болгон кайсы бир аксакалдардын бул чогулушта болушунун көп деле зыяны жок. Анын үстүнө укуксуздардын тизмеси айылдын шайлоо комиссиясынан бекиле элек экен. Мен Мамыттан сурадым. Бул тизмени комячейкенин гана жыйналышы белгилеген экен. Бул тизме закон боюнча күчкө кирүү үчүн айылдык шайлоо комиссиясында каралып, болуштан барып бекилүүгө тийиш. Болбосо закондуу болуп эсептелбейт.

Биздин өкмөтүбүз - Совет өкмөтү, ошондуктан жумушчу менен кедейдин өкмөтү. Ошондой болгондон кийин бай-манап деген атакты алган аксакалдар кедейлерден мансап талашпай, малын багып, оокат-тиричилигин кылып тынч жатканы оң. Кезегинде бийлик силердин колдо болду, кезеги келгенде бийликти талашпай кедейлерге берүү керек. Шарт ошондой. Бирок мен кедеймин же кедейчилмин деп эле Совет өкмөтүнүн заң-законун бузуп, закондон тышкары иш кылуучу куру кыйкырыкчылар болсо, андайларга Совет өкмөтүнүн жазасы даяр. Кедей болсун, бай болсун, мейли, манап болсун, баары тең Совет өкмөтүнүн граждандары. Ар ким өз жолун билип, закон боюнча жүрүү керек, өз жолу менен жүрбөй законду бузса, кимисине болсо да жаза берилет. Бай-манаптарды кырып жогот деп закон айтпайт. Алар да закон боюнча жүрүп, өкмөткө пайда келтирүү керек. Бүгүнкү жыйналышта айтышуулар, тартышуулар болду, бул жаман эмес. Айтышсыз, тартышсыз маселе чечилбейт. Андан көрө бул жерде айтылган кайсы бир катуу сөздөрдү ким кимиңер болсо да көңүлгө албай, мындан ары биригүүнүн жолун чаап, бирдикте болуп, шайлоону Шоро боюнча ынтымакта өткөрүүңөрдү сураймын, - деп сөзүн бүтүрдү Бакеш.
- Бир-эки ооз сөзгө уруксатпы? - деп Ыбрай тура калды.
- Эми, эмне сөз? Акыркы сөз бүтпөдүбү, - деп Мамыттын Ыбрайга сөз бергиси келген жок эле, Бакеш туруп:
- Мейли сүйлөсүн, сүйлө! - деди.
Ыбрай бери басып:
- Сүйлөсөм, мына бу Казыев Садыкты Пишпектен качып келди деген кабар бар. Убежал, панимаешь, ошонун документтерин келген уполномочендер текшерсе деп предложение кыламын, - деди.
- Жакшы, текшерели, - деди Бакеш.
- Качкынды оңой жерден тапкан экенсиң үү, Ыбрай! Ай ит! Ит, эми эле уятың чыгып ит болбойсуңбу? Өзүңдөй көрүп жүрөсүң го, анда-мында бир тийип жүргөн. Ушул өз акылыңбы же бирөө үйрөттүбү? - деп жапалдаш бойлуу теке сакал сары киши Ыбрайды карап ызырынды.
- Ал ит, бирди көргөнү жүрөт, - деп дагы бирөө чыкты.
- И-и... Эмне кылмак элең?! Кылчууңду кылбайсыңбы?! Эми эле... - деп ар жактан Ыбрай жулунду.
- Атаңдын көрү, сага кылмакка эмне?! - деп Ыбрайды көздөй ширинки кара жигит жулунуп калды.
Отургандардын кайсы бирөөлөрү ордунан туруп, тиги жулунуп жаткандарды көздөй басып, жыйналыштын тартиби бузула баштады. Мамыт, Шарип тигилердин жанына келип:
- Ой, кантесиңер! Ордуңарга отургула! Эмне жулунушасыңар, уят эмеспи! - дешти.

Садык басып келип:
- Кой, койгула! Акмак акмак боло берсин, эчтеке эмес, тынчыгыла! - деди.
Эл тынчып кайра ордуна отура баштады. Эл орундарына отуруп тынчыгандан кийин Мамыт налог төгүү жөнүндө бир аз сөз айтты да, жыйналышты жапты. Жыйналыш тарай баштаганда:
- Мамыт! Аттарды дайындатып кой, биз бастырабыз, - деди Шарип.
- Макул, - деп Мамыт ар жактагы Аттокурду чакырды. - Өскөнгө айт, жоргосун берсин, анан бирөө Сексенбайдын карагер жоргосун алып келсин, Сексенбай үйүнө бирөөнүн

атын минип барар.
Бакеш Шарипке карап:
- Жанагы Садык деген баланы чакырт! Канторго кирели! - деди.
Шарип Мамытты чакырып алып:
- Жанагы Садыкты канторго чакырчы! - деди.
Мамыт Садыктын жанына басып барып:
- Садык! Сени өкмөтчүлөр чакырып атат, кирип чык. - деди.
Аңгыча эки уполномочен канторго кирди. Анын артынан Садык менен Мамыт кирди. Үйгө киргенден кийин Мамыт эшикти жаап, "киши кирбесин" деп эшиктегилерге дайындады.Ички үйгө киргендер столго барып отурушту. Бакеш Садыкка карап:
- Элдин суроосу боюнча өзүң менен бир аз таанышууга уруксат кыласың, капа болбо, - деди.
- Жакшы болот, сураңыз, - деди Садык.
- Айылдан качан кеттиң эле? - деди Бакеш.
- 22-жылы күзүндө кетип, Ташкентте РДКУда (Рабоче-дехканский коммунистический университет - Ташкендеги бир жылдык жумушчу-дыйкан университети), бир жыл окуп, 23-жылы күзүндө келип, Токмокто райком комсомолго секретарь болуп иштедим. 24-жылы сентябрде кайра Ташкентке САКУга (Среднеазиатский коммунистический университет - Ташкендеги үч жылдык партиялык мектеп) окууга барсам, окууга киргизбей, ЦК кайра жиберди. Пишпекке Угорком партияга барсам, азыр орун жок, эс алып тура тур деп мына бу кагазды берген, - деп бир кагазды Бакешке сунду Садык. Ал кагаз "Казыев Садыкка белгисиз мезгилге чейин отпуск берилди" деп Пишпектеги угорком партия берген күбөлүк кат эле.
Бакеш кагазды окуп бүтүп:
- Партияга мүчөсүңбү? -деди.
- Мүчөмүн.
- Чакыра элекпи?
- Жок, чакыра элек.
- Жакшы. Эми, жолдош Садык, сен болсоң билимдүү азаматтын бирисиң, ошондой болгондон кийин эл арасындагы кыргыздын жаатчылыгына негизделген чыр-чатактарды жоюп, шайлоону ынтымактуу өткөрүүгө тырыш. Кедейчил болумуш болгон пайдасы жок куру кыйкырыкка жол бербей, элдин ынтымагын көздөө керек. Мен Пишпек окружкомунда иштейм. Пишпекке барганда сени чакыртып, өзүңө ылайыктуу бир жакшы кызмат беребиз. Жакшыбы? - деди Бакеш.
- Жакшы болот.
- Кош эмесе, иничек, - деп Бакеш Садыкка колун берип коштошту. - Эми эшикке бара тур, биздин бир аз сөзүбүз бар эле. Мамыт сен дагы эшикке чыгып, аттарды даярдат.
Мамыт менен Садык эшикке чыкса, аларды 20 чакты киши эмне болор экен деп күтүп турган экен. Ары жакта, обочороок жерде эки-үч киши менен сүйлөшүмүш болуп аттын үстүнө кыйшая минип Ыбрай да турган экен.
Садыкты көрө салып, күтүп турган кишилер:
- И-и! Эмне болду? - дешти.
- Эмне болмок эле, документтерди текшерип кайра берди. Шайлоону ынтымактуу өткөргүлө деди, - деп Садык токтолбостон барып атына мине баштады. - Башка эмне демек эле. Садыкка азыр башкача сөз айтуучу киши жок. Тарт, бастыргыла! - деди Мамыт күлүмсүрөп.

- Ошондой эле болсун, - деди бирөө.
- Ошондой болбогондо Садык бирөөнүн уурусун кылыптырбы? Тетиги Ыбрай шүмшүктүн кылып жүргөнү да. Жүр, бастыргыла, - деди Чодон.
Ошентип, Садык менен бирге кайтуучулар жөнөштү.
Ыбрай жанындагы кишилерден бөлүнүп, ичинен "ай атаңдын көрү, болбоду" деп кантор жакта уполномочендерди күтүп турган кишилерди көздөй бастырды.
Мамыт менен Садык эшикке чыгып кеткенден кийин Бакеш Шарипке карап мындай деди:
- Сен бүгүн мында калбасаң болбойт окшойт. Шаркыратмага жалгыз эле барайын, анда Үсөн бар. Ошону менен Шаркыратманын ишин бирдеме кылаарбыз. Сен бүгүн түн боюнча биз жактагы аксакалдар менен ишеничтүү айыл аткаминерлерин бир жерге жыйна да, акылдаш. Болуштук съездге бара турган делегаттарды кандай кылганда биздин жактагы кишилерден шайлоого болот? Мына ушуну акылдашып, тийиштүү жумуштарды жүргүзүүгө тапшыр. Эгерде эл чындап экиге бөлүнө турган болсо, кандай да болсо элдин көпчүлүгүн биз жакка оодарууга аракет кылуу керек. Анан дагы жанагы Садык баланы колго алгыла деп тапшыр. Өзүң деле чакырып алып бирдеме дебейсиңби! Менин сөзүмдөн кийин сен сүйлөшсөң, өзү да бирдемени ойлоор. Эртең кечинде же бүрсүгүнү күндүз Токмокто болоормун, ошондо дагы сүйлөшөөрбүз.
Сөздөрү бүткөндөн кийин эшикке чыгышты.
***
Жыйналыштан тараган эл менен коштошкондон кийин Садык менен Чодон экөө бирге бастырып баратты эле, өзү үйүнө жакындаганда Садык Чодонду токтотуп:
- Мындай бастырып, Усубаалыны мага чакырып жибер, бат келсин, - деп дайындады.
Садык келип атын байлап, үйгө кирди эле, апасы:
- Сага Айып жолуктубу? Ыйман бүгүндөн калбай келсин деп айтты эле деп мына бу катты берип кетти, - деп чапталган көк конвертти берди ага.
Садык конвертти ачып, ичинен бир кичирээк кагазды алды да, бетине кармап төмөнкүлөрдү окуду:
"Ардактуу Садык!
Бүгүндөн калбай Токмокко, биздин үйгө кел. Зарыл жумуштар бар, келбей калба! Ыйман. 15XII"
Садык катты окуп туруп, тытып отко салып, апасын карады.
- Курсагың ачкандыр, бирдеме жей тур, - деп апасы патнуска нан салып, чыныга максым куюп, алдына койду.
Садык нанды бир-эки сындырып жеп, максымды жутту да, чынины патнуска коюп, аны акырын апасы жакка жылдырды.
- Ичпейсиңби? Кечке ачка жүргөндүрсүң.
- Ичтим.
Аңгыча эшиктен иттер үрүп калды.
- Ай кабылан! Ай атаңдын көрү, - деп итти эркелеткен Усубаалынын үнү чыкты. - Ассаломуалейкум! - деп үйгө кирип келди анан ал.
- Кел, Усуке, төргө өт, - деп Садык ылдый жылды.
Ордуна олтурар менен эле Усубаалы:
- И-и... Сакыш, сүйлөчү, жыйналышта эмне аңгеме болду? - деди.
- Болгон аңгемелерди айылдагылардан жай угаарсыз. Мен шашылып Шаркыратмага баратам. Азыр экөөбүз эшикке чыгып, бир аз сүйлөшөлү.
- Жакшы болот, - деп Усубаалы ордунан турду.

Садык экөө эшикке чыгып, үйдөн обочо тамдын далдаасына кирищти.
- Жыйналыш жакшы өттү. Иштер жаман эмес. Толугураак айылдагылардан угаарсыз. Эми мен сизге бир тапшырма берем, ошону аткарасызбы? - деди Садык.
- Макул, сенин тапшырмаңды кантип аткарбайын
- Эмесе, азыр үйүңүзгө барыңыз да, атыңызга минип, бир шылтоо менен туура Найман кай жерде болсо, ошол жерге барып, кузгундардын эмне кылып, эмне койгонун билип, көрүп, жакшылап түшүнүп, эртең мага айтып бергендей болуңуз.
- Макул, мен алардын эбер-жеберлерине чейин жетип кайтам.
- Эче кедей сизди ээрчимек болду? - деди Садык.
- Эмне дейсиң? Кайсы кедей? - деди Усубаалы.
- Эртең менен эле кеминде он кедей ээрчитмек эмес белеңиз? - деди Садык.
- А-а! Эми эсиме түшпөдүбү, кедей курусун, кедейден көп неме жок. Баары эле ээрчийт, - деди Усубалы.
- Макул эмесе, барыңыз.
- Кош, мен батыраак жөнөйүн, - деп Усубаалы ошол жерден эле жолго түшпөй, карды кечкен бойдон түз үйүн көздөй басты.
Садык кайтып үйгө кирип, белин курчанып, камчысын алып апасына:
- Мени кайда десе, Шаркыратмага кетти, кечирээк келет дегиле, - деди. Эшикке чыгып, казыктан атын чечип, аттана баштады.
- Ой, бала! Тамак ичип кетсең боло, жанагы бир чыны максым эмне болот, чай ич, чай кайнап калды, - деди апасы.
- Жок, ичпейм, - деди да, ылдый көздөй бастырды Садык.

**IV**

Түш ооп, саат экиден ашты эле. Ыйман мекемесинен үйүнө келип, эскирээк күрөң портфелин терезеге коюп зайыбына:
- Базардан эт, май алып келип, кечке жуук күрүч бас, палоо кыл. Кечинде үйгө конок келет. Бир бөтөлкө спирт ала кел, - деди да, пальтосун чечип казыкка илип, күйүп жаткан казан мештин жанына келип отуруп, оттун табына алаканын жайды.
Ыйман - Токмок болуштук "Союзкошчунун" төрагасы. Атасы Жээнаалы илгери Шоро элинин биринчи айылындагы асыктардын ичине келип туруп калган жалгыз түтүн саяк эле. Оокаты начар кедейлерден болучу.
Ыйман атасынан жети жашында жетим калып, энеси ошол айылдагы бир аксакалга тийип кеткенден кийин тууганларынын колунда өскөн. 1916-жылкы кыргыздын көтөрүлүшүнөн кийин 21-жылга чейин дайыма дунган, орус байларына малай болуп келген. 21-жылы түндүк Кыргызстанда жүргөн жер реформасынан кийин гана малайлыктан бошонуп, өзүнүн зээндүүлүгүнөн анча-мынча кат таанып, өкмөт ишине аралашкан эле. Жашы отузга жетип калса да үйлөнгөнүнө 3 эле жыл болгон.

- Акча бербесең болбойт, менде акча аз, спирттен башкасына жетер, - деди зайыбы.
- Эт, майды Абдырайым акеден ал да, жаздырып кой, кийин чогуу төлөөрбүз. Деги ошондо канча карыз болдук?
- 10 сомго баргандыр. Кимдер келет? - деп зайыбы Ыйманга карады.
- Келгенде көрөсүң. Аялдар кызыгуучу жигиттер келет, - деди Ыйман тамашалап.

-Сенин өзүңө айтпадым беле, быйыл мени Ташкенден ЦеКа партия, партия жумушуна пайдалангыла деп жиберди эле. Пишпектеги Угорком партиянын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы орус жигит экен. Путевканы көрүп Токмокко Волкомпартияга секретарь кылабыз, эртең кел деди. Эртесинде барсам айнып калыптыр. Кыргызторгго практикант болосуң дейт. Макул деп барсам, Кыргызторг Совет көчөсүндөгү чоң магазиндин идиш-аяк сатуучу бөлүмүндөгү көк-ала сакал Салимгерей деген татарга кошуп койду. Тиги келет, бу келет, тарелка сурайт, тарелка көрсөтөм, чыны сурайт, чыны көрсөтөм. Эки көзүм эшикте. Магазинге тааныш киши кирсе эле уялып, магазиндин арткы эшигин көздөй жөнөйм. Короого чыгып, бир аздан кийин кайра келем. Үч күндөн кийин Угоркомго кайра барып, иштебейм деп чыр салдым. Угорком финотделге жиберди. Ага барсам, тилмеч болосуң дейт. Тилмечтик кылбайм деп андан да кайра келдим. "Эмесе азыр сага ылайык кызмат жок, эс ала тур" деди. "Белгисиз мезгилге отпуск берилди" деп кагаз кылып бербедиби! Кийин уксам Кошбаевди солтонун кызматкерлери түшүргүсү келбептир, ага деле болбой тиги орус жигит мени дайындамак экен, уезддик исполкомдун председатели, ушул эле Сакыев Жабы мени жарабайт деп болбой коюптур. Ал кудаяровчул эмеспи, өзү бир кишини өз тарабынан дайындап жүргөн экен. Ал кишинин үстүнөн бир топ материал болсо керек, аны солтолор чукуп, өткөрбөй коюптур. Ошентип эки жагы тең "булар ыкка көнбөй турган курч немелер, элди бузуп жиберет" деп бизден качат. Ошон үчүн колдон келсе, буларды сого бериш керек. Совет өкмөтүнүн жолу менен жүрсө колдоп, четке чыккан учурларда согуш керек. Мен өзүм, эмне болсо ошо болсун, тил алган кедей менен коммунисттерди ээрчитип, кедейлердин бирөөн болуш кылууга аракет кыла берем. Бара көрөбүз, - деди Садык.
- Эми ошондой кылалыбы? - деди Ыйман.
- Аны өзүң бил. Мен ошондой эле кылам, - деди Садык.
- Ошондой кылалы. Сеники туура. Кай жагына барсаң да, манапты жактайсың. Манаптардан кордукту көрүп келип, эми аларды жактагандан көрө өлөлү, - деди Ыйман. Ошого экөө тең макул болушуп, ордунан туруп, жатууга камынышты.

## V

Айыл аткаруу комитетинин канторунан чыккан Бакеш төш чөнтөгүнөн саатын алып карады да:
- Саат беш экен, алтыга чейин Шаркыратмага жете алабызбы? - деди Мамытка.
- Эми эле барасыңар. Ой, Аттокур, алып кел бул кишилердин аттарын, - деп Мамыт кыйкырды.
Аттокур тору жоргону алып келип, Бакештин алдына туура тартты. Бакеш аттанып туруп:
- Мени менен ким барат? Портфелди ошого бер, кармап алсын, - деди.
- Аттокур, мин атыңа ылдам, ме! Бу бапкени кармап ал, - деп Мамыт портфелди Аттокурга берди.
- Кош эмесе, саламат болгула, - деп Бакеш тору жоргону бура тартып жөнөдү. Артынан карагер менен таскактатып Аттокур кетти.
Алар кеткенден кийин:
- Биз дагы жөнөбөйлүбү? - деп Шарип жанында турган атчан кишилерге карады. Алар бешинчи менен алтынчы айылдагылардын аксакалдары менен аткаминерлери эле. Аңгыча Сексенбайдын карагер жоргосун бир жигит алып келип калды. Жоргого минип, Мамыт менен коштошкон Шарип тиги кишилер менен бирге жогору бастырды. Бир аз бастыра түшкөндөн кийин Шарип сөз баштады.

- Кадыке! Өзүңөрдүн тилиңерди ала турган аксакал, анан айыл аткаминерлери менен бир жайлуу жерге жыйналып сүйлөшсөк болот эле.
- Шоро боюнча болгон биздин жааттын кишилери мененби? - деди Кадыр.
- Ооба.
- Жайлуу жер эле биздин өзүбүздүн айыл болот, ошо жакка барыш керек, анда узай электе тиги кишилерге кабар бериш керек эле. Эмесе Шарип менен молдокем бастыра берсин, биз калалы да, тигилерди ала баралы, - деп Кадыр бура тартты. Аны менен бирге төрт киши бурулуп, кайта бастырды.

Шарип Шоронун бешинчи айылындагы Токтогон молдонун уулу эле. Атасы Токтогон дин окуусун окуп, молдо болуп, ошол молдолугу аркасында байып, манаптар менен бирге эл аралап "Токтогон молдо" атыккан киши. Анын уулу Шарип русско-туземный школду бүтүргөндөн кийин орусча гимназиядан да бир-эки жыл окуган. Совет өкмөтү орногондон кийин кызматка илешип, 21-жылынан бери сот мекемелеринде иштеп келатат. Бай-манап менен тыгыз байланышкан Сабырбеков жагынын активдүү кишилеринен. Жашы отуздан ашкан, токтолуп калган жигит.
Эл орунга отурган кезде алты канат чоң боз үйдүн ичинде шырдак, ала кийиз жайылып, алардын үстүнө салынган көлдөлөң, көрпөчөлөрдө он беш чакты киши эт тууратып, беш бармак жеп олтурушту. Булар шоро элинин солто жагындагы манаптары менен айыл аткаминерлери эле.
Эт желип болгондон кийин коноктор эшикке чыгып келип, орун алышып жатышты. Найман, Өмүр, Таштан, Токтогон молдо, Шарип бешөөнө орун там үйгө салынды. Башкалары боз үйдөн орун алып жатышты.
Там үйгө кирип, салынган төшөктүн үстүнө отурган ошол бешөө Кадыр, Чымыр менен жетөө болуп маектеше башташты.
- Кана, аксакалдар! Тиги үйдөгү сөздөр жалпы максат жөнүндө болду. Эми ошол максатты иш жүзүнө чыгаруу аракеттери жөнүнөн сүйлөшүп, эртеңден баштап ишке киришкендей болууңар керек. Мен болсом эртең эрте кетем, - деди Шарип.
- Туура, "урушта туруш жок" деген, кыймылды бүгүн белгилеп, эртең ишке киришкендей болуубуз керек, - деп Найман сакалын сылады.
- Кана эми! Акыл өзүңүз менен эле Шариптен, бул отурган аксакалдардан болсун. Биз Чымыр экөөбүз эмне болсо да макулбуз, - деп Кадыр ылдый карап кийиздин үстүндө жаткан куурайдын сыныгын алып, тишин чукууга кирди.
- Биз өз тилибизди алган түтүндөрүбүз менен силерге кирип бердик, бирок намыс жалпыбыздыкы. Ошенткен менен эл курсун, эл жаман болот, дүнүйө кимди азгырбайт. Тигилер дүнүйөсүн чача берсе, өзүм деп жүргөндөрүңдүн деле башка жакка кирип кетмейлери болот. Силер элгерчилик-журтгерчиликке камдаганыңарды айтсаңар. Ошого карап көрсөк, - деп Найман Кадырга карады.
-Биз "бул болсун, тиги болсун" деп эчтекени чектей элекпиз. Бирок жалпы кам бар. Кам деген эле ошо да, кудая шүгүр, мал бар, биздин алтынчы менен бешинчини чыгарып таштап, калган ар урууга бир-бир аттан салык салынса, кандай болор эле? Мисалы, биринчи айыл негизинен эки уруу, төртүнчү эки уруу, экинчи менен үчүнчүнүн биз жагындагылар эки уруу. Ар биринен бирден ат алынса, баары алты ат болот да, - деп Кадыр Шарипке карады.
-Мал дегениң жарабайт, шарт көтөрбөйт. Өкмөткө билинсе, баягылар мал чачып, болуштук талашып жатат деп бизди жакшы көз менен карабай калат. Акча кылыш керек.

Кандай дейсиң, Шарип? - деп Найман Шарипке карады.
-Туура, - деп кубаттады Шарип.
- Менин оюмча, Шоро өзү 1160 түтүн. Бешинчи менен алтынчы айыл бүт бизде болсо, 800гө жакын түтүн калат, ошол 800 түтүндүн төрт жүзү дагы биздик болсо эле, ошо жетет. Ошондо бешинчи, алтынчыны ичине киргизип айтканда биз жети жүздөн ашуун түтүн болобуз. Тигилер 400 болот. Мына ошондой болгондо бизге 400 түтүн кишини өзүбүзгө тартууга туура келет. 400 түтүн кишиге түтүнүнө 5 сомдон эсептегенде 2000 сом акча керек. Алардын ичинен аз алуучусу болот, көп алуучусу болот. Албай калуучусу да болот. Иши кылып келүүчү түтүндөргө 5 сомдон эсептеп, милдеттүү кишисине акчаны берүү керек, - деди Найман.
- Анда 200 кой болот экен да! Базарда азыр койдун мыктысы 10-12 сомдон экен, - деп Өмүр башын жерге салып, жерди тиктеп ойго түшүп отурган Чымырды карады. - Эки жүз кой! Аны козуга салып эсептесең, төрт жүз болот, козу азыр 5 эле сом, ошо да сөзбү? Буйруп, болуштук колго тийсе, 200 кой эмне! Андан көрө иштин оңолорун көздөйлү. Сен Чымырды карайсың, Чымыр жалгыз эмес, бешинчини коеюн, биз алтынчы эле, алдыбыз экиден, артыбыз бирден кылып төлөп коебуз, - деп Кадыр Өмүргө таарынгансып кайрат кылды.
- Туура айтат Кадыр, болуштук келсе, намыс колго тийсе, баарыбыз эле кошомат кылып кой эмес, ат бербейбизби! Ай, жаман асык, соодагерлигиң да бар ээ? - деп Таштан күлдү, башкалар да жылмайышты.
- Жо-ок, мен жөн эле сөздүн мисалын айтып жатам, - деп Өмүр тайсалдады.
- Эмесе макул, аксакалдар! Баарыңарга ушул эп келсе, эртеңден баштап аракет кылып, бүрсүгүндөн калтырбай түтүн башына 5 сомдон эсептеп, айылдын аксакалдарына акча тапшыргандай бололу, аксакалдар өздөрү эртеңден баштап айылы менен сүйлөшүп, калчусу ким, кетем дегендерди акча менен болобу же өз кадыры мененби, айтор, токтотууга киришсин, кандай дейсиңер? - деп Кадыр элге карады.
- Макул, жакшы болот, - деп баары ошону туура көрдү.

- Бул иш бүттү. Эми жанагы куу союлдарыңарды эмне кыласыңар? Садыкка окшогондор аларды ээрчитип алып, чаң салып жүрбөйбү - деди Шарип.
- Алардын атасынын көрү, акчаны ким көп берсе, ошо жакка кетет да. Тигилерден бир-эки сом ашык берип койбойсузбу, - деп Таштан ордунан обдулду.
- Жок, Садыкты акча менен алдай албайсыңар! - деди Шарип.
- Ал эчтеме эмес, көнсө көнөөр, көнбөсө анын колунан эмне келмек? Элдин көбү биз жакта болгондон кийин кыйкырып-кыйкырып кала берет да. Ал биз жакка келбесе, тигилерге да барбайт. Ошентип ортодо кала берсин, - деп Найман төшөккө кыйшайды.
- Сөз ушул эмесе. Найман аксакалдын уйкусу келген окшойт. Жай алыңыздар, ыйманда жаткыла, - деп Кадыр эшикке карай басты. Анын артынан Чымыр чыкты. Чымырдын артынан эки-үч киши эшикке чыгып, кайра үйгө кирип, орун алышты.
- Ой! Сен кимсиң? - деп Кадыр ар жакта басып бараткан кишиге кыйкырды.
- Мен эле, - деп үн чыгарган Усубаалы боз үйгө кирип кетти.
Усубаалы боз үйдөгүлөр жатаарда үйгө кирип, орун алып, тойгон элдин алды уйкуга киргенде тонун желбегей жамынып эшикке чыгып, там үйдөгүлөрдүн сөзүн терезенин колтугундагы тикесинен тамга жөлөнгөн чегедектердин далдоосунан тыңшап турган эле.

## VI

Бакеш менен Шарипти жөнөткөндөн кийин Мамыт атына минип, эки киши менен төмөн бастырды. Бир аз узагандан кийин эки жолдун айрылышына келгенде, жанындагы эки кишинин бирөө Мамытка карап:

- Сизди Өскөн аксакал үй жагына кайрыла кетсин дейт, - деди.

Бул жигит Өскөндүн аталаш инилеринен эле. Беркиси айылаткомунун секретары Ганиев болчу.

- Ганиев, сен үй жакка бара бер, мен анан барам, - деп Мамыт өйдө көздөй тиги жигит менен бирге бура тартты.

Биртике бастыргандан кийин жолдон бурулуп, түндүк жагын бастырма кылып жаап, үстүнө узунунан заңгырата беде үйгөн чоң коргондун жанындагы куба төбөл боз үйгө барып түштү. Үргөн иттердин үнүн укту бейм, үйдөн бир кара тору жигит чыкты да, Мамыттын атын алып байлап, өзүн эшик ачып үйгө киргизди.

- Кел, болуш, өкмөтчүлөрүңдү жөнөттүңбү? - деп Өскөн ордунан туруп, зайыбына буйрук кылды - Аныйпа, төргө бирдеме салчы.

- Жөнөттүм, - деп Мамыт төрдөгү жаңыдан салынган кара көлдөлөңдүн үстүнө барып отурду.

- Өзүңчө бирдеме сүйлөшө алдыңбы алар менен?

- Алардын түрү башка, ынтымакташып шайлоону жакшы өткөргүлө деген жөн сөздү айтат.

- "Ынтымак менен баталашып, болуштукту эл дагы мага беришти эле, буга кандай дейсиңер" деп айтып көргөн жоксуңбу - деди Өскөн.

Мындан жыйырма чакты күн мурун Шоронун аксакалдары жана айыл аткаминерлери экинчи айылдын мектебинде болгон чогулуштан кийин акылдашып, болуштукту быйылкы шайлоодо Мамыттын өзүнө эле берели, бул өзү элге тынч болуш болду деп бата кылышкан эле. Өскөн ошону айтып жатат. - Шарипке айттым, - деди Мамыт, - ал "көпчүлүк берген болсо жакшы, бирок элди тынчытуу үчүн башка бирөөгө берсеңер да болоор эле, деги кимиң болсо да чырды коюп, ынтымак жагына көчкүлө" деп бизди Солто жагына оодаргысы келет. Анын ынтымагы эле бул: "Баарыбыз биригип туруп Солто жагынан бирөөнү шайласак, ошондо туура болгону турат".

- И-и, эмесе алардын сөзүнүн төркүнү маалым болду. Эми эмне деген оюң бар? - деди Өскөн.

Мамыт колуна дасторкон кармаган бойдон кирген Аныйпа байбичени көрүп, жооп бербей мурчуйду.

Аныйпа дасторкон жайып, үстүнө нан коюп, Мамыт менен Өскөнгө чай берип чыгып кетти.

- Кандай ой болсун, акылдашып эле иш кылыш керек, - деди Мамыт.

- Анда Шоронун аксакалдары менен аткаминерлерин чогултуп, дагы сүйлөшүү керек. Баягы күнкү баталашкан убаданын бар-жок экенин билип туруп, анан ишке киришүү керек. Ошону менен бирге, куру аякка бата жүрөбү, сен баягы айткан теңгелериңди камда. Аксакалдардын алдына аздыр-көптүр бирдеме койгондой бололу, - деди Өскөн.

- Макул, мен бүгүн элди кабарлатайын. Кай жерге чогулганыбыз оң? Экинчи айылдын мектебине эле чогулбайбызбы? - деди Мамыт.

- Ооба, ошол жер оң, эл ортосу.

- Акча жагы болсо анча-мынча камдалуу. Калганын Ыстам аркылуу табабыз.

- Өзүңдүн туугандарыңан деле чыкпайбы? Баары эле мал базар менен тери базарда соода

кылып жүрүшөт го, - деди Өскөн.
- Алардан да чыгып калаар, деги акча жагы камсыз болот, - деп чайын түгөтүп, чынысын жерге койду Мамыт. - Мен ичтим, кайтайын, - деп бата кылып ордунан турду да, эшикке чыкты.
Өскөн кошо чыгып:
- Кош эми, жолуң болсун, сөз ушу. Бу жердегилерди мен ала барам. Калганын кабарланта бер, - деди.
Мамыт атганып үйүн көздөй төмөн бастырды.
Үйүнө барып, бешинчи, алтынчы айылдардын аксакалдары менен аткаминерлерине Аттокурду, калгандарына "эртең шашкеде экинчи айылдын мектебинде болушсун" деп Жусуп деген айылындагы бир жигитти чаптырды. Алардын колдоруна кат жазып берди. Ал катта "шайлоо жакындап калды, ошон үчүн акыркы масилетти кылалы, ошого келиңиздер, келбей калбаңыздар!" деген Мамыттын өтүнүчү айтылган эле.
Жигиттер жөнөп кеткенден кийин Ганиев Мамытка карап:

- Тукмактан бир ничэ церкулярлар килген, аның бирисе мына бу, - деп колуна бир бети карандаш менен жазылган, экинчи бети актай бир барак кагазды алды. - Мында нидоимкаларны беренче январга калдырмыйча битириңиз деп фининспектор яза.
- Аны кое тур, дагы эмне бар? - деди Мамыт.
- Ник куябыз? Нидоимкаларны битирмесек булмий. Ато бизни сутка бирерлер. Киче мин барганда финагинт базардан күреп мине бийк урушту. Сиңа да айтирга кушкан иди, унтуп киткенмын.
- Аны бүтүрөбүз, башкасын айтчы, - деди Мамыт.
- Мына бу сутдан килган повисткалар. Буранбайны, аның энисин, тагы да баласын чакыра, алтынчы лисний обезчик Жумаалыны чакыра. Бул лис урлаганы тугрулы бул ырга кирак.
- О-о, кудай урган, быйыл жайында Тууракайыңдан беш-алты чегедек алып келе жатып Жумаалыга кезигип калып, ал биртокол жазам деп чатак кылды деп Сатыбалды айтты эле. Ошо экен го, - деди Мамыт.
- Ие! Шул булыр, - деди Ганиев.
- И-ии, дагы эмне бар? - деди Мамыт.
- Тагын мина бу кагаз, бу шайлау тугрулы.
- И-ии, и-ии! Эмне дейт? Окучу жакшылап, - деп Мамыт ордунан обдулуп, Ганиев жакка жылып, мойнун созду, окуп жиберчү немедей кагазга карады.
- Шура илиниң шайлавы 28-декабрда булачак. Шунуң үчүн 28-декабрда сагат токызда шайлавчыларның барин илниң урта жерине жыйнагыз дий.
Ганиев дагы бир кагазды колуна алып сүйлөйүн десе, баятан бери чекесин таянып, Ганиевдин сөзүн жакшылап тыңшап отурган Мамыт:
- Болду, Ганий, токтот, калганын эртең чогулушка чейин айтып бересиң, - деди.
- Хазир нишлисиң, башка юмушларың юк бит? - деди Ганиев.
- Жок болсо да, эртең сүйлөшөбүз - деп Мамыттын уккусу келбеди. Ганиев болбой жатып дагы эки-үч кагаздын мазмуну менен Мамытты тааныштырды.
- Эл жатар болду, чайыңарды ичпейсиңерби? - деп токолу Мамытка карады. Мамыт отурган жеринен бир аз артына жылды. Дасторкон салынып, анын үстүнө боорсок коюлду. Токолу коломтодогу оттун жанындагы жез чайнектен чай куюп, Мамыт менен Ганиевге берип:
- Апа, турбайсызбы? Ысык чай ичиңиз, - деп жүктүн бурчунда чапанын жамынып жаткан

аялга карады. Ал аял башым ооруйт деп жатып алган Мамыттын улуу зайыбы Калыйча эле. Калыйча ордунан туруп, Мамыттын ылдый жагына келип отурду. Күнүсүнүн сунган чынысын алып:
- Ай кудай күйгүзгүр! Күйүп өлөрсүң. Кечээтен бери башым, бүткөн боюм ооруп, чыдабай жатсам, "кандайсың?" деп бир сурап койгонго да жарабайсың! Сен эмне болгонсуң? - деп Мамытка ачуулангансыды.
- Э-ээ, байбиче, таарынба! Кудай сактасын, мен үйгө киргенде уктап жатыпсың, андан бери Ганиев экөөбүз сүйлөшүп отуруп, ойгонгонуңду байкабай калыптырмын. Байбиче, капа болбоңуз, - деп Калыйчаны далыга чаап эркелетти.
- О-оба, Жамыйла ооруп жатса, эмне жатасың деп ойготуп туруп сураар элең, - деди Калыйча.
- Сурабай калсын, аны тим эле айтып атасыңар, апа!.. Мамыраалынын кызын алганда, ошону ошентип сураар, - деди токолу Жамыйла.

- Жамыйла, койчу бул сөзүңдү сен! Мамыраалынын кызы түгүл азыр өкмөттүн жумушун бүтүрө албай эс ооп атат, - деп Мамыт токолуна акырая карады.
- Ал кайсы жумуш? Шайлоо болот, ушу шайлоодо дагы болуш болуп калсам экен дегениңди айтасыңбы? - деп Калыйча күлүмсүрөп какшыктады.
- Чын айтасыңар, апа. Бул шайлоодо муну болуш кылбаш керек, болуш болсо эле Мамыраалынын кызын алат, ал чын, - деди Жамыйла.
- Ой, атаңдын көрү ит! "Катын душман" деген ырас турбайбы, какылдабай үнүңдү бас! - деди Мамыт ачуусу келип.
Эринин ачуусу келгенин билип Жамыйла ылдый карап, дасторкондогу чыныларды алып дагы чай куяйын деди эле, Мамыт менен Ганиев токтотуп койду. Чай ичилгенден кийин төшөк салынып жата башташты. Мамыт Жамыйланын төшөгүнө жатты. Бүгүн ошонун кезеги эле.
Мамыт өзү илгерки чоң манаптардан эмес. Жакын ага-туугандары бир чети мал өстүрүп, экинчи жагынан, базар жакын болгондуктан соода кылып күн көргөн оокаттуу кишилер. Туугандарынын ичинен Боромбай дегени жүздөн ашуун жылкы, беш жүздөн ашуун кой, отуз-кырктай бодо мал күткөн бай. Бирок элдин ана-мынасына катышпаган, тилегинин баары мал көбөйтүүгө чыккан, кунары жок сасык байлардан.
Мамыт Совет бийлиги чыккандан бери өзүнүн эптүүлүгүнөн, жөндөмдүүлүгүнөн Токмоктогу өкмөтчүлөр менен байланышып, 1921-жылы "Союзкошчу" уюштурулгандан бери ага мүчө болуп келатат. Манаптар менен бирге, кедей менен орто дыйкандардан чыккан айыл аткаминерлери менен бирге Шоро боюнча жалпы маселелерди чечишет. Кийинки убактыларда "Мамыт болуш" болуп сөзгө кирген жигит. Жигит дегидей көп деле жаш эмес, жашы кырк чамасында. Жапалдаш бойлуу, балчайыбыраак келген, бакжайган жээрде сакалдуу, тегерек бет кызыл киши. Мамыт өзү кудаяровчул. "Мен уруум манап болгону менен, өзүм кедеймин, ошондуктан Кудаяровду жактаймын" деген демагогдук сөздөрдү көп айтат.
Былтыртан бери болуш болуп, жеген-ичкенинен башка эчтеме арттыра алган жок. Себеби жемекейлик кылбай, элди алайын деген максат менен жүрөт. Манаптардын арасында "элге тынч жакшы болуш" деген наамы бар. Мына ошондуктан мурунку чогулушта Мамытты кайра ордуна калтырабыз деп Шоронун манаптары менен аткаминерлери баталашкан эле. Мамыттын "мен дайым эле болуш болуп жүрмөк белем, бир жыл эл алам деп жүрдүм, кудая шүгүр, жаман эмес, эл менден көп чыкпай калды, эми мал жыйнап,

дөөлөт күтөйүн, качанкыга туугандарды чырылдатып малына кол салам" деген ою бар. Мына ушул үчүн болуштукту дагы бир жыл кармасам дегенде эки көзү төрт.
Токолунун койнунда чалкалаган Мамыт эртең эл чогулса, баягы күнкү убаданы аныктап, дагы бир баталашсак, кара койду сойсок, кандуу этке тойсок, аксакалдарына беш-он сомдон үлөштүрсөк, иш ордунан чыкпайбы деп ойлонуп жатып уйкуга кетти.
Эртеси ал эрте туруп, чайды эртерээк ичип, Ганиевди ээрчитип мектепти көздөй жөнөдү. Күн бир аз өйдө көтөрүлгөндө мектепке Аттокур келди. - И-ии, келдиңби, эл кана?
- Бешинчи, алтынчынын бирөө да келе турган эмес. Баары эле барбайбыз, базарда жумушубуз бар деп Токмокко кетишти, - деди Аттокур.
Дагы бир аздан кийин Осмон менен бирге үчүнчү айылдан он чакты киши келип калышты. Мамыттын жиберген жигити Жунуш да булар менен кошо келди.
- Салоом алейкум! Ээ, кел, Осоке! - деп Мамыт аттан түшүп жаткан Осмонго барып кол алышты да, Жунушка карады. - Башкалар да келатабы?
- Келатат, бирок бүт эмес. Үчүнчү айыл бүт, төртүнчүдөн Керимкул менен Асанбек келатат. Башкалары келбес болду. Таштан болсо барбаймын болушуңа деп айтты. "Эмне үчүн барбайсыз?" десем, "Кажылдабай бастыр, кысталак! Сенин эмне жумушуң бар? Барбайм дедим, барбайм! Айдап кетейин деп турасыңбы?" деп уруша кетти. Бирдеме десем урганы турат. Коркуп, унчукпай бастыра бердим. Асыктарың да келе турган эмес. Өмүр жогору кетти, барсак, Найман экөөбүз бирге барабыз деп оозу бош айтат, - деди Жунуш.
Аңгыча жети-сегиз киши менен Өскөн келип калды. Аттан түшпөй туруп эле:
- И-ии, эмгиче келише элекпи? - деди Мамытты карап.
- Жок! Найман аксакал кана? - деди Мамытты карап.
- Мен өзүм көргөнүм жок, киши жиберсем, зарыл жумушум бар деп Өмүр экөө Токмокко кетти деп келди, - деди.
- Бешинчи, алтынчылар да келбейбиз деп Токмокко кетишкен имиш.
- Алардын келбеси чын. Силер укпасаңар, мен уктум. Найман, Өмүр, Таштан бешинчи, алтынчылар менен бирге түндө кара курсак Чымырдын үйүндө болушуптур. Ошондо кара койду союп, Чымырды болуш кылмак болуп баталашты деп баягы кочкордук чертике Маадамил айтты деп биздин Ысмайыл айтып келди. Кочкорго бараткан экен, кардондон жолуктум дейт.
- Эмесе, келбейт ал бата ургур. Найманга эмне болду? Куда каалаunion, ошону бата урар. Жүргүлө эмесе, биз да Токмокко баралы. Токмоктон аларды таап, алдынан бир өтөлү да, биз дагы билген намазыбызды окуйлу, - деди Өскөн.
Мамыт, Осмон, Өскөн, дагы бир топ айыл аткаминерлери Токмокту көздөй жөнөштү. Жолду ката Өскөн "ай, бата урган Найман! Бата ураар!" деп ызырына берди.
- Жок, кеп анда эмес, бая күнү эле бирдеме союп, кан чыгарып, Найман, Таштан, Өмүр сыяктуулардын алдына бирдеме койгондо, мындай болбойт эле. Чекилик кичине өзүбүздөн кетип калды, - деди Осмон.
- Ошондой кылсак болмок экен. Ай, Мамыт, сен да болбогон жерден дүнүйөкорлук кылат экенсиң! Бир кой деген эмине! Ошондо кан чыгарып койгондо, балким, мындай болбойт эле, - деди Өскөн.
- Анда эч бир кам жок эле да. Жыйналыштан кийин болуп калбадыбы, - деди Мамыт. Токмокко жеткенче бара жаткан элдин сүйлөгөндөрүнүн баары шайлоо жөнүндө болду.

**VII**

Мезгил түшкө жакындап, Токмоктун базары кызып калган кез. Мал базарда мал батпайт. Далдалдар жеңинин ичинен колу менен эсеп кылып, "як", "дуу", "панж" деп фарсча сүйлөшөт, кай бирөөлөрү алуучу менен сатуучуну бири бирине келиштирип, соодасын бүтүрүп, ширинкана алып жатат. Кай бирөөлөрү эбин келтире албай "мындан жогору базар көтөрбөйт, жакшы баа" деп сатуучуну карап, "мал жакшы мал экен, бир сом, эки сомго карабай ала бер" деп алуучуга карап убараланып жүрөт. Кыргыз, казак, өзбек, уйгур, орус, дунган дебей базарга эл толгон. Эки-үчөө сатам деп ат жетелеп, беш-алтоо алуучу болуп ар кайсы атты бир минип сынап, катын-баласы менен чубуруп цыгандар да жүрөт.

Сатылчу малдарды каттоочу базаркомдун кишилери отурчу шыйпаңдын тегерегине каттоого алып келген малдар батпайт. Чымыр менен Кадыр айдап келген элүү кой, төрт жылкыны сатып, алар да каттата албай күтүп турушат. Койлорун он сомдон, он эки сомдон, жылкыларын жетимиш сомдон жүз сомго чейин ар түрдүү баа менен Узакбай кызыл кулакка саттырып, андан миң сом алышыптыр.

Дүкөндөр кездеме, булгаары, тигилүү кийим, чай, кант - койчу, ар түрдүү өнөр жай товарлары менен толгон. Эл дүкөндүн бирине кирип, биринен чыгып, соодасын кылып жүрөт. Чайкана менен ашпоздордо тамак ичип, кирип-чыгып жаткан эл мындан көп, ашканадан гармондун күүсүнө жана пивого кызыган элдин күүлдөгөнү угулат. Көчөнү аралаганда тыягынан да, быягынан да: "О-о, яг йеп кет, яг йеп кет!", "О-оо, иссык кебап, иссык кебап" деген самса менен кебеп саткан уйгур менен өзбектердин үнү, "о-оо, чоң нанлар, о-оо!" деп чырпыктан токуган чоң тегерек себетти чокусуна коюп, нан саткан уйгурлардын үнү. "О-оо, бир десатка, икки десатка! я-э-х, мамадам" деп касканды көтөрүп, "бижи, шикки" деп манту санаган, "э-эй, йеги шобанжа, йеги дабонжин!" деп алынын баарынча кыйкырган ашпоздордун үндөрү угулат.

Базарга кирээр менен эле Мамыт терибазар жакка бастырды. Базарда жылкынын, койдун, уйдун, түлкүнүн, суурдун терилерин, кийиз, жүн жана ошо сыяктууларды алып-сатып жүргөн эл көп. Алуучулардын көпчүлүгү сырзагдын агенттери жана Авлията менен Ташкенттен келген өзбек соодагерлер. Мамыттын ага-туугандары көбүнчө базарга келаткан тери-терсектерди жолдон тосуп сатып алып, базарга алып келип кымбатыраак баа менен агенттерге өткөзүшөт. Алар базардын өзүндө да бирдемелерди сатып алып пайда чыгарышат. Мамыт атчан туруп элдин арасынан эки кишини чакырды да:

- Эки-үч миң теңге керек, кайдан табабыз? - деди.

- Сырзагка барып, Мукаш менен сүйлөшүү керек, анчалык арбын акча башкадан табылуу кыйын, - деди кара сакал кара киши. Бул "Сырзагга" агент болуп жүргөн Мамыттын тууганы Сулайман эле.

- Эмесе жүр, Ошондо баралы, - деп Мамыт бура тартты эле, Сулайман артынан жөө басты.

- Чымыр деген инилерин болуш кылам деп акча сарп кылып жүргөн ошол Кадыр.

- А-аа, атаңдын көрү, аны мен билбей калбадымбы? Билсем бербейт элем. Сен Ыcламды таап кел. Ошондон албасак, кассада акча калбай калды, - деп Мукаш Сулайманга карады.

- Эмесе мен элге барайын, акчаны Сулайман алсын, - деп Мамыт ордунан турду.

- Макул эмесе, анан кетериңде жолуга кет.

- Макул, - деп Мамыт Сулайман менен бирге эшикке чыкты.

Мукаш орусча билим алган кыргыз жигиттеринин бири. Атасы Саякпай илгери орусча окуп, "Саякпай тилмеч" аталган киши. Пишпекте өзүнүн короо-жайы бар. Мукаш шаарда

туулуп, шаар турмушунда өскөн. Кудаяров чыккандан бери атасы кудаяровчул болуп, ошол аркылуу Мукаш өзү да кудаяровчул.
Мукаштын Совет өкмөтүнүн негизги саясаты менен тааныштыгы жок. Билгени: тери-терсек даярдай турган агенттерди уюштуруп, терини арзан алып, өкмөткө кымбат баа менен өткөрүп акча табуу. Ошону менен бирге анын Кудаяров жеңсе, чоңураак орунга ээ боломбу деген үмүтү бар. Кудаяров жагын кай жерге барса да жан-дили менен жактайт.
Сулайман бат эле Ысламды ээрчитип келип калды.
- И-ии, Ыслам аке! Кандай жакшыбы? - деди Мукаш.
- Жакшы, жакшы, - деди Ыслам.
- Сулайманга эки миң сом акча таап бериңиз. Мен сизге эртең кассадан алып берейин, бүгүн кассада акча жок болуп калыптыр, - деди.
- Макул, эртеңден калбасын. Менде акча жок, Ташкенттен келген соодагерлерден алып берейин. Алар эртең мал алышат, - деди Ыслам.
- Эртең беремин, сөз жок. Азыр Сулайманды ээрчитип барып алып бериңиз, - деди Мукаш.
- Макул, жүр, - деп Ыслам Сулайманды ээрчитип чыгып кетти.
Сулайман акчаны алып, Мамытты издеп базарга чыкты. Беде базарды аралап келатып Аттокурду көрдү. Мамытты сурады эле, Аттокур анын Момунжандын чайканасында отурганын айтты. Сулайман Момунжандын самооруна келсе, кийиздин үстүндө Мамыт, Өскөн, Осмон, дагы төрт-беш киши тегеректешип чай ичип отурган экен. Булардан башка Найман эки-үч жолдошу менен отуруптур. Сулайман да алардын жанына келип отурду. Чай ортолоп ичилген кезде шайлоо жөнүндө сөз башталды.
- Найман аксакал! Калппы же чынбы, биз кабар угуп эле сени батага тапшырып жатабыз, - деп Өскөн Найманга карады.
- И-ии, ал эмне кабар экен? - деп Найман башын көтөрдү.
- Өгүнү өзүң башта болуп баарыбыз болуштукту Мамыттын өзүнө калтыралы деп убада кылып баталаштык эле, бүгүн уксак, силер алтынчы айылга барып, Чымырды болуш кылабыз деп дагы баталашыптырсыңар, - деди Өскөн.
- И-ии, Чымыр болсо эмне болмок эле, алтынчы өмүр бою болуш болуп көрө элек. Ошолор сурагандан кийин берсе берелик дедик. Силер деле ошого макул болбойсуңарбы? Мамыттын жолун кылдыралы, - деди Найман.
- Сен баягы күнкү батаны унуттуңбу? Ошондо элдин батасы сени соо кылбайт. Кой, Найман, ал сөзүңдү! Андан көрө алтынчынын жолун Мамыт кылсын, сен убаданы бузба! Бата деген кыйын болот, - деди Өскөн.
- Өгүнкү бата мен үчүн бата эмес. Силер бата кылып бетиңерди сыйпаганда, мен батаны ийнимен алыс тамга ыргытып жибергенмин, - деп Найман алаканын жайып, эки колун эки ийнинен алыс шилтеди.
- О-оо кудай урган чокундук: Бала кезиңде орууста көп жүрдүң эле, орусча өсүп калгансың беймм. Бата урчу болсо оңолбойсуң, билесиңби? - деди Өскөн.
-Аны да көрө жатарбыз, - деди Найман.
- Эми сен кайтпайсыңбы? Деги чыныңды айтчы! - деди Ыбрайым.
- Жок, - деди Найман.

- Эмесе сөз бүттү, жүргүлө! - деп Өскөн камчысын кармап ордунан турду.
- Ай, Найман, ушу жакшы эмес. Элди экиге бөлбөй эле ынтымакташып иш кылсак жакшы болот эле,- деди ордунан туруп бара жатып Осмон.

- Мамыт болбосо эле ынтымак болбой калабы? Ынтымактан өзүңөр качып жатпайсыңарбы! - деди Найман.
- Сенин ынтымагың солтонуку, көрөрбүз! - деп Өскөн чайкананын эшигинен чыкты.
- Көрсө көрөрбүз! - деп чынысын кармаган бойдон Найман жанындагы эки киши менен отуруп калды.
Көчөгө чыккандан кийин Өскөн Мамытка карап:
- Эми сыртка чыгып, бир жайлуу жерге барып, акылдашалы. Сен теңгенди камдадыңбы? - деди.
- Камдалуу,- деп Мамыттан мурун Сулайман жооп берди.
- Эмесе, бу жердеги керектүү кишилерди алып биздин айылга баралы, - деди Мамыт.
Баары ошого макул болуп, Өскөн, Осмон болушуп беде базарындагы аттарды көздөй басышты.
Беде базарда арабалап беде, чөп сатканы айылдардан келген дыйкандардан башка беде жалдаптары бар. Алар дыйкандардын алып келгендерин дүңүнөн арзан сатып алып, базардын бош жерине үймөктөп коюп, четинен муктаж болгондорго кымбатыраак сата берет, анан базарчылап келгендердин аттарына чөп салып, көзөмөлчүлүк кылып да акча табат. Базарчылап келгендердин беденин кымбаттыгын эре-төрө көрбөгөндөрү базарга кирер замат жанга тынч деп аттарын ошол жалдаптарга тапшырат.
Өскөн, Осмон баштаган топ беде базардан аттанганы калганда Мамыт Сулайманды чакырып, оолагыраак алып чыкты.
- Сен бу кишилерди туура эле биздикине ээрчитип бар. Боромбайдыкынан бир семиз кой алдырып сой. Мен артыңардан жете барам, - деди ага Мамыт.

Ал анан аттанып жөнөгөнү тургандардын ичинен Өскөнгө кайрылып:
- Силер мына бул Сулайман менен бастыра тургула, мен артыңардан жете барам. Бул жерде бир аз жумушум бар, бүтүрүп чыгайын, - деди.
Мамыт атына минип, Аттокурду ээрчитип, Сырзагдын канторун көздөй жөнөдү.
Кантордун короосуна киргенде атынын чылбырын Аттокурга карматып, ошол эле короого жакын Мукаштын үйүнө кирди.
Мукаш үйүнө келип, жаңы эле тамак ичип отурган экен. Мамыт ага кошулуп курсак тойдуруп, боло турган иштердин жөнүн айтып түшүндүрдү.
- Эмесе жакшылап аракет кылгыла. Акча керек болсо, дагы аларсың, төлөө жагын шайлоодон кийин бирдеме кыларсың, - деди Мукаш.
Мамыт эшикке чыгып, атына минип, Аттокурду ээрчитип жөнөдү.
Ошо күнү кечинде Мамыттын үйүндө бата кылынып союлган семиз койдун этин жеп отурушуп, манаптардан Өскөн, Осмон, Мамыт, Ыбрайым, айыл аткаминерлеринен дагы беш киши болуп тогуз киши акылдашты. Булар эсептеп көрсө, экинчи, үчүнчү айылдардан үч жүз түтүн, биринчи айылдан жүз отуз түтүн, төртүнчүдөн жетимиш түтүн, жалпысы беш жүз түтүн Мамыт үчүн добуш бергидей. Жеңип чыгыш үчүн алты жүз түтүндүн добушу керек экен. Андыктан кеңешип отургандар добуш берчү түтүндөрдүн санын алты жүзгө жеткирүү үчүн малды да, жанды да аябай, алдыдагы эки күн ичинде жапа тырмак аракет кылмак болушту.
Осмондун алдына үчүнчү айылды бүт камсыз кылуу үчүн сегиз жүз сом, Керимкул менен Асанбектин алдына төртүнчү айылдан жүзгө жакын түтүндү камсыз кылууга төрт жүз сом, Осмондун алдына биринчи айылдан эки жүз түтүндү камсыз кылуу үчүн сегиз жүз сом коюлду. Бул акчалар тиги тарапка кетип калабы деген ишенимсиз кишилерге жана

тиги тараптан бузуп алынуучу түтүндөргө гана берилүүгө тийиш. Башка туруктуулардын жол-жобосу жеңгенден кийин болмок болду. Экинчи айыл, жүз элүү түтүн эл, бүт өзүбүз деп Мамыт экинчиге акча арнаган жок. Этти жегенден кийин ушул акылга макул болушуп, чогулган эл түндө өз айылдарын көздөй жөнөштү.

**VIII**

Осмон эртерээк туруп, үйүнөн чай ичпей эле аттанып бастырды. Чойбектикине келип, үйүнө кирди, чапанын желбегей жамынып, малдаш урунуп, мештин жанына салынган кара көлдөлөңдүн үстүндө отурган көгала сакал, сары чийкил топучан кишиге салам берди. Бул Осмондун аталаш агасы Чойбек эле.

- Алекимесалам, кел, Осоке! - деди Чойбек. - И-ии, эмне эле эртелеп атка минип калгансың?

- Ушинтип эртелеп калдык, эртелебесек болбой калды. Баягы Ысмайылдын айтканы чын экен. Кечээ Өскөн болуп, Токмоктон Найманга кезигип беттештик. Болуштукту алтынчыга беребиз деп ал дегеле болбойт.

- Баягүнкү бата кана дебейсиңерби?

- Айттык. "Батаны ийнимен алыс ыргытып жибергенмин" дейт.

- Ал ошондой неме, бир жок десе, аны ынатуу кыйын. Эми эмне кылмакчысыңар? Баш кошуп акылдашпасаңар болбойт! - деди Чойбек.

Осмон түндө Мамыттыкында болгон кишилерди да, акыл-масилетти да айтты.

- Туура. Эмесе айылдагы билермандарыңды чакыртып акылдашып, берчүлөрүн колуна берип, элдин санын тактабайсыңарбы. Кокустан ырк бузарлар табылса, аларды колго алгандай болуу керек. Билерман сөрөйлөрүңдүн баарына кабар кылып, Мусанын тамына жыйнагыла. Аксакал менен билермандарга бирдеме союп, тамак берип, баталашкандай болгула, - деди Чойбек.

- Ошентебиз го, мен азыр элге кабар бердиртейин, сиз дагы аттанып келиңиз, - деп Осмон ичип отурган чынысын түгөтүп, бата кылып эшикке чыгып, атына минип жөнөдү. Чойбек үйүндө чайын ичип отуруп калды.

Чойбек илгери Николай заманында мурунку Шаркыратма элинин теңин дыйкан болобуз деп бөлүп, Шоро деген ат коюп өзүнчө болуш кылган. Атактуу Мамыраалы манап менен кармашып, болуш шайланып жүргөндөрдүн бири. Илгертен бай болуп келген, азыр да колунда алтымыш чамалуу жылкы, беш жүз-алты жүз кой, жыйырма чакты бодо малы бар. Илгери соода кылып, элге туумага акча берип, сүткордук менен байыган. Ушу кезде да Чойбекте катылган дилде менен жамбы көп деген эл арасында сөз бар. Өзү жеткен куу, митаам киши. Совет өкмөтү орногондон бери чарба жагына көбүрөөк илешип, өзүнүн айылынан башка элдин иштерине көп кийлигишпей, көбүнчө иниси Осмонду жумшап калган. Бирок жегичтиги дагы эле кала элек. Эби келсе, элден бирдеме чыгарып жештен эми да кайра тартпайт. Өзүнүн үч аялы бар, кичи зайыбын кече эле Совет бийлиги чыккандан кийин айылындагы бир кедейден бузуп алган.

Күн түшкө жакындаган кезде Мусанын тамына чакырылган кишилердин баары келип бүттү. Бардыгы отузга жетпеген киши келди. Бирок үчүнчү айылда болгон урууларлын билерман сөрөй дегенинин баары эле келген көрүнөт. Мусанын тамынын ички үйүнө араң эле батып отурушту келгендер. Чойбек Осмонго карап:

- Келүүчүлөрдүн баары эле келген окшойт, эми айтар сөзүңдү баштай бербейсиңби? - деди.

Осмон отурган элди тегерете карап:
- Баштасак да болот, - деди. - Кана, агайиндер, кичине тынчыраак отургула! Баягы күнү экинчинин үшкөлүндө ушу жерде отургандын көбү болгон. Ошондо кеңешип отуруп, болуштукту Мамытка бермек болуп баталаштык эле. Ошол ыраспы?
- Ырас, ырас, - дешти отургандар.
Наймандын алтынчы айылга барып баталашканын, анан анын Токмокто "баягы күнкү батаны далымын аркасына ыргытып ийгемин" дегенин, кечээ түндө Мамыттын үйүндө жаңы убада-шерт бекилгенин айткан соң Осмон мындай деди:
- Эми үчүнчү айыл бүт бойдон Атакенин арбагына сыйынып, ошонун ураанын чакыралы. Мына бу жерде үчүнчүнүн билермандарынын баары отурасыңар. Ар кимиңер өзүңөрдүн түтүнүңөрдү толугу менен Атаке жагына шайлоого катыштырууга аракет кылгыла.
Осмондун сөзү бүткөндөн кийин отургандардын көпчүлүгү "бөлүнгөндү бөрү жейт" деген, кай жагына барсак да чогуу болгонубуз жакшы дешип, биримдик болууну макул табышты. Андан кийин тиги кантер экен, бул кантер экен деп кайсы бир ишеними жок кишилерди айтышып, бири бири менен аңгемелешип отурушту. Аңгыча эт келди, эт желип болгондон кийин Чойбек башын көтөрүп, отургандарга карап:
- Эми, балдар, кудай билсин, өзүңөр билгиле. "Эрди намыс өлтүрөт, коенду камыш өлтүрөт" деген. Намыс деген эле ушул. Бул бир болуш эл эмес, бүтүн облус, бүтүн кыргыз боюнча болуп жаткан жумуш экен. Солто, сарбагыш болуп, Сабырбеков, Кудаяров болуп жонунан экиге бөлүнүптүр. Тигилер кудай уруп солтого кирип кетип олтурат. Сарбагыштын, кала берсе Тынайдын арбагы кантип соо койсун, биз өлсөк да Сарбагыш деп жатып абийирибиз менен өлөлү. Кудай буюрса, жеңиш биздики болот. Кайрат кылып, жакшы камынгыла! - деп насыят айтты.
- Макул, аксакал! Куда кааласа, жеңиле койбоспуз, - дешип отургандар Чойбектин сөзүн кубатташты.
- Эмесе, балдар, сөз ушу болсун, эми тарап, ишке киришкиле! - деп Чойбек отурган жеринен кичине артына жылып, чалкалап тамга сүйөндү.
Эшикке жакын отургандар ордунан козголуп, үйдөн чыгып бaратканда Осмон беш-алты кишини алып калды.
Булар ар кайсы уруунун билермандары эле.
Ашыкча кишилердин баары эшикке чыгып болгондон кийин Осмон үйдө калган кишилерди карап:
- Эл болгондон кийин бирин-серин бузула койчулар да болбой койбойт, ошолорду өзүбүзгө тартуу үчүн жана өзүңөргө азырынча чай ичип туруу үчүн мына бу акчаны алгыла, - деди да, үчүнчү айылдын үч негизги урууcунун билермандарынын алдына эки жүз сомдон акча койду. - Мына бу азыркы чай пулуңар, кийинкисин жеңгенден кийин болуш өзү билип берет.
Отургандар акчаны чөнтөгүнө салышты.

- Бул акчанын жайын эл билбесин, өкмөткө угулуп калса жаман болот. Өз ичиңерден ишенимдүү кишилер менен биригип, ошолор аркылуу керектүү кишилерге бергендей болгула, - деп Осмон ордунан турду. - Кана эмесе, бастыралы.
Жанындагылар да туруп, баары үйдөн чыгышты.
Эшикте кетпей үйдөгүлөрдү күтүп тургандар булар чыккандан кийин аттанышып, ар кимиси өз-өз айылдарын көздөй жөнөштү.
Бул сыяктуу чогулуш төртүнчү айылда да болду. Керимкул менен Асанбек Мамыттын

үйүнөн чыккандан кийин экөө бирге келип, Керимкулдукуна конду. Эртеси ал экөө эртерээк туруп, Таштанга билгизбей жашыруун эки жактан бастырып, өздөрүнө жакын кишилер менен тымызын сүйлөшүп, ошо күнү кечинде Асанбектикине бир кой союп акылдашып, Таштан жагындагы 30 түтүн кишини андан бузуп алмак болушту. Өскөн болсо эртең менен эрте атка минип, Ыбрайымга барып, аны ээрчитип, "ишеними жок кишилериңер менен сүйлөшүп, ошолорду өз жагыңарга тартууга киришкиле" деп ар уруунун билермандарын тапшырып, биринчи айылды кыдырып чыкты да, эртең кечке чейин эч болбосо жүз элүү түтүн биз жакка кошулат го деп ойлоп койду.
Мамыт болсо экинчи айылдын билерман аткаминерлерин жыйнап сүйлөшүп, тийиштүү тапшырмаларды берип дайындагансыды.
Чымыр жагы болсо алтынчы менен бешинчинин шайлоочуларын тактап, көп ишеними жокторуна акча беришип, өзүнүн Узак, Токтогон, Өсөрбай деген ишенимдүү кишилерин Найманга, Өмүргө, Таштанга жиберишип, алар да "а кудайлап" карап турушту.
Ошо күнү түштөн кийин Мамыт Аттокурду ээрчитип Токмокко келип, Волисполкомго жолугуп, шайлоонун 28-декабрда болорун аныктап билип, элди айыл ортосуна чогулт деген буйрук алып чыкты.
Үйүнө келер менен Мамыт "Эртең 28-декабрда эртеңки саат тогузда Шоро элинин шайлоосу болот, ошонун үчүн үчүнчү айылдагы Мусанын тамына аял-эркек дебей бардыгыңар жыйналгыла" деп буйрук жаздырып, бүтүн айылдарга киши чаптырды. Ошону менен бирге өзү тарабындагы аксакалдарга бала-бакыра, катын-калач дебей баары келсин деп өзүнчө кат жаздырды.
26-декабрь күнү Усубаалы Токмоктон Садыкка жолугуп, Чымырдын үйүндө болгон Шарип менен манаптардын кеңешмесин толук айтып берди. 27-декабрь күнү кечке жуук Чодон келип, үчүнчү айылдагы Осмон, Чойбектер менен болгон жыйналыш жөнүндө түшүндүрүп кеткен.
**IX**

28-декабрь күнү шашкеден баштап эле Шоронун эли аял-эркек дебей топ-топ болуп, кайсы бирөөлөрү жогору Мусанын тамын көздөй кетип жатса, кай бирлери чыгышка, алтынчы айылды көздөй кетип жатышты.
Түш ооган кезде Токмоктон шайлоо өткөрүү үчүн Волисполкомдун баштыгы Рыспаев менен дагы бир Чернышев деген орус уполномоченныйы келип, Мамытка жолугуп, шайлоо болуучу жерди, Мусанын тамын көздөй жөнөштү. Жолдо баратканда Шаркыратманын аркы өйүзүнөн беш-алты жүздөй чогулган элдин карааны көрүндү. Чогулгандардын арасында элечек оронуп, кызыл-тазыл кийинген аялдар да бар экен. Токмоктон келген чоңдор toктой калып Мамыттан сурашты:
- Тээтиги чогулган эл кайсы?
- Алар бешинчи, алтынчы айыл, бу жерге келгиле деп кабар жиберсек, "биз көппүз, шайлоону биздин үстүбүзгө өткөргүлө" деп келбей, ошо жерге жыйналып атышат, - деди Мамыт.
- Андай болсо бул жактагы кишилерди ошондойлоп алып келгиле! Тигилерди бери чакырып, тээтиги бакка өткөрөлү, - деп Чернышев колун сунуп Наймандын багын көрсөттү.

Мамыт макул деп ошо жерде турган кишилерден эки кишини Мусанын тамындагы чогулган элге чаптырды. Өзү уполномочендер менен Шаркыратманын аркы өйүзүндөгү

чогулган элди көздөй бастырды.
Уполномочендер жыйналган элдин теке маңдайындагы Шаркыратманын берки өйүзүндөгү жардын башына барып, чогулган элди чакырып Наймандын багына алып кел деп үч-төрт киши менен чү койгон бойдон коктуга түшүп, суудан кечип өтүп, маңдайкы кыя менен өөдө чыгып, жыйналган элге барып аралашты. Бирок бир нече убакыт өтсө да, эл ордунан козголгон жок. Бир кезде Мамыт ээрчиткен кишилери менен элден ажырап, кайра кайтты. Аңгыча бул жактан Мусанын тамындагы чогулган элдин алды жарышып, Наймандын багына барбай эле, уполномочендер турган жардын башына келип калышты.
Мамыт жакындаганда, уполномочендер суроо салды:
- Эл эмнеге келбей, ордунда турушат?
- "Барбайбыз, биз көпчүлүкпүз, шайлоону биздин үстүбүзгө өткөрсүн" дейт, канча айтсам да болбой коюшту, - деди Мамыт.
Аңгыча бул жактын эли да келип, жардын башына катарлашып тура баштады.
Шаркыратманын эл труган жери, өйүз-бүйүздүн ортосу эле, туурасынан караганда жарым километрден ашыгыраак келген кенен кокту эле.
Суу бул коктунун ортосунан гана агат. Коктунун эки жагы бийиктиги отуз-кырк метр келе турган жар.
Эки жаат болгон эл коктунун эки жагындагы жардын башында чабыша турган эмедей чыкчырылып, бирин бири карап, аңдышып турду.
- Эмесе жүргүлө, алар көп болсо ошо жерге барып эле өткөрөлү, күндү кечиктирбей - деди Рыспаев.
- Биз алардан аз бекенбиз! Өкмөттүн чакырган жерине келсин, биз деле чогулган жерибизден силер чакырды дегенден кийин келдик. Алар, эмне, олуябы? Барбайбыз, - деп бу жактагы эл чуулдашты.
Бу жактагы элдин наразылыгын түшүнүп, Чернышев элден бөлүнүп илгерирээк бастырып:
- Идите сюда! - деп шапкесин алып маңдайкы элге карап беш-алты жолу колун булгалап кыйкырды.
Ал жактан он чакты киши кыядан аттарын соелонтуп түшүп, кокту менен сууну кечип өттү, берки өйүздөгү жарды кыялап чыгып, уполномечендердин жанына келишти.
Чернышев келгендерге карап:
- Силер, эмне, быякка келбей шайлоону кечиктирип жатасыңар? -деди.
- И-ии, биз кантип келебиз, элдин көпчүлүгү ошол жакта. Ошо жерге барып өткөрсөңүз экен, - дешти тигилер.
- Баарыңарга тең, Наймандын эле багына өткөрөлү, - деди Рыспаев.
- Жок, ага эл боло турган эмес, - дешти келгендер.
- Эмесе, ошондой тура бергиле, мына бул чогулган эл деле аз эмес. Ушул эл менен өткөрө бербейбизби? - деп Өскөн уполномочендерге карады.
- Ооба, сенин айтканың эле боло берет! Муну көрсөң! - деп ар жактан Кадыр чыкты.
- Анан эмне келбейсиңер? Качан ошо жакка шайлоо өтүп жүрүүчү эле? Дайым эле ушул жакта болуучу эмес беле, - деп Осмон жаакташууга аралашты.

Мамыт макул деп ошо жерде турган кишилерден эки кишини Мусанын тамындагы чогулган элге чаптырды. Өзү уполномочендер менен Шаркыратманын аркы өйүзүндөгү чогулган элди көздөй бастырды.
Уполномочендер жыйналган элдин теке маңдайындагы, Шаркыратманын берки

өйүзүндөгү жардын башына барды, чогулган элди чакырып, Наймандын багына алып кел деп үч-төрт киши менен чү койгон бойдон коктуга түштү, суудан кечип өтүп, маңдайкы кыя менен өөдө чыгып, жыйналган элге барып аралашты. Бирок бир нече убакыт өтсө да, эл ордунан козголгон жок. Бир кезде Мамыт ээрчиткен кишилери менен элден ажырап, кайра кайтты. Аңгыча бул жактан Мусанын тамындагы чогулган элдин алды жарышып, Наймандын багына барбай эле, уполномочендер турган жардын башына келип калышты. Мамыт жакындаганда, уполномочендер суроо салды:
- Эл эмнеге келбей, ордунда турушат?
- "Барбайбыз, биз көпчүлүкпүз, шайлоону биздин үстүбүзгө өткөрсүн" дейт, канча айтсам да болбой коюшту, - деди Мамыт.
Аңгыча бул жактын эли да келип, жардын башына катарлашып тура баштады. Шаркыратманын эл турган жери өйүз-бүйүздүн ортосу, туурасынан караганда жарым километрден ашыгыраак келген кенен кокту эле.
Суу бул коктунун ортосунан гана агат. Коктунун эки жагы бийиктиги отуз-кырк метр келе турган жар.
Эки жаат болгон эл коктунун эки жагындагы жардын башында чабыша турган эмедей чыкчырылып, бирин бири карап аңдышып турду.
- Эмесе жүргүлө, алар көп болсо ошо жерге барып эле өткөрөлү күндү кечиктирбей, - деди Рыспаев.
- Биз алардан аз бекенбиз! Өкмөттүн чакырган жерине келсин, биз деле чогулган жерибизден силер чакырды дегенден кийин келдик. Алар, эмне, олуябы? Барбайбыз, - деп бу жактагы эл чуулдашты.
Бу жактагы элдин наразылыгын түшүнүп, Чернышев элден бөлүнүп илгерирээк бастырып:
- Идите сюда! - деп шапкесин алып маңдайкы элге карап беш-алты жолу колун булгалап кыйкырды.
Ал жактан он чакты киши кыядан аттарын соелонтуп түшүп, кокту менен сууну кечип өттү, берки өйүздөгү жарды кыялап чыгып, уполномечендердин жанына келди.
Чернышев келгендерге карап:
- Силер, эмне, быякка келбей, шайлоону кечиктирип жатасыңар? -деди.
- И-ии, биз кантип келебиз, элдин көпчүлүгү ошол жакта турса. Ошо жерге барып өткөрсөңүз экен, - дешти тигилер.
- Баарыңарга тең Наймандын эле багына өткөрөлү, - деди Рыспаев.
- Жок, ага эл боло турган эмес, - дешти келгендер.
- Эмесе, ошондой тура бергиле, мына бул чогулган эл деле аз эмес. Ушул эл менен өткөрө бербейбизби? - деп Өскөн уполномочендерге карады.
- Ооба, сенин айтканың эле боло берет! Муну көрсөң! - деп ар жактан Кадыр чыкты.
- Анан эмне келбейсиңер? Качан ошо жакка шайлоо өтүп жүрүүчү эле? Дайым эле ушул жакта болуучу эмес беле, - деп Осмон жаакташууга аралашты.

Аңгыча бери жакта турган элдин арасынан төрт-беш киши: "Ай, ушул иттердики өттү!" деп келген кишилерди көздөй аттарын соорулап жулунуп калышты.
- И-ңи, уруш чыгарган турасыңарбы? - деп тигилер да аттарын соорулап теминишти...
- Ой, койгула, чыр чыгарбагыла! - деп уполномочендер менен Мамыт тигилерди басты.
- Аз болсоңор да, көп болсоңор да мына бу эл ортосу Наймандын багына келгиле, ошо жерге өткөрөлү, элге барып айткыла, - деп Рыспаев тиги келген кишилерди кайра

кайтарды.
Чернышев менен Рыспаев экөө канча айтса да маңдайкы эл бу жакка келүүгө макул болушпады. Алардын ичинде урушууга даяр болуп жүргөндөр көп окшобойбу.
Күн кечкирип, дигерге да жакындап калды. Бүгүн шайлоонун болбосуна көзү жетип, анын үстүнө эл арасында чыр-чатак, жаатчылыктын күчтүү экенин түшүнгөндөн кийин Чернышев орусчалап:
- Бүгүн шайлоо өткөрүүгө кеч болуп калды. Тарагыла, эртең өткөрөбүз шайлоону, кай жерге өткөрүүнү акылдашабыз, - деди.
Бул сөздү Рыспаев кыргызчалап айткандан кийин Чернышев Рыспаевге кошулуп атынын башын бура тартып бастырды.
"Биз көппүз, сөзсүз жеңебиз" деп турган Кадыр менен Таштан:
- Ай, табариш, бул болбойт, бүгүн өткөрүңүз, бизди да санаңыз, анан тигилерди да санаңыз, - дешти.
Алар он беш-жыйырма чакты киши болуп полномочендердин артынан ээрчий бастырышты.
- Жок, уже поздно, - деп Чернышев күндү колу менен көрсөттү. - Завтра, завтра.
- Анан Чернышев ылдамдап бастырып, кыялай коктуга түшүп, берки өйүздөгүлөргө келип:
- Тарагыла! Кетти, шайлоо жок,- деп орусчалап колун шилтеди.
- Шайлоо бүгүн болбой калды. "Эртең болот, тарагыла" дейт, - деп Мамыт кыйкырды.
- Деле ырас болуптур. Биз көппүз деп маңдайда чиренип жатып алышпадыбы. Эртең көрөбүз, - деди Өскөндүн табасы кангандай.
Эл топ-топ болуп кайра өз-өз айылдарына тарай баштады. Шайлоого келген аялдар бирин бири карап капаланышып:
- Ай, азап! Азабың кургур, шайлоо болбой калган турбайбы! Эми кудайдын азабын жеп калтырап-титиреп эртең да келет турбайбызбы, - дешти.
Аялардын арасынан бирөө:
- Шайлоосунун өлүгүн көрөйүн! Мен келбейм-этпейм эле, - деди.
Булардын тараганын көрүп, эмне болор экен деп берки өйүздү карап турган маңдайкы эл да тарай баштады. Уполномочендер Мамыт менен бирге бастырып келип, Наймандын багынын жанындагы бир үйгө түштү, чай ичип алышып, күн баткандан кийин Токмокту көздөй жөнөштү.

- Э, ботом, булар кайда барат, конушпайбы? - деп конок жайын жеп жүргөн Өскөн Мамыттан сурады.
- Билбейм, Токмокко барып келебиз дейт го - деди Мамыт.
- Э, мейли, өзүлөрүнчө жумуш бардыр, - деди Өскөн.
Бүгүнкү элдин эки бөлөк жыйылышы кимдин кай жакта экенин ачык көрсөттү. Акчаны көбүрөөк сарп кылгандыктан чымыр жагы калдайып оодугураак көрүндү. Ошондуктан бүгүн түн бою элди өз жагына тартууга Мамыт жагы да аянбай киришүүгө убадалашты. Төртүнчү айылдын көпчүлүгү Таштанды ээрчип, Чымыр тарабына ооп кеткен экен. Ошон үчүн Керимкул менен Асанбекке жолдош болуп, үчүнчү айылдан Мамыр менен Жусуп кошулуп, түн бою кыдырып отуз чакты түтүндү бузуп, Мамыт жагына оодарышты. Булардын түн катып түтүн бузуп жүргөнүн туюп, Таштан беш-алты кишини аттантып, аларды издетип таптыра албады. Таптырганда, тигилерди өлтүрмөк же аябай кордоп салмак эле. Ошо түнү Чойбекке "Чертикилер бузулду, бир нече түтүнү Чымыр жагына

кеткен жатат" деген кабар келди.
- Кокуй, Мамырга чапкыла! Барып Чертикилерди токтотуп, айылын бүт тоссун! Эртең шайлоо болгондо шерменде болбойлу, - деп Чойбек Чертикинин билерман аткаминери Мамырга киши чаптырды. Ал кабарды алгандан кийин Мамыр дагы эки-үч киши менен Чертикилерге келип, болгон аңгемени текшерип көрсө, Мамыттын берген акчасынан Чертикинин он үйүнө элүү сом тийген экен. Ал элүү сомду бөлүштүрчү Ысман деген жигит ар кайсы бирөөлөрүнө берип, кайсы бир маңы жапыстарды куру калтырыптыр. Буга акча албагандардын ачуусу келип, биз Чымыр жагына кетебиз деп алардын кишилери менен сүйлөшүп, акча алганы жаткан экен.
Чертики уруусунун билерманы Мамыр дагы эки-үч кадыр-барктуу уруулашы менен бирге ары айтса да, бери айтса да, тигил Чымыр жагына ооп кеткени тургандар ал ниетинен айныган жок. Мамыр менен анын шериктери тигилерге туугандык ынтымак деген, бата-куран деген барын эскертип, атүгүл бир чети эркелетип, бир чети коркутуп минтип айтышты: "Эгер көнбөсөңөр, Чертики экиге ажыраптыр дедиртип элге шерменде болгондон гөрө силерди ушул жерде эле мууздап таштайбыз!"
Чымыр тарапка ооганы жаткандарга Мамыттын акчасынан үлөштүрүлдү. Алар тууганчылыктан да кечип кете алышпады. Акыры Чертики уруусунун баары Мамыт жагында калмай болду.
Бул өңдүү бир тараптан экинчи тарапка ойт берип өтө качуу, ушундан улам ич ара талашып-тартышуу, араздашуу, чатакташуу ошол түнү айыл-айылдардын баарында болуп, эртеси да уланды.
***

Шайлоо болбой турганын айткан уполномочендер бастырып келип чай ичүүгө түшкөндө, Садык да үйлөрүн көздөй кетип бараткан эл менен бирге бастырып үйүнө келген. Эл арасындагы манаптар аркылуу уюштурулган жыйналыштар, баталар, түтүн тартуулар жөнүндө ал Усубаалы менен Чодон аркылуу кабардар эле.
Садык жыйырма бир жаштагы жаш жигит. Эл арасын көп аралап, элдин шартын көп түшүнө элек. Ташкентте окуган кезинде Совет өкмөтү жумушчу менен дыйкандын өкмөтү экенине көңүлү толук уюгандыктан, манаптардын кедейлерди кандай эзгенин элден угуп, бир четин өзү да көрүп калгандыктан манаптардын бийлигинин али да болсо айылда жүрүп жатканын көрүп, анын кыжыры кайнайт, бирок бирдеме кыларга таянычы жок. Себеби Токмокто болсун, уездде болсун ошол кездеги кыргыздан чыккан өкмөтчүлөрдүн кээ бирөөлөрү манаптар менен байланышта болуп, ошолордун сөзүн сүйлөйт. Муну окуудан адеп келген кезде түшүнбөсө да, кийинчерээк түшүнүп калган. Уезддеги өкмөтчүлөрдү сыртынан таанса, өзүлөрү менен тааныштыгы жок. Токмоктогуларды анча-мынча тааныйт. Бирок алар Садыкты "ыкка кирбеген кыйкырчаак бала" деп коюшат. Садыктын ойлогон ою - колдон келсе болушту кедейлердин бирөөнөн шайлатып, манаптардын артынан түшүп, аларга запкы көрсөтүү; Совет бийлигинин закондорун ишке ашырып, кедейлердин үстөмдүгүн жүргүзүү.
Эртеси, 29-декабрда, шайлоо уполномочендери качан келер экен деп көпчүлүк ар кайсы жерге жыйналышып, кулактарын түрүп, Токмок жакты карап жүрүштү. Бешим ченде Токмок жактан үч-төрт киши чаап келишти да, уполномочендердин келатканын айтышты. Ошол эле замат Чодон Садыкты көздөй чапты. Садык да үйүндө жатып эригип, эмне кабар бар экен билейинчи деп эми гана аттанып чыгып келаткан экен. Чодон экөө орто жолдон жолугушту. "Келатат" деген кабарды уккандан кийин Садык да чү коюп, Чодонду

ээрчитип жөнөдү.
Чоң жолго жакындаганда Садык менен Чодон Токмок жактан 3-4 атчандын келатканын көрүштү. Атчандар Ыбырайымдын тамынын жанында топтолгон кишилерди көздөй бурулушту. Алар Ыбырайымдын тамына жетер менен аттарынан түшүрүлүп, үйгө киргизилди.
Келгендердин бирөө округдук ревкомдун төрагасы Смаилов, экинчиси округдук акча (финансы) бөлүмүнүн башчысы Артемов эле. Шоро элинде жаатчылык күч алып, шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө мүмкүн болбой атканын бул округдун кечээ биерге келип кеткен уполномочендеринен угушкан. Алар Токмок болушундагы шайлоонун жүрүшүн текшерүү үчүн келгендиктен чыр-чатактуу айылдык Советте шайлоону өзүбүз өткөрөлү деп келип калышкан эле.

Садык Ыбырайымдын тамына жетээр менен атын Чодонго берип, үйгө кирип, Смаилов, Артемов экөө менен учурашып, капшыт жакка отурду да, үйдөгүлөрдүн сөзүнө кулак салды.
- Батрак секциясынын председатели барбы? - деди Смаилов отургандарга карап.
- Бар, чакыргыла, эшикте турат, - деди Садык.
Үйдөгүлөрдүн бирөө эшикке чыгып табыштады:
- Ой, Чодон, үйгө кир, сени өкмөтчүлөр чакырып атат.
Чодон аттарды байлаштырып коюп эшиктегилер менен бирдемелерди сүйлөшүп турган экен. "Чакырып атат" дегенди угаары менен эле шашылыш үйгө кирди.
Үйдө отургандардын бирөө Артемовго орусча бирдеме айтып жаткан Смаиловго карап:
- Мына, батрактын башчысы, - деди.
- Кел бери, мындай жакын отур, - деп Смаилов сөөмөйү менен Чодонго шырдактын үстүн көрсөттү. Чодон шырдакка отургандан кийин андан сурады:
- Сен кайсы уруудансың?
- Букара, саякмын...
- Букарадан деле байлар, эл жегич жуткучтар чыгат. Эмне оокатың бар?
- Кара башым, катыным бар, экөөбүздөн башка итим да жок.
- Эче жыл малай жүрдүң?
- Туулгандан бери эле малаймын.
- Бешиктеги кезиңде эле малай белең?
- Жо-ок, чоңоюп, жумушка жарагандан кийин болдук го, - деп күлүмсүрөдү Чодон.
- Азыр деле малайсыңбы?
- Жо-ок, Совет чыккандан бери кутулдук го, - деп Чодон эки жагын карады.
- Бул өзү өмүрүндө жарыган эмес. Анык эзилген батрак. Көрбөйсүзбү, өзүнүн өңү-түсү деле айтып турбайбы? - деди үйдө отургандардын бирөө.
Чынында эле Чодондун өңүн көргөн киши бул өмүрүндө жарыган киши эмес деп айта турган эле.
- Эче жыл малай болгонуңду билбейсиңби?

- Ким билет эче жыл болгонун? Айтор, бала кезимен бери эле малай болуп келатам. Байлардын коюн кайтарып, кара жумушун кылып жүрдүм. Андан кийин кулакта жети-сегиз жыл жүрүп калдым. Мына бу төңкөрүштөн кийин эркиндикке чыгып, эшиктеги күрөң атка ээ болуп, өзүмчө оокат кыла баштадым.
- "Малым жок" дебедиң беле, атың бар турбайбы?

- Аны өкмөт берген.
- Өкмөт берсе деле өзүңдүкү да.
- И-ии, өзүбүздүкү болот го.
- Качантан бери батрак секциясына башчысың?
- Эгин ороктон бери сексия болдум.
- Батрак секциясында канча батрак бар, - спискаң барбы?
- Адегенде кырк-элүү болгон, исписке бар го, - деп бошураак айтты Чодон.
- Кайда, алып кел тизмеңди.
- Жанымда жок эле. Секретарда.
- Азыр тизмеңди бизге алып кел да, батрактарыңды, кабар кылып, чогулт! - деп Смаилов Чодонго тапшырма берди да, отургандарга карады.
- Комячейка ким? Кайда?
Эшик жакта отурган кишилердин арасынан эски кызыл көрпө тебетей кийген, кара таар чепкенчен, узун бойлуу, чап жаак кара киши:
- Менмин! - деп ордунан тура калды. Бул комячейканын секретары Шермат эле.
- Канча коммунист бар? - деп сурады Смаилов.

- Алтоо, мында Садык жүрөт, муну кошсок жетөө болот го.
- Эмесе, коммунисттерди азыр жыйнагыла!
Аңгыча Мамыт туруп айтып жиберди:
- Күн кеч болуп калды. Бүгүн шайлоо болбойт го. Каммунистерди сиздердин коно турган жериңиздерге жыйнасак кантет?
- Мейли, деги батыраак жыйнагыла, - деди Смаилов.
- Бул кишилерди кайда кондурабыз? Бозүй болбойт го. Ысык үйгө алып баруу керек. Мобу Айдаркулдун тамы кандай? - деди Мамыт.
- Ооба, андан башка жакын арада там жок, ошол эле оң, - деди отургандардын бири.
- Эмесе чай-пай ичкенден кийин ошондойлоп баралы. Сен, Шермат, коммунисттериңди жый, сен, Чодон, батрактарыңды жый, тургула эми, - деп Мамыт ордунан турду.
Үйдөгү олтургандардын баары козголуп туруп, эшикке чыгышты.
Садык элдин артында калып, ордунан туруп баратып:
- Бул эл чатак. Баарын кылып жаткан бай-манаптар. Ошону сиздерге бир аз түшүндүрсөм болоор эле, - деп Смаиловго карады.
- Аны коммунисттер менен батрактардын жыйналышында сүйлөшөбүз. Коммунист менен батрактарды жыйнап, алардын тизмесин алып келгиле, - деди Смаилов.
Садык эшикке чыгып, Чодонду оолактатып алып, тизмени сурады. Смаиловдун алдында "бар"дегени менен, тизменин кайда экенин Чодон өзү да билбейт экен.
- Башында бир тизме түзүлдү эле, аны кимге бергеним эсимде жок. Жоголсо керек. Кудай урду, эми кантем? - деп Чодон алактады.
- Чилен болгон батрактарды билесиңби, ким чилен экени эсиңде барбы?
- Билем өзүбүздүн айылдагыларды. Башка айылдагыларды толук биле албайм го кудай уруп, - деди Чодон.
- Андай болсо, жүр, атыңа мин.
Садык Чодонду жана ар кайсы айылдын ишенимдүү батрактарынын көзгө көрүнгөндөрүн, дагы беш-алты кишини алып жогору көздөй бастырды. Эки чакырым чамалуу баргандан кийин алар эски бир чоң коргондун жанындагы эки бозүйдүн бирөөнө түштү. Садык Чодонду жанына отургузуп, колу менен анын санын ныкып койду да, "Союзкошчунун"

секретарынын куржунунан книгелерди алдырды, бир книгенин эскирээк актай барагын айрып алды.

- Мурунку тизме абдан эскирип калыптыр, муну өкмөтчүлөр көрсө, Чодондун сазайын берет. Андан көрө мобу кагазга көчүрүп жаза коелу, - деп Садык Чодонду баш кылып өзү билген батрактарды жаза баштады. Жыйырма чакты кишинин аты-жөнүн жазгандан кийин тиги келген кишилерден сурап эске түшүрүп, ишенимдүү кырк беш кедейден турган тизмени түзүп бүтүрдү.
Отургандардын ичинен "Союз кошчунун" секретары чыгып:
- Ойлоп отуруп эле жазып койдук, кийин чыр чыгып жүрбөсүн кудай уруп? - деди Садыкка карап.
- Эмне үчүн чыр чыгат? Шоро боюнча ушу кишилерден башка батрак деле жок. Манапка куйрук болуп алып, батрак тизмесине киргендер болсо, андайларды тизмеден өчүрүү керек, өкмөткө чыныгы батрак керек, куйрук, атка минерлердин кереги жок, андан сен коркпой эле кой. Чодон жообун өзү берет, - деди Садык. Анан ал кагазды эскиртүү үчүн бетине кургак топуракты майдалап себелеп, тоголоктоп туруп, акырын-акырын ушалап, кайра жазып топурагын төгүп, калган чаңын сөөмөйү менен чертип үйлөп учурду, кагаздын бетин алаканы менен сылап, чаң жукканын билгизбей койду.
Чынында да бул ойлоп отуруп гана жазылган тизме болду. Мурунку тизмедегилердин көбү буга кирбей калды. Аларды Садык атайы киргизген жок. Себеби мурун батрак болсо да, кийин оокаттанып айылаткаминерлерине айланган кишилер мурунку тизмеде бар болучу. Алар манаптардын тилинен чыкпай, кыл дегенин кыла турган кишилер эле. Азыркы тизмеге киргендердин Чодондон башкалары ушу кезде байларда малай жүргөн, эл арасына аралашпаган батрактары эле.
Тизмени Чодондун колуна берип, Садык ордунан турду. Анан баары топурап эшикке чыгып, аттарына минип, шайлоо уполномочендерин көздөй жөнөштү.

**XI**
Күүгүм кирип калды. Садык жолдоштору менен бастырып келе жатып үстүнө тегерете бастырма салынып, чөп үйүлгөн жапызыраак коргондун жанындагы кичинекей там үй жактан бакылдаган элдин үнүн угуп, ошо жакка бура тартышты. Короосуна карараак кичинекей бозүй тигилген бул там уполномочендер конууга келген Айдаркулдун тамы болучу. Эшикте бакылдашып жаткан кишилер келген конокторго самоор коюп, кой союп, конок күткөндөр эле. Булардан башка "эмне болоор экен" деп бирин бири аңдыган эки тараптын кишилеринен тең бар.
Тамдан чыгып келаткан Мамыт барк этип кое берди:
- Ой, Садыксыңбы? Кокуй, түш батыраак, "коммунисттерди батыраак жыйнабайсыңбы!" деп жанагы узун кара болдомочун урушуп атат.
- Менден башкасынын баары келиштиби? - деди Садык.
- Баягы арбак урган алтынчынын Жумаалысы жок. Андан башкасы келди. Ага киши жибердим. Кадырдан акыл үйрөнүп жаткан го, теңир ургур!
Садык атынан түшүп, үйгө кирди. Алдыңкы үйдө ички үйдөгүлөрдүн сөзүн тыңшап, шыкаалап жүргөн беш-алты кишини көрүп:
- Ой, силер эмне шыкаалап жүрөсүңөр? Кыз-күйөө бар бекен? Өкмөтчүлөрдү көрө элексиңерби? Эшикке баргыла! Уят болот, - деди. Анан шыкаалагандарды эшикке чыгарып, өзү ички үйгө кирди. Ички үйдө Смаилов менен Артемовдон башка

комячейканын секретары Шермат баш болуп беш коммунист отурган экен.
Садык кирээри менен:
- Кел, Садык, быякка, - деп отургандар ылдый сыйлыгышып, Артемовдун жанынан орун беришти.
Аңгыча эшиктен Жумаалы энтеңдеп кирип келди.
- Кел, Жумаалы! Баятан бери жалгыз сени күтүп атабыз, - деп Шермат Жумаалыга акырая карады.
Жумаалы кылмышкер өңдөнүп унчукпай отура кетти. Смаилов коммунисттердин тизмесин колуна алып окуп, келгендердин ким экендиги менен таанышты да:
- Бул тизме боюнча алты коммунист, бул жерде жетөөңөр отурасыңар? - деди.
- Садык биздин учетко тура элек, - деди Шермат.
- Эмне үчүн?
- Менин учетум Токмокто, - деди Садык.
- Эмесе, сиз үчүнчү уполномочен экенсиз да, - деп мыскылдуу күлүмсүрөп Смаилов Садыкка карады.
- Ошондой го, - деди Садык жылмайып.
- Эмесе коммунисттердин жыйналышын ачыңыз, ишке киришели, - деди Смаилов.
-Эмесе, тынчтангыла. Шоро элинин комячейкасынын жыйналышы ачык, сөз жолдош болдомочунга берилет, - деди Шермат.
- Президиум, председатель шайласа керек, секретарь протокол жазса керек, - деди Артемов.
- Бирсүдүм мен эле болоюн, секретарь Садык болсун, каршы жокпу? - деп Шермат элди карады да, Артемовдон сурады. - Болдубу?
- Большинство билет, - деп Артемов колу менен отургандарды көрсөттү.
- И-ии, большинство! Эмне дейсиңер! - деп Шермат отургандарга карады.
- Туура, туура, - дешти.
- Раз туура, значит, болду, - деп Артемов ыраазы болуп отуруп калды.
- Эмесе, жолдоштор, аңгеме бул, - деп кабагын чытып сөзгө кирди Смаилов. - Элиңердин арасында жаатчылык эң күчөгөн. Келген уполномочендер шайлоону өткөрө албай кайра барышты. Коммунист деген жарды-жалчы менен орто дыйкандарын уюштуруп, бай-манаптарды кубалап, Совет өкмөтүнүн жол-жобосу менен шайлоону өткөрүүгө аракет кылуу керек. Силер тизгинди бай-манаптардын колуна берип койгон окшойсуңар. Мына ушунун аркасында бай менен манап илгерки адатын карматып, уруучулукка негизденип жатат уюштуруп, болуштук талашып жүргөн окшойт. Бул жарабаган иш. Кедей үчүн өтө зыяндуу. Мына ошондуктан мына бу коммунисттердин жыйналышында жакшылап сүйлөшүп, бирдикте болуп, айыл советинин составына кире турган кишилерди белгилегиле. Алар ата теги жагынан батрак, кедей, орто дыйкандардан болсун жана коммунист, комсомол, батрак секциясынын, "Союзкошчунун" мүчөлөрүнөн болсун. Бай-манаптар жана кедей болсо да, анын кулак куйруктары спискеге киргизилбесин, шайлоого укугу жоктордун спискеси түзүлгөнбү?
- Бар, түзүлгөн, андан башка айыл советине шайлануучу кишилердин да кандидатуралары көрсөтүлгөн чечим бар, - деди Садык.
- Ал списке кайда? Ким түзгөн?- деди Смаилов.
- Комячейканын жыйналышында, ушул отурган коммунисттер түзгөн, - деди Садык.
- Мына бу книгеде болоор, - депШермат бир книганы Садыкка сунду.
Садык книганы оодарып:

- Мына, ушул токтомдо, - деп кишилердин фамилиялары жазылган жерин сөөмөйү менен чукуп көрсөтүп книганы Смаиловго сунду.
Протоколду окуп көргөндөн кийин Смаилов:
- Жакшы, кырк беш кишини шайлоо укугунан ажыраткан экенсиңер, кырк кишини айыл советине мүчөлүккө көрсөткөн экенсиңер. Бул кишилерди баарыңар билесиңерби? - деп отургандарга карады.

Шермат менен Садык билерин айтышты. Коммунисттердин бир-экөөбү тизмелерге баягыда кимдер киргизилгенин унутуп калышканын айтып мостоюшту.
- Эмесе окуп бергин, - деп Смаилов книганы Садыкка берди.
Садык книганы алып, айыл советине көрсөтүлгөн кишилердин аттарын окуп чыкты.
- Уктуңарбы, билесиңерби буларды? - деди Смаилов.
- Билебиз, - дешти отургандар.
- Эмесе бул кырк киши жетишпейт. Шоро эли көп, ошондуктан айыл советинин составы элүү кишиден болуу керек. Эми дагы он кишини ушу жерден көрсөтүп, элүүгө жеткирип тактагыла, - деди Смаилов.
Мурунку тизмедеги кырк кишинин ичинде манаптар тарабынан болуштукка белгиленген Чымыр менен Мамыт жок эле. Отургандан тигини айтып, муну айтып отуруп, он кишини жаздырышты. Бул тизменин ичинде Чымыр менен Мамыт да бар эле. Тизме жазылып болгондон кийин Смаилов:
- Кана, жолдоштор! Мурунку кырк кишинин айыл советинин составына киришине каршылыгыңар жокпу? - деди.
Баары тең каршы эмесин билдирди.
- А бул жазылган жаңы он киши жөнүндө кандай дейсиңер? - деди.
- Мага уруксат этиңизчи? - деп Шермат колун көтөрдү эле:
- Сен председатель, сеники сүйлөсө керек, разрешение керек жок,- деди Артемов кыргызчалап.
-Эмесе мобу Чымыр деп көрсөтүлгөн киши өзү бай киши. Анын үстүнө манаптар аны болуш кылабыз деп баталашып отурат. Мен андай бай-манап жана алардын куйруктары тизмеге кирбесе экен дейм.
- Анда Мамытты эмне үчүн көрсөтөсүңөр? Ал манап эмес бекен? Анык манап ошол. Чымыр букара, - деди Жумаалы.
-Туура айтат, ошол испискеден өчүрүлсүн, эки жылдан бери болуш болгону да жетээр. Ал ата-бабасынан бери эл жеген манаптын тукуму, - деп бирөө чыкты. Аны дагы бирөө кубаттады.
- Манап тукумунан болгону менен Мамыт кедей, жалгыз атынан башка эчтемеси жок, - деп Мамытты жактап дагы бир коммунист чыкты.
Ошентип, бул эки кандидатура жөнүндө бир кыйла кызуу талаштар болду. Бул жыйналышта отурган алты коммунист үч-үчтөн экиге бөлүндү. Бир бөлүгү Чымырды жактап, бир бөлүгү Мамытты жактады. Талашуу өтө кызып келген кезде Садык туруп:
- Мына, көрдүңүзбү? Сиздин коммунисттер тизгинди манаптарга алдырып жиберген дегениңиз туура. Булар эшиктеги жүргөн манаптардын сөзүн сүйлөп отурушат. Кулагыңызды салып тыңшаңызчы. Эшикте ушу кезде кеминде жүздөй киши эмне болор экен деп тыңшап жүрүшөт. Менин оюмча, манаптардын оозуна таш катыруу керек. Чымырды да, Мамытты да испискеден өчүрүп, алардын ордуна кедейлерден киргизели. Болушту мына бу отурган Жангазыны кылалы, - деп отуздарга жакындап калган эски сары

тончон, сары чийкил жигитти колун сунуп сөөмөйү менен көрсөттү. - Мунун уруусу манап, бирок уруусу манап болгону менен өзү кедей, минерге аты жок. Кызыл аскерде үч жыл жүрүп басмачыны жоготушкан. 1919-жылдан бери коммунист. Манапка каршы, бирок чамасы жок, орунбасарлыгына батрак секциясынын башчысы Чодонду, секретарына Эсенгулду көрсөтүү керек. Мына ушул кишилер гана ылайыктуу. Садыктын сөзүн уккандан кийин коммунисттердин баары унчукпай отуруп калышты.

- И-ии, бу Садыктын такилибин кандай дейсиңер? - деп Смаилов отургандарга карады. Отургандардын биринен да үн чыккан жок.
- Ну! Айтса керек. Вот товарищ предложение кылды. Тура эмеспи, айтса керек, - деп Артемов Шерматка карады.
- Туура! Манаптардын атасынын көрү. Ушул экөөн болушка көрсөтөбүз деп алар элди эки жакка бөлүп жүрбөйбү. Мен ушу Садыкка кошулам, - деди Шермат.
- Мени болуштукка көрсөтүп атасыңар, билесиңер. Мен болсом, болбосом да, Садык менен Шерматтын бай-манап жөнүндө айтканы туура! Мен ушуларга кошулам, - деди Жангазы.
- Мен да ушуларга кошулам. Садыктын айтканы туптуура. Мамытты биздин жактагылар болуш кылабыз деп жүрүшөт, эки жылдан бери болуш болуп келди. Манап менен эле байдын сөзүн сүйлөйт. Чымырды болсо тиги тараптагылар болуш кылабыз деп жатат. Ал букара болгону менен бай Кадырдын сөзүнөн чыкпайт. Ал болуш болду дегенче, Кадыр болду деш керек. Мына бу көрсөтүлгөн Жангазы болууга ылайык, - деп жупуну кийинген, чикилдеген жашы кырктарга барган кара киши сүйлөдү. Бул биринчи айылдын коммунисти Сейит эле.
- И-ии, деги кимде кандай пикир бар? - деп Смаилов сүйлөбөй отурган үчөөнө карады эле, алар бири бирин карап үн чыгара алышпады.
- Ну, что, айтса керек, - деп Артемов аларды шаштырды.
Таноосун кыпчып сүйлөгөн кара чаар арык киши туруп:
- Жангазыны көрсөтүп атат Садык. Бул туура эмес. Жангазынын чоң атасы Төлөгөн ажы деген бай, соодагер болгон киши. Агасы Ыбрайым деген дагы ажы, эл бийлеген манап, өзүлөрүнүн сөөгү нукур манап. Бул туура келбейт. Чымыр болсо тукуму букара, бай эмес, элүү-алтымыш кою бар. Анча мал азыр кимде жок Чымырды чыгарып таштышып отурушат. Биз буга кошула албайбыз, - деди.
- "Биз" деп сен кимди өзүңө кошуп айтып отурасың? - деди Смаилов.
- Мына булар, өзүлөрү да айтсын, - деп чаар киши унчукпай отурган экөөнө карады.
- Ушунуку туура, биз ушуга кошулабыз, - деп тиги экөө тең айтышты.
Тышта котолошуп, терезеден, эшиктен шыкаалашып жүргөн тиги тараптын да, бу тараптын да кишилери бар.
Эт алда качан бышкан экен. Бирок тамакты жыйналыш тарап, бир жаңсыл болгондо беребиз деп Мамыт токтоттуруп койгон.
Ушинтип коммунисттер үч-үчтөн эки жаат болуп, бири Чымырдын таламын талашып, экинчиси Жангазынын таламын талашып, Смаилов менен Артемовдун айткан сөздөрүнө да кулак салбай таңаткыча отурушту. Ошол кезге чейин тыштагылар да жатпай кобурап жүрүштү.
Экиге бөлүнгөн алты коммунисттин пикирин бириктире албай жадаган Смаилов:
- Эмесе эртең сүйлөшөлү, бирок күн чыга электе баарың келгиле! - деп жамбаштап кыйшайды. Смаилов, Артемов жана Садык болушуп ошол үйдө жатып калышты.

Баятан бери котолоп жүргөн элдин Чымыр жагындагылары кетишкен экен.
Уполномочендердин үстүнөн чыгышып, Мамыт менен Шермат бозүйдөгү отурган аксакалдардын үстүнө киришти. Үйдө айыл аксакалдары менен аткаминерлери кеңешип туруп тарайлы деп Мамытты күтүп отурушкан эле. Шермат кирип келээри менен эле Өскөн:
- Шеке, бул эмне, батаны бузду деп Найманды тилдеп жүрсөк, эми силер буздуңарбы? Жангазыны болуш кылабыз дегениңер эмне? Жангазы өзү деле болбойт. Мунуңарды койгула, - деди.
Шермат уполномочендердин кедей жагына катуу экендигин айтты, Садык каршы чыккандан кийин, Мамыт менен Чымырдын шайланбай турганына көздөрү жетип, амалы жоктуктан Садыкка кошулганын айтты.
- Эчтеке эмес, иши кылып өз тарабыбыздан болсо болду. Намыс керек. Жангазы болсо менин болгонум, - деди Мамыт.
- Туура, Мамытты шайлабаса, айла барбы? Ошол оң, ырас кылышыптыр, - деп бир тобу кубатташты.
- Ошо Садыкты кубаттай бериш керек. Мамыт болор же Жангазы болор, иши кылып намыс колго тийсе болду,- деди Осмон.
Бир аз сүйлөшүп отургандан кийин алар элди эртең толук чогултмакчы болуп тарашты. Таң сүрүп калды.
Чымыр жагындагылар да ошол айылда жүрүштү. Себеби айыл экиге бөлүнгөн эле. Жумаалы жана анын жанындагы коммунисттер жыйланыштан кийин туура эле Наймандын үйүнө барышты. Кадыр, Таштан, Өмүр болушуп буларды Наймандын үйүндө күтүп отурушкан эле.
Булар барып, болгон аңгемени түшүндүргөндөн кийин мурун да шыкаалап жүрүп уккан кишилерден чала-була кабар алып ачуусу келип отурган эмелер "ай, иттин баласы, бузган экен ээ" деп Садыкка ызырынышты.
Эми булар да элдин баарын жакшылап чогултуу керек, биз көптүк кылаарбыз деп добуш берүүгө укугу барларды, толук чогултууга аракет кылмак болушту.
Улагада отурган сары жигит:
- Ушундай кыла бере турган болсо, Садыкты жөн эле жайлап ташташ керек, - деди.
- Ал итти жайламак эмне, бир эле бычак салынат, анын кунун ким кууйт дейсиң, - деп Ыбрай туурадан чыкты.
- Колуңардан келсе, унчукпай эле жайлай бербейсиңерби. Аны кимге жарыялайсыңар,- деп Таштан тигилерди көздөй акырая карады.
Ушуну менен бул үйдө конуучулардан башкалары өз айылдарына кетишти.
Таң сүрүп, жерге жарык кире баштады.